Co-funded by the European Union
При поддержке Европейского Союза

IPHR International Partnership for Human Rights

Юристы за права человека

ЖАРАНДЫК КООМДУН
СОТ АДИЛЕТТИГИ СЕКТОРУНА
МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА
УЛУТТУК ТҮЙҮНҮ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

Төйрөө: Кылмыш-жаза сот адилеттигинин алкагында аялдардын укуктарынын сакталышы

Бишкек
2025

Бул аналитикалык отчет Кыргызстанда кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүү боюнча «Акыйкат кареги» Улуттук түйүнүнүн мүчөсү тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде Адам укуктары үчүн эл аралык өнөктөштүк уюму (IPHR) жана «Юристтер адам укуктары үчүн» коомдук фонду (LHR) менен биргеликте ишке ашырылып жаткан долбоордун алкагында Европа Биримдигинин колдоосу астында даярдалды.

Отчет долбоордун алкагында[1] белгилүү эл аралык жана улуттук эксперттер тарабынан иштелип чыккан кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүүнүн комплекстүү Усулдамасына ылайык «Кылмыш-жаза сот адилеттигинин алкагында аялдардын укуктарынын сакталышы» деген өзөктүү теманы камтыйт. Бул «Акыйкат карегинин» мүчөлөрү жаңы Усулдаманы колдонуп жана долбоордун эксперттеринин колдоо көрсөтүүсүнө ылайык мониторинг жүргүзүүсүнүн негизинде даярдаган аналитикалык отчеттор сериясынын бир бөлүгү болуп эсептелет.

Бул басылма Европа Биримдигинин каржылык колдоосу астында даярдалды. Бул басылманын мазмуну Адам укуктары боюнча эл аралык Өнөктөштүктүн жана «Юристтер адам укугу үчүн» КФ жоопкерчилигинин предмети болуп эсептелет жана Европа Биримдигинин көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

[1] Усулдама (орус жана кыргыз тилдеринде) кийинки дарек боюнча жеткиликтүү: https://iphronline.org/articles/new-methodology-for-.monitoring-the-criminal-justice-sector-developed/

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 3
КЫСКАРТУУЛАР 7
НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР 8
УСУЛДАМА 23
БАА БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ 27
1-чөйрө. Кылмыш-жаза саясаты 27
5-чөйрө. Юридикалык жардам 35
6-чөйрө. Сотко чейинки этап 52
8-ЧӨЙРӨ – КЫЛМЫШ-ЖАЗА АТКАРУУ ТУТУМУ 60
ЧӨЙРӨГӨ БАА БЕРҮҮ 96
КОРУТУНДУ 105

КИРИШҮҮ

2024-жылы «Өнүгүү үчүн Аялдар Банкы» КФ тарабынан Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы аялдардын абалын изилдөөгө багытталган мониторинг жүргүзүлгөн. Бул мониторингдин негизги максаты, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында аялдардын укуктарынын сакталышына баалоо жүргүзүү, ошондой эле алар туш болуп жаткан учурдагы чакырыктарды жана тоскоолдуктарды аныктоо болуп эсептелет.

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасы жазаларды гумандаштырууга жана пробациянын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө басым жасоо менен кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумун жакшыртуу боюнча реформаны илгерилетип келе жатат. Бирок камакта отурган жана пробациялык көзөмөлдө турган аялдар өзгөчө социалдык жана укуктук көйгөйлөргө, ошондой эле укуктарынын бузулушуна дагы эле туш болгон учурлар уланып жатат. Алар көп учурда экономикалык туруксуздуктан дагы, ошондой эле коомдогу кысымга алуудан улам дагы аярлуу абалда болушат. Ошондуктан аялдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана аялдардын арасындагы кылмыштуулуктун рецидивин алдын алуу максатында, алардын укуктарына мониторинг жүргүзүү, сот адилеттигинин учурдагы механизмдеринин натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүү жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу өтө маанилүү болуп эсептелет.

Теманын контексти жана актуалдуулугу: Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот адилеттигинин чөйрөсүнө тартылган адамдардын басымдуу бөлүгүн азыркыга чейин деле эркектер түзгөнү менен, акыркы бир нече жыл ичинде аялдардын үлүшү 17%дан 19%га чейинки деңгээлде дээрлик өзгөрүүсүз калууда. Азыркы учурда 5000 ден ашуун аялдар абактарда, эркиндигинен ажыратуучу жайларда, пробациялык көзөмөлдө болушууда, же болбосо жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулган. Мыйзам менен чатагы бар ЛГБТ жамаатына байланыштуу кырдаалды идентификациялоо кыйла көйгөйлүү бойдон калууда.

Кылмыш-жаза сот адилеттигинин саясаты, иш тажрыйбасы жана стратегиясы тарыхый жактан эркектерге багытталган жана аялдарга карата болсо, алардын өзгөчө муктаждыктарын эске албастан колдонулуп келген. Гендердик жактан нейтралдуу ыкмалар – эгерде алар фактыларга негизделген болсо, эркектер үчүн дагы, ошондой эле аялдар үчүн дагы рецидивизмди төмөндөтүүдө натыйжалуу болушу мүмкүн экендиги фактысы талашсыз. Ошол эле учурда, чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумун жакшыртуудагы гендердик жактан багытталган ыкмалар өзгөчө гендердик идентүүлүгүлүктөгү аялдар үчүн кыйла мыкты жыйынтыктарга алып келүүдө. Гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алган саясат, тажрыйбалар жана программалар кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы укук бузуулар боюнча өзүнүн тарыхы, өзүнүн жолу бар. Кыргыз Республикасында адам укуктарын сактоо боюнча бир катар уюмдардын изилдөөлөрү, мыйзам менен чатагы бар аялдар аларды эркектердин тажрыйбасынан айырмалап турган көптөгөн спецификалуу чакырыктарга кабылып жатышат деп айтууга жол берет. Бул чакырыктарды түшүнүү жана натыйжалуу чечимдерди иштеп чыгуу терең анатиликалык ишмердүүлүктү жана учурдагы укуктук жана социалдык тутумдарды кылдат өздөштүрүүнү талап кылат.

Бул чөйрөдө изилдөөлөрдү жүргүзүү спецификалуу гендердик сезимтал тоскоолдуктарды таануу, кыйла натыйжалуу кылмыш-жаза саясатын иштеп чыгуу, кылмыш-жаза сот адилеттигинин ачык-айкындуулугун жана адилеттүүлүгүн жогорулатуу, маалыматтуулукту жогорулатуу жана коомдогу аялдарды кысымга алган, басынткан көз караштарды өзгөртүү үчүн чоң мааниге ээ.

Мониторниг жүргүзүүнүн максаты болуп эсептелет: гендердик жактан сезимтал тоскоолдуктарды аныктоо, аялдардын укуктарын коргоого багытталган саясатты жана тажрыйбаны жакшыртуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу жана алардын укуктарынын сакталышына баа берүү жана аларды коомдо кысымга алуунун деңгээлин төмөндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы соттолгон аялдардын абалына баа берүү.

Мониторингдин милдеттери:

1. Эркиндигинен ажыратуучу жайлардагы жана пробациялык көзөмөлдөгү соттолгон аялдардын укуктарынын эл аралык стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга ылайык сакталышына талдоо жүргүзүү.
2. Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы аялдар кабылып жатышкан гендердик жактан өзгөчө сезимтал тоскоолдуктарды, анын ичинде социалдык, экономикалык жана укуктук аспектилерди аныктоо.
3. Соттолгон аялдардын стигматизациялануусунун жана алардын коомго реинтеграциялануусунун деңгээлин изилдөө.
4. Пробациянын учурда иштеп жаткан программаларынын жана аялдарга карата жазаларды гуманизациялоого багытталган иш тажрыйбаларынын натыйжалуулугуна баа берүү.
5. Кылмыш-жаза тутумундагы саясатты жана тажрыйбаларды гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу.

Мониторинг жүргүзүүнүн усулдамасы кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы соттолгон аялдардын абалын изилдөөгө комплекстүү мамиле жасады. Муну үчүн көрсөткүчтөрдү чогултуунун сандык дагы, ошондой эле сапаттык дагы усулдары колдонулду: укуктук талдоо жүргүзүү, жарым түзүмдөштүрүлгөн анкетирлөө, ошондой эле негизги көрсөткүчтөр боюнча талдоо жүргүзүүлөрдү камтыган башка изилдөөлөрдөгү маалыматтарды изилдөө жана жалпылаштыруу.

Тандалманын репрезентативдүүлүгүн жана тууралыгын камсыз кылуу максатында анын түзүлүү процесси кылмыш-жаза тутумунун ар кандай аспектилерин, анын ичинде эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгон аялдардын укуктарын сактоону камтый тургандай уюштурулган. Алардын спецификалуу муктаждыктарына терең талдоо жүргүзүү жана гендердик жактан сезимтал тосколдуктарды аныктоо үчүн башка аярлуу категорияларды дагы камтууга өзгөчө көңүл бурулду.

Талдоо жүргүзүүнүн аралаш усулу учурдагы кырдаал боюнча ара тараптуу көз карашка ээ болууга жол ачты:

- Укуктук талдоо жүргүзүү улуттук мыйзамдардын эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүнө баа берүү үчүн колдонулду.

- Статистикалык талдоо жүргүзүү анкетирлөөнүн көрсөткүчтөрүн жана мамлекеттик органдарга жиберилген суроо-талаптардын жоопторун кайра иштетүүгө багытталган.
- Сапаттуу талдоо жүргүзүү мыйзам менен чатагы бар аялдардын көйгөйлөрүн тереңден түшүнүүнү камсыз кылуу үчүн маектешүүчүлөрдүн жыйынтыктарын интерпретациялоону камтыды.
- Документтерге контенттик талдоо жүргүзүү колдо бар стратегиялардын жана тажрыйбалардын натыйжалуулугуна баа берүүгө жол ачты.

Отчеттун түзүмү:

Отчет кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунун негизги аспектилерин камтып турган бир нече чөйрөлөрдөн жана бөлүмдөрдөн турат.

1-чөйрө кылмыш-жаза саясатына арналган. «Кылмыш-жаза кодексинин принциптери жана аларды колдонуу» бөлүмүндө Кылмыш-жаза кодексинде белгиленген кылмыш-жаза укугунун гендердик аспектилерине талдоо жүргүзүлөт.

5-чөйрө юридикалык жардам көрсөтүү көйгөйлөрүнө арналган. «Юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү» бөлүмүндө мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын өзгөчө мыйзам менен чатагы бар аялдар үчүн жеткиликтүүлүгүнө баа берилди.

6-чөйрө кылмыш-жаза өндүрүшүнүн сотко чейинки этабын карап чыгат. «Мыйзамдуулукту жана сотко чейинки өндүрүштүн катышуучуларынын укуктарын сактоо» бөлүмүндө адвокаттын жеткиликтүүлүгү, которулуу укугуна ээ болуу жана мажбурлоодон коргонуу сыяктуу шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын укуктарын сактоонун гендердик сезимтал аспектилери талдоого алынат.

8-чөйрө кылмыш-жаза аткаруу тутумуна багытталган. «Кылмыш-жаза аткаруу туумунун жалпы кепилдиктери жана функционалдашуу шарттары» бөлүмүндө аялдар бошотондукка чыккандан кийин аларды кайра социалдаштыруу жана коомго аралаштыруу боюнча учурда иштеп жаткан программалары каралып чыгат, тоскоолдуктар аныкталат жана жеңүүнүн жолдору сунушталат. «Эркиндигинен ажыратылган адамдардын укуктарын сактоонун кепилдиктери» бөлүмү аялдарды эркиндигинен ажыратуу жайларында сактоонун шарттарына, анын ичинен санитардык-гигиеналык ченемдерге, тамакаш менен камсыз кылууга жана медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө баа берүүгө арналган. «Тартиптик жаза-чаралары» бөлүмүндө тартиптик жаза чараларын колдонуунун принциптери жана чаралары, алардын эл аралык стандарттарга шайкештиги каралып чыгат.

«Аярлуу топтор үчүн кошумча кепилдиктер» бөлүмү эркиндигинен ажыратуу жайларындагы аялдардын жана ЛГБТ адамдардын спецификалуу муктаждыктарына негизги көңүлдү бурат.

Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары кылмыш-жаза мыйзамдарын жана укук колдонуу тажрыйбасын андан ары жеткиликтүү кылып жакшыртуу үчүн, ошондой эле кылмыш-жаза саясатын калыптандырууда мамлекеттик органдар тарабынан натыйжалуу чечимдердин кабыл алынышы үчүн колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөдөгү чектөөлөр: мониторингдин жүрүшүндө мамлекеттик органдар тарабынан изилдөө үчүн зарыл мамлекеттик укуктук статистиканы жана суроо-талаптарга жооп берүү беүү байкалды. Жалпысынан, мониторингди жүргүзүүдө мамлекеттик органдардын кызыкчылыгы төмөн экендигин көрсөтүштү. Ошондой эле ачык булактарда, анын ичинде Улуттук статистикалык комитеттин расмий сайтында статистикалык көрсөткүчтөрдүн жоктугу байкалды. Мындан сырткары, бул темага арналган илимий иштер жана изилдөөлөр жокко эсе болду, бул терең талдоо жүргүзү2нү жана коркутундуларды негиздөөнү олуттуу түрдө татаалдатты.

Ыраазычылыктар: «Өнүгүү үчүн Аялдар Банкы» КФ мониторинг жүргүзүүнү ийгиликтүү ишке ашырууга кошкон салымы жана техникалык колдоо көрсөткөндүгү үчүн Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борборго, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Пробация департаментине, Акыйкат Кареги улуттук түйүнүнө, Адам укуктары боюнча Эл аралык өнөктөштүккө (IPHR), «Юристтер адам укугу үчүн» КФ терең ыраазычылык билдирет.

КЫСКАРТУУЛАР

ГГЮП	Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам
УКЖ	Убактылуу кармоочу жай
ТА	Түзөтүү абагы
КК	Көзөмөлдөөчү көрсөткүч
КР	Кыргыз Республикасы
ДМЧА	Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар
Усулдама	Кылмыш-жаза сот адилеттигине мониторинг жүргүзүүнүн усулдамасы
ЖСУжЭП	Жарандык жана Саясий Укуктар жөнүндө Эл аралык Пакты
ЮМ	Юстиция министрлиги
ЖКУ	Жарандык коом уюмдары
ТИ	Тергөө изолятору
бер.	Берене
ЖАК	Жазаларды аткаруу кызматы
ЮЖК	Юридикалык жардам кызматы
КРЖАК	КР Жаза-аткаруу кодекси
КР КЖК	КР Кылмыш-жаза кодекси
КР КПК	КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси
АИ	Айыптык изолятору

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР
Кыргыз Республикасынын **кылмыш-жаза укуктук саясатынын** деңгээлинде тең укуктуулук, басмырлоого жол бербөө базалык принциптери, анын ичинде аялдарды, кош бойлуу аялдарды, ошондой эле балдарды караган адамдарды коргоого багытталган гуманизмдин принциптери, жоболор бекитилген. Ошол эле учурда, бул чөйрөдөгү укуктук жөнгө салуу фрагментардуу бойдон калууда жана эл аралык стандарттарга толук кандуу шайкеш келбейт: баарын тегиз камтыган басмырлоого каршы мыйзам жок, кылмыш-жаза мыйзамдарынын жоболору сексуалдык багыты жана гендердик идентттүүлүгү белгилери боюнча басмырлоодон коргоону камтыбайт, ал эми аярлуу категорияларга карата биомедициналык изилдөөлөргө тиешелүү тыюу салуулар кылмыш-жаза укуктук тутумга интеграцияланган эмес. Бул тең укуктуулук принцибин мыйзам чегинде толук кандуу ишке ашырууну камсыз кылуу жана жарандардын бардык категорияларынын укуктарын натыйжалуу коргоо максатында, ченемдик базаны тутумдуу түрдө кайра карап чыгуу зарылдыгын күбөлөндүрүп турат. Кыргыз Республикасында аялдарга **юридикалык жардам** көрсөтүү мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (МКЮЖ) жөнүндө мыйзамдардын алкагында формалдуу түрдө бекитилген жана эл аралык милдеттенмелерди, анын ичинде CEDAW Конвенциясынын жоболорун аткарууга умтулууну чагылдырып турат. Бирок укуктук тажрыйбага талдоо жүргүзүү, аялдарга укуктук коргоонун эрте жана натыйжалуу жеткиликтүүлүгүн камсыздоодо, айрыкча кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында соттолгон аялдар сыяктуу аярлуу категориялардын контекстинде олуттуу боштуктар бар экенин көрсөттү. Маалыматтуулуктун жетишсиздиги, өз алдынча кайрылуу механизмдеринин жоктугу, онлайн-платформалардагы техникалык катачылыктар, ошондой эле соттолгон аялдарды жарандык иштер боюнча жардам алуучулардын тизмесинен чыгарып салуу – алар үчүн сот адилеттигинин реалдуу түрдө жеткиликтүү болуусун чектейт. Мындан тышкары, кайрылуулардын тематикасы боюнча жынысына карата бөлүнгөн (гендердик-дезагрегатталган) статистиканын жоктугу, аялдардын муктаждыктарына сезимталдуу жана даректүү юридикалык жардам көрсөтүүчү ыкмаларды иштеп чыгууга тоскоолдукту жаратат. Кыргыз Республикасында аялдарга карата **Кылмыш-жаза процессинин сотко чейинки стадиясында** эл аралык стандарттарга ченемдик шайкештиктин ортосунда жана коргонуу укугу кепилдигин иш жүзүндө ишке ашыруунун ортосунда олуттуу ажырым сакталууда. Адвокаттын жеткиликтүү болуусу укугу менен өзүнө каршы көрсөтмө берүүгө мажбурлоого тыюу салуу укугу формалдуу түрдө киргизилгенине карабастан, иш жүзүндө аялдар кармалуусунун себептери жөнүндө өз убагында жана толук маалымат берүү укугунун бузулушуна, адвокатты өз алдынча тандоо мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелишине, ошондой эле укук коргоо органдары тарабынан кысым көрсөтүү жолу аркылуу күнөөсүн мойнуна алууга мажбурлоого туш болушууда. Түшүндүрмөсүз кармоолордун үлүшүнүн жогорулугу, процесстик макамы менен манипуляция кылуу жана кармоону каттоого алуунун бирдиктүү стандарттарынын жоктугу өзүм билемдик аракеттер тобокелчилигине шарт түзүүдө жана сотко чейинки өндүрүштөгү адилеттүүлүк принцибин бузуу коркунучун пайда кылууда. Бул факторлор аярлуу абалда турган аялдардын укуктарына курч таасирин тийгизүүдө жана укуктук коргоонун жеткиликтүүлүгүн реалдуу түрдө камсыз кылуу, укук

коргоо органдарынын аракеттерине көзөмөл жүргүзүү жана тергөөнү жүргүзүүдөгү жол берилгис усулдарга бөгөт коюу боюнча ыкчам институционалдык чараларды талап кылат. Улуттук мыйзамдарга эл аралык стандарттарга шайкеш келген бир катар жоболор киргизилгенине карабастан, Кыргыз Республикасынын пенитенциардык мекемелеринде аялдарды кармоо тажрыйбасы гумандуулук, гендердик сезимталдуулук жана реабилитациялык багыттуулук принциптерине жетиштүү деңгээлде шайкеш келбеген боюнча калууда. Аялдар мурдагыдай эле алардын аярлуу абалын бардык учурда эле эске ала бербеген медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүнүн чектелүүлүгүн, талапка жооп бербеген начар санитардык шарттарды, реабилитациялык программалардын жана тартиптик жаза чараларынын жетишсиздигин баштарынан кечирип жатышат. ЛГБТ соттолгондорду коргоонун адистештирилген механизмдеринин жоктугу жана мекемелердин ичиндеги формалдуу эмес (бейрасмий) түзүмдөрдүн таасири дагы кошумча көңүл бурууну талап кылат. Кылмыш-жаза аткаруу тутумунда аялдардын укуктарын натыйжалуу коргоо жана кармоонун тиешелүү шарттарын камсыз кылуу – мындан ары аларды эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү боюнча аракеттерди күчөтүүнү талап кылат.

Жалпы жыйынтыктоочу баалоо - мүмкүн болуучу 18 баллдын ичинен 8 балл.

1-ЧӨЙРӨ – КЫЛМЫШ-ЖАЗА САЯСАТЫ

Макамы жана чакырыктар	Сунуштамалар
3.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. КР Конституциясында, КР КЖК 4-беренесинде жана «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамында караштырылган жарандардын мыйзам алдындагы тең укуктуулугу принциби, гендердик тең укуктуулук бөлүгүндө эл аралык стандарттардын ченемдерине толук кандуу шайкеш келбейт, анткени алар сексуалдык багыты жана гендердик идентттүүлүгү белгилери боюнча басмырлоого тыюу салууну камтыбайт. Учурдагы ыкма эки жыныстын өкүлдөрүнүн ортосунда басмырлоонун орун албоосун камсыз кылат жана Кыргыз Республикасынын тең укуктуулук жана жынысынан көз карандысыз түрдө бардык жарандарды мыйзам чегинде бирдей коргоого алуу принциптерин так сактоосун камсыз кылат. Кыргызстанда басмырлоого каршы баарын камтыган комплекстүү мыйзам жок. КР КЖК учурдагы ченемдери жынысынын, гендердик идентттүүлүгүнүн жана сексуалдык багытынын негизинде басмырлоодон коргоону толук кандуу камтыган эмес. КР КЖК жазаларга тиешелүү бир катар ченемдер	**3.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч.** Бардык чөйрөлөрдөгү баасмырлоодон коргоону толук кандуу жана натыйжалуу камсыз кылган, басмырлоо үчүн, анын ичинде сексуалдык багыты жана гендердик идентттүүлүгү боюнча басмырлоо үчүн негиздердин тыюу салынган толук тизмесин камтып турган жана аларды бузган учурда укуктук коргоонун натыйжалуу каражатын караштырган, баарын камтыган басмырлоого каршы мыйзамды кабыл алуу сунушталат. Зарыл: 1) Жек көрүүнүн жынысы, сексуалдык багыты жана гендердик идентттүүлүгү боюнча белгилерин оордотуучу жагдайлар катары караштыруу максатында КР КЖК 74-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна өзгөртүүлөрдү киргизүү; 2) Кийинки: гендердик идентттүүлүктү, сексуалдык багытын тең укуктуулук бузулушу мүмкүн болгон белгилер/негиздер катары толуктоо үчүн КР КЖК 189-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү. 3) КР Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесин 32-беренеге ылайык келтирүү жана жек көрүүнү козутууга негиз боло турган төмөнкү белгилер: жынысы, гендердик идентттүүлүгү, сексуалдык багыты менен толуктоо максатында өзгөртүүлөрдү киргизүү керек.

эркектердин дагы, аялдардындагы баланы багуу боюнча репродуктивдик ролун таануу, ошондой эле кош бойлуу аялдарды коргоо жана аларга өзгөчө мамиле жасоо боюнча эл аралык стандарттардын талаптарына жооп берет. 3.6-КК. Кыргыз Республикасынын Конституциясы преамбуласында 23-24-56-беренелери аркылуу гуманизм принцибин караштырат жана адамдын ажырагыс укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат, басмырлоого жана кыйноолорго тыюу салат. Гумандуулук принциби улуттук кылмыш-жаза мыйзамында адам укуктарын коргоону жалпысынан камсыз кылат жана жазалоо үчүн жазалоого эмес, кайрадан социалдаштырууга жана кылмыштардын алдын алууга басым жасоо менен, айыпкерлерге гумандуу мамиле кылууга багытталган. Аялдарды өмүр боюу эркинен ажыратууга мыйзам чегинде тыюу салынышы жазалоонун кыйла катаал чараларын колдонууну төмөндөтүү аркылуу адилеттүүлүккө жана гумандуулукка умтулууну чагылдырып турат. Гумандуулук принциби кош бойлуу аялды өзгөчө бөлүп көрсөтүү менен пробация, жазаны өтөөнү артка жылдыруу жана жазаны өтөөдөн бошотуу мүмкүнчүлүктөрү түрүндө дагы колдонулат. «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Мыйзам кош бойлууларга жана соттолгондорго карата биомедициналык изилдөөлөргө тыюу салат, бирок бул тыюу салуулар Кылмыш-жаза кодексинде толугу менен камтылган эмес, бул болсо алардын юридикалык күчүн төмөндөтөт.	3.6-КК. Жогорку Кеңешке Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине кош бойлуу аялдарга жана камакта кармалып турган аялдарга биомедициналык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө тыюу салган жоболорду Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине түздөн түз муну бузгандыгы үчүн катуу санкциялары менен киргизүү сунушталат.
5-ЧӨЙРӨ – ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
1.1-КК. Аялдар акысыз биринчи юридикалык жардам алуу укугуна ээ болгон адамдардын катарына кыйыр түрдө киргизилген, бул Кыргызстандын эл аралык милдеттенмелерин, анын ичинде аялдарга	1.1-КК. Аялдарга консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жана жана ийгиликтүү тажрыйбалар боюнча секторлор аралык сапаттуу жана сандык маалыматтарды алмашууну жакшыртуу максатында гендердик тең укуктуулук суроолору менен

карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу жөнүндө Конвенцияны (CEDAW) аткарууга умтулуусун чагылдырат. Колдо бар статистикага таяна турган болсок, бул түрдөгү жардамга эркектерге караганда аялдардын арасында суроо-талап жогору экени байкалат. Бирок статистика аялдар жана эркектер кайсы темалар/суроолор боюнча кайрылышары жөнүндө көрсөткүчтөрдү бербейт, бул алардын муктаждыктарына жана ал муктаждыктардын консультанттар тарабынан канааттандыруу ыкмаларына баа берүүгө жол ачмак эле. 2.1-КК. Улуттук мыйзамдар квалификациялуу юридикалык жардамдын эрте жеткиликтүүлүгү бөлүгүндө эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Ошол эле учурда изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн сурамжылоонун көрсөткүчтөрүнө ылайык, практикада болсо аялдардын 32, 3% аларга адвокат алуу укугу, анын ичинде каржылык мүмкүнчүлүктөр жок болсо, акысыз адвокат алуу укугун түшүндүрүшкөн жок деп белгилешкен, ал эми сурамжылоого катышкан аялдардын ичинен 61,3% аларды кармаган учурда жана биринчи суракка алууда адвокат жок болгондугун билдиришкен, бул болсо КР КПКнын 44-46-51-беренелерин түздөн түз бузуу болуп эсептелет жана кылмыш-жаза сот адилеттигинин алкагында юридикалык жардамдын эрте жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жаратат. 3.1-КК. Кылмыштардан жабыр тарткан аялдар, КР КПК 40-беренесинин шарттарына ылайык жабырлануучу макамына ээ болгондон кийин гана мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу укугуна ээ болушат. Аялдарга – укук бузуулардын жабырлануучуларына мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн көлөмү жөнүндө расмий статистика ачык булактарда жок. 4.1-КК. Кыргызстандын аялдары КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам	иштеген мамлекеттик органдардын, мамлекеттик эмес уюмдардын жана эл аралык уюмдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү күчөтүү сунушталат. Бул жардамдын көрсөтүлүшү боюнча статистиканы көрсөткүчтөрдү чогултуу бөлүгүндө, кайрылгандардын жынысы боюнча жана суроолордун/көйгөйлөрдүн түрү боюнча бөлүштүрүү менен чогултууну жеткиликтүү түрдө иштеп чыгуу зарыл. 2.1-КК. КР Адвокатурасына, КР Юстиция министрлигинин алдындагы Юридикалык жардам кызматына, Акыйкатчы институтуна жана КАУБ кармоо учурунда адвокаттардын катышуусун камсыз кылуу боюнча милдеттенмелердин аткарылуусуна үзгүлтүксүз түрдөгү мониторинг жүргүзүп туруу сунушталат жана жетишилген жыйынтыктар, анын ичинде аялдардын абалдарынын жакшыруусу жөнүндө эл алдында отчет берүүнү ишке ашыруу сунушталат. 3.1-КК. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына басмырлоодон, зомбулуктан жана ырайымсыз мамилелерден жабыр тарткан аялдар укук коргоо органдарына же сотко кайрылган учурда, анын ичинде кылмыш жөнүндө арыз бергенде же жабырлануучу катары таануу учурунда адвокаттын, же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн милдеттүү түрдө катышуусун караштырган ченемди киргизүү сунушталат. Юридикалык жардам көрсөтүү кызматына максаттуу: 1) жабыр тарткан аялдарга көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын сапатына мониторингди үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүп туруу, анын ичинде кайтарым байланыш чогултуу жана көрсөтүлгөн кызматтарга канааттануу деңгээлине талдоо жүргүзүү; 2) Жабырлануучуларга көрсөтүлгөн юридикалык жардамдардын жана КР КПК 40-бер. көрсөтүлгөн кылмыш-жаза сот адилеттигинин субъекттерине бул жардамды көрсөтүүдөн баш тартуунун саны жана сапаты боюнча статистикалык отчеттуулук түтумун түзүү, бул маалыматтарды КР Улуттук

жөнүндө» Мыйзамынын алкагында квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу. Бул укук үй-бүлөлүк талаш-тартыштар, эмгек талаштары, алименттер жана мүлктүк иштер сыяктуу суроолордун кеңири айлампасына жайылтылат. Аялдар өзгөчө аз камсыз болгон жана калктын аярлуу катмарына кире турган аялдар бул жардамды алууга укуктуу жарандардын категориясына киргизилген.

Акысыз юридикалык жардам алуу үчүн арыз берүүчүнүн кирешеси минималдуу эмгек акысынан 60 эсе өлчөмүнөн ашпоосу зарыл (2024-жылы жылына 29 520 сом). Адатта «Акысыз адвокат» онлайн-платформасы жылдык кирешенин чеги катары 12 300 сом көрсөтүү менен эсептөөлөрдөгү шайкеш келбестиктерди камтыйт, бул арыз берүүчүлөрдүн, ал тургай мыйзамда белгиленген критерийлерге жооп берген адамдардын да мүмкүнчүлүгүн чектеши мүмкүн.

4.2-КК. Кыргызстанда соттолгон аялдар өздөрүнүн аярлуу экендигине карабастан, жарандык иштер боюнча КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 14-беренесине ылайык юридикалык жардам алууга укуктуу адамдардын тизмесине киргизилген эмес. Бул алардын мүлктүк укуктарын коргоо, ата-энелик укуктар жөнүндө талаш-тартыштар жана башка жарандык иштер сыяктуу маанилүү суроолордо юридикалык коргоого ээ болуудагы мүмкүнчүлүктөрүн чектейт. Соттолгон аялдар көп учурда акысыз юридикалык жардам алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтарга ээ эмес. МКЮЖ программасы бар экендигине карабастан, пенитенциардык мекемелер тутумундагы аялдар жардам алуу үчүн өз алдынча кайрыла албай жатышат, же болбосо арыздарды берүү үчүн онлайн-платформадан колдоно албай жатышат, бул болсо алар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн чектеп жатат. Жарандык иштер боюнча акысыз юридикалык жардам алган соттолгон аялдардын саны жөнүндө расмий статистикалык комитетинин отчетторуна милдеттүү түрдө кошуу.

4.1-КК. Жардамга муктаж аялдар үчүн, өзгөчө жалгыз бой энелер, зомбулуктан жабыр тарткан аялдар жана балдарды камкорчу катары багып жаткан аялдар үчүн киреше чегин жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу максатка ылайыктуу.

Юридикалык жардам кызматына кирешенин чектелген көлөмүн эсептөөгө байланыштуу катачылыктарды жоюу үчүн платформаны техникалык аудиттен өткөрүү жана мыйзам талаптары менен шайкеш келтирүү, тутумдун техникалык мүнөздөмөлөрүн анын ичинде минималдык эмгек акыны 60 эсе өлчөмүндө эсептөө талабына шайкеш келтирүү сунушталат.

4.2-КК. Жогорку Кеңешке соттолгон аялдарды, анын ичинде жазасын өтөп жаткан же жазаны өтөөдөн шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотулган аялдарды жарандык иштер боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу (МКЮЖ) укугуна ээ адамдардын тизмесине кошуу үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат. Бул алардын мүлктүк укуктарын коргоо, үй-бүлөлүк иштерге, алименттерге жана башка жарандык талаш-тартыштарга байланыштуу суроолор боюнча акысыз юридикалык жардам кызматынан колдонуусуна шарт түзөт.

ЮЖК ЖАК менен биргеликте соттолгон аялдарга жеткиликтүү укуктук кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат берүүгө багытталган маалыматтык кампанияларды иштеп чыгуусу жана ишке киргизүүсү зарыл. Бул эркиндигинен ажыратуу жайларында маалыматтык материалдарды жайгаштырууну, ошондой эле юрдикалык жардам алуу укугу, жеткиликтүү платформалар жана арыз берүүнүн механизмдери жөнүндө билим берүүчү программаларды алып барууну камтышы мүмкүн. Жазасын алыскы жайларда өтөп жаткан аялдар үчүн мобилдик укуктук консультациялар жана адвокаттык кызмат

көрсөткүчтөр жок.	көрсөтүүлөр тутумун өнүктүрүү зарыл. Бул көчмө консультацияларды же адвокаттар жана юристтер менен видеобайланыш аркылуу жардам көрсөтүүнү камтышы мүмкүн. ЮЖК соттолгон аялдар үчүн юридикалык жардам алуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн механизмдерин иштеп чыгуусу керек. Бул эркиндигинен ажыратуу жайларынын ичинде туруп башка эч кандай өкүлү жок эле юридикалык жардам алууга кайрылуу үчүн атайын процедураларды түзүүнү, ошондой эле соттолгондордун керектөөлөрүнө ылайык ыңгайлаштырылган онлайн-платформалар аркылуу арыздарды берүү мүмкүнчүлүгүн камтышы мүмкүн. Юридикалык жардам алган соттолгон аялдардын саны жөнүндө, ошондой эле бул кызматтардын сапаты жөнүндө көрсөткүчтөрдү чогултуу жана мониторинг жүргүзүү механизмин түзүү сунушталат. Бул көрсөткүчтөр МКЮЖ алкагындагы юридикалык жардамдын үчүрдагы механизмдерин жана бул жааттагы саясатты жакшыртуу үчүн колдонулушу мүмкүн. МКЮЖ тутумунун алкагында юридикалык жардам көрсөткөн мамлекеттик органдар жана уюмдар үчүн милдеттүү талаптарды киргизүү, аярлуу адамдар үчүн жарандык иштер боюнча юридикалык жардам көрсөтүүнүн саны жана сапаты жөнүндө жылдык отчетту жарыялап туруу сунушталат. Бул отчеттор юридикалык жардам алган аялдардын саны, жардам алуу үчүн кайрылган жарандардын категориялары, иштердин түрлөрү (мисалы, үй-бүлөлүк талаш-тартыштар, алимент суроолору, мураска байланыштуу иштер), ошондой эле көрсөтүлгөн жардамдын жыйынтыктары жөнүндө кенен көрсөткүчтөрдү камтып турушу керек. Адамдардын аярлуу категорияларына укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө отчеттордо сандык көрсөткүчтөрдү гана эмес, ошондой эле жардам алуучулардын канааттануусу, жардам алуучулардын күтүү убактысы, консультациялардын жеткиликтүүлүгү,

	көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын баалоо сыяктуу сапаттык көрсөткүчтөрдү камтуу маанилүү. Бул тутумдагы (системадагы) көйгөйлөрдү жана кемчиликтерди аныктоого, ошондой эле көрсөтүлгөн жардамдардын сапатын жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгууга жардам берет.
6-ЧӨЙРӨ – СОТКО ЧЕЙИНКИ ЭТАП	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
3.2-КК. КР Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдары жалпысынан коргоочунун жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укугу жаатында эл аралык милдеттенмелерге (ЖСУЭП) шайкеш келгенине карабастан, иш жүзүндө (практикада) болсо, коргонууга ээ болуу укугун камсыз кылуу адвокаттарды алууда тергөөнүн басым жасаган ролу, кармалган аялдардын өздөрүнүн укуктары жөнүндө маалыматтуулуктарынын төмөндүгү, коргоочуларды тандоодо өз алдынчалуулуктун чектелүүсү, ошондой эле юридикалык жардам көрсөтүүдөгү ачык-айкындуулуктун жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөргө кабылышууда. 3.3-КК. Улуттук мыйзамдар ЖСУЭПнын 9-беренесинин талаптарына шайкеш келет. Соттолгон аялдардын арасында жүргүзүлгөн сурамжылоого талдоо жүргүзүү, алардын кармалуу себептери жана коюлган айыптар жөнүндө ыкчам жана толук кандуу маалымат алуу укугун камсыз кылууда олуттуу боштуктар бар экенин көрсөттү. Кармоолор көп учурда себептери түшүндүрүлбөстөн жүргүзүлөт, бул БУУнун Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактысынын 9-беренесинин 2-пунктуна каршы келет. Сурамжылоонун жыйынтыгы окуялардын 22,6% аялдар кармалганда милиция бөлүмүнө жеткирилгенге чейин кармоо себептери жөнүндө маалымдалган эмес, ал эми окуялардын 45,2% аялдар укук коргоо органдарына күбө катары көрсөтмө берүү деген себеп менен чакырылып, бирок иш жүзүндө кармоого алынышкан.	3.2-КК. Адвокатты өз алдынча тандоо укугу боюнча түшүндүрүү иштерин күчөтүү, акысыз юридикалык жардам жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана тергөө тарабынан дайындалган адвокаттардын көз карандысыздыгын камсыз кылуу сунушталат. Ошондой эле, көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жогорулатуу жана кармалгандар үчүн адвокатты эркин тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу аркылуу Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү тутумун бекемдөө маанилүү. 3.3-КК. ЖКУ же Айыкатчы тарабынан кармоо процедураларынын сакталышына үзгүлтүксүз түрдө көз карандысыз мониторинг жүргүзүүнү уюштуруу зарыл. 3.8-КК. Жарандык коом уюмдарына жана Акыйкатчыга аялдарды кармоонун шарттарына жана алардын укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүүсүнө үзгүлтүксүз түрдө көз карандысыз мониторинг жүргүзүп туруу сунушталат. Укук колдонуу тажрыйбасына гендердик талдоо жүргүзүү жана сотко чейинки стадияда аялдарга мамиле кылуунун стандарттарын иштеп чыгуу зарыл. Бардык тергөө аракеттерине милдеттүү түрдө аудио жана видео жаздырууну киргизүү маанилүү. Бул зомбулукту жана коркутууларды четтетүүгө, ошондой эле айыпталуучулардын укуктарын бузууну белгилөөгө жол ачат.

Аныкталган көйгөйлөр кармоонун бирдиктүү процедурасын иштеп чыгуунун, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин окутуунун жана айыпталуучулардын укуктарынын сакталышына көзөмөлдөөнү күчөтүүнүн зарылдыгын күбөлөндүрүп жатат. 3.8-КК. КР мыйзамдары өзүнө каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн күнөөлүү деп таануугa мажбурланбоо укугу боюнча эл аралык кепилдиктерге кыйла деңгээлде шайкеш келет. Сурамжылоонун аялдар өз күнөөлөрүн укук коргоо органдарынын кысым көрсөтүүсүнүн негизинде моюнга алууга мажбур болушканын маалымдаган жыйынтыгына талдоо жүргүзүү – сотко чейинки иликтөөнүн жүрүшүндө айыпталуучулардын укуктарын коргоо жаатында олуттуу көйгөйлөр бар экендигин күбөлөндүрүп турат. Бул кылмыш-жаза өндүрүшүнө катышкан аялдар үчүн адилеттүү соттук териштирүүнүн болуусу боюнча жана алардын коргонууга ээ болуу укуктарынын бузулушу боюнча тобокелчиликтер жогору экендигин көрсөтүп турат. Мониторингдин жүрүшүндө сурамжылоого катышкан аялдардын 23, 7% аларга психологиялык кысым көрсөтүү, анын ичинде дене бойлук жана сексуалдашкан зомбулук коркутуулары, ошондой эле жакындарынын даректерине карата коркутуулар колдонулгандыгын белгилешти.	
8-ЧӨЙРӨ – КЫЛМЫШ-ЖАЗА АТКАРУУ ТУТУМУ	
Макамы жана чакырыктар	**Рекомендации**
2.1-КК. 1.Кыргызстанда реабилитациялоо жана коомго кайра кошуу түрүндөгү жазалоонун ченемдик максаттары эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Ошол эле учурда соттолгондорду жазасын өтөп бүткөндөн кийин реабилитациялоо жана коомго кайра кошуу учурда иштеп жаткан улуттук тутуму соттолгондорду реабилитациялоонун жана аларды бошотууну пландаштыруунун жекече ыкмасына бардык көңүлдү бурган Нельсон Манделдин Эрежелерине жана ЖСУЭП 10-	КП 2.1.КР Юстиция министрлигине сунушталат: 1) жазаларын өтөп бүтүшкөн аялдарды кайрадан социалдаштыруунун жана интеграциялоонун комплекстүү программаларын алардын жеке өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен иштеп чыгуу; 2) соттолгондордун коомдун жашоосуна ыраатту түрдө кайтуусун камсыз кылуу үчүн кылмыш-жаза аткаруу мекемелери тутумунун жана пробация кызматынын ортосунда тыгыз кызматташтыкты жолго коюу; 3) аялдар үчүн

беренесинин 3-пунктунда белгиленген эл аралык стандарттардын талаптарына толук кандуу шайкеш келет. 3.1-КК. Убактылуу кармоочу жайларда жана тергөө изоляторлорунда кармоонун шарттары аларды санитария, жылуулук менен камсыз кылуу, бир соттолгон адам үчүн минималдуу аянтчаны кошкондо Нельсон Манделанын Эрежелерине шайкеш келбейт, бул аялдардын татыктуу шарттарга ээ болуу жана аялдарга карата гумандуу мамиле укуктарын бузат. Убактылуу кармоочу жайларда жана тергөө изоляторлорунда болгон убакыттын ичинде аялдар сапаттуу медициналык жардамдын жеткиликсиздиги көйгөйүнө кабылышат, бул өнөкөт жана онкологиялык оорулар менен жабыр тарткан аялдар, кош бойлуу жана эмчек эмизген аялдар үчүн өзгөчө жагымсыз абал болуп эсептелет. Эркиндигинен ажыратуу жайларында болуу менен аялдар дене бойлук зомбулуктар жана коркутуулар көйгөйлөрүнө кабылышат. Сурамжылоонун жүрүшүндө соттолгон аялдардын 39,8% (сурамжылоого катышкандардын 37си), жазасын өтөө жайларында дээрлик көп учурда өздөрүн коопсуз эмес сезишкендиктерин жана дагы деле ушундай сезимде экендиктерин айтышкан, бул болсо пенитенциардык мекемелерде коопсуздукту камсыз кылууда олуттуу көйгөйлөр бар экендигин көрсөтүп турат. 4.1-КК. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кыйноолорго жана ырайымсыз мамилелерге тыюу салган ченемдердин бар экендигине карабастан, реалдуу кырдаал аларды бузган учурларды көрсөтүп турат. Аялдардын 20, 4% дене бойлук жана сексуалдашкан зомбулук коркунучтарын баштарынан кечиришкен, бул болсо эл аралык стандарттарга, анын ичинде кыйноолорго абсолюттук түрдө тыюу салууга жана улуттук мыйзамдарга каршы келет. Аялдардын 2,2% дене бойлук күч колдонууга же күч колдоно тургандыгын айтып коркутууга кабылышкан, а 4,3% болсо алардын жакындарына зыян келтирүү	кайрадан социалдаштыруу программаларынын натыйжалуугуна үзгүлтүксүз түрдө талдоо жүргүзүп туруу жана алар бошондукка чыккандан кийин туш болуп жаткан тоскоолдуктарды аныктоо; 4) пенитенциардык мекемелердин жана пробация кызматтарынын кызматкерлерине аярлуу топтор менен, анын ичинде мыйзам менен чатагы бар аялдар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган окутууларды үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүп турууну камсыз кылуу. 3.1-КК. КР Жазаларды аткаруу кызматы ишке ашыруусу зарыл: 1) Нельсон Манделдин Эрежелерине ылайык бир соттолгон адамга минималдуу аянтчаны жана таза суунун жеткиликтүүлүгүн, анын ичинде үзгүлтүксүз түрдөгү жууп тазалоону, санитардык ченемдерди жана инфраструктуранын стандарттарын сактоону камсыз кылууну. Бул аялдардын кармоо шарттарынын физикалык абалын жакшыртып, кармоонун кыйла гумандуу шарттарын түзөт. 2) сапаттуу медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн, өзгөчө өнөкөт жана онкологиялык оорулардан, жүрөк-кан тамыр ооруларынан жабыр тарткан, кош бойлуу, эмчек эмизген адамдар үчүн жеткиликтүү болуусун кепилдикке алууну. Туруктуу медициналык кароолорду, адистештирилген дарыгерлердин жана зарыл болгон дары-дармектердин жеткиликтүүлүгүн камсыздоону жолго коюу керек. Бул Нельсон Мандела эрежелеринин 24-Эрежесине шайкеш келет жана аялдардын саламаттык сактоого ээ болуу укуктарын бекемдейт 3) Пенитенциардык мекемелерде коопсуздуктун деңгээлин жогорулатуу үчүн, соттолгондордун арасындагы карама-каршылыкка бөгөт коюу тутумун жакшыртуу зарыл. Бул өзүнө медиация программаларын иштеп чыгууну, камераларды үзгүлтүксүз кайтарууну, агрессивдүү соттолгондорду жалпы контингенттен обочолонууну камсыз кылууну жана 'түрмө' субмаданиятынын пайда болушуна жана анын таасирине жол бербөөнү камсыз кылуу зарыл.

коркутуулары болгондугун билдиришкен. Бул көрсөткүчтөр укук колдонуу тутумунда олуттуу көйгөйлөр бар экендигин жана пенитенциардык мекемелердин кызматкерлеринин аракеттерине көзөмөлдү күчөтүү зарылдыгы бар экендигин көрсөтүп турат. Аялдардын көпчүлүгү (97,8%) сексуалдашкан зомбулукка кабылбаганы менен, эки окуя (2,2%) катталган, бул мындай окуяларга бөгөт коюунун зарылдыгын баса белгилейт. 5.1-КК. Сурамжылоонун жүрүшүндө алынган көрсөткүчтөргө талдоо жүргүзүү, аянтчанын бекитилген минимуму жана мамлекеттин милдеттенмеси бар экендигине карабастан, аялдардын 18,3% кармоо шарттарын муздак, тазалыктын камсыз кылынбагандыгын жана ашыкча жайгаштырууну кошкондо канааттандырарлык эмес катары баалашат деп айтууга жол берет. Мындан сырткары, баласы бар аялдар баланы багуу предметтеринин, жалаяктардын жана атайын гигиеналык каражаттардын жетишсиздигине туш болушат. Аялдар кармалып турган пенитенциардык мекемелердеги санитардык жана гигиеналык шарттар өтө олуттуу деңгээлдеги жакшыртууну талап кылат. Сурамжылоого ылайык, аялдардын көпчүлүк бөлүгү (68,8%) гигиеналык нормалар жарым-жартылай сакталарын, ал эми 63, 4% болсо жуучу каражаттардын жана жеке гигиена предметтеринин жетишсиздигин билдиришкен, алар бул көйгөйдү өз эсебинен чечүүгө мажбур болушарын айтышкан. Соттолгондордун тамактануусунун сапаты жаатында көйгөйлөр бар. Мониторингдин жүрүшүндө сурамжылоого катышкан соттолгон аялдардын ичинен 57%, берилген тамак-аштардын сапаты начар экендигин белгилешкен, өзгөчө ченемге ылайык караштырылган зарыл тамак-аш азыктарын алышпагандыктан, кош бойлуу жана эмчек эмизген энелер жабыркашат. КР КАУБ мониторингдин баруулары ичүүчү таза суу менен жана санитардык-гигиеналык	4)соттолгондордун тышкы дүйнө менен байланышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча ыкманы кайра карап чыгуу зарыл. Акы төлөнүүчү кызматтарды - «көзөмөлчүлөрдүн» же администрация кызматкерлеринин жардамы аркылуу байланыш түзүү зарылчылыгын жоюу максатында акысыз телефон чалуулардын же видеобайланыштын жеткиликтүүлүгүн уюштуруу зарыл. 4.1-КК. Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук максаттары үчүн кийинкилер сунушталат: 1) Жарандык байкоочулардын, анын ичинде Акыйкатчынын, бейөкмөт уюмдарынын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышусунда, аялдар кармалып турган пенитенциардык мекемелерге үзгүлтүксүз түрдөгү көз карандысыз текшерүүлөрдү жүргүзүүлөрдү камсыз кылуу; 2) Кармоо шарттарына мониторинг жүргүзүү боюнча туруктуу комиссияларды түзүү зарыл, алардын аракеттери парламенттин жана коомчулуктун көзөмөлүндө болууга тийиш; 3) Пенитенциардык мекемелердеги адам укуктарынын абалы жөнүндө отчетторду кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштар менен коштоп, үзгүлтүксүз жарыялап туруу керек. Натыйжалуу иликтөө жана жабыр тарткан адамдарга колдоо көрсөтүү үчүн маанилүү: 1) кызматкерлер тарабынан зомбулук көрсөтүү же коркутуу учурларынын баарын милдеттүү түрдө каттоо боюнча стандарттарды киргизүү жана ар бир окуяны милдеттүү түрдө иликтөөнү камсыз кылуу; 2) коркутууларга дуушар болгон аялдар үчүн коопсуз мейкиндиктерди түзүү, ошондой эле коркутуулар аныкталган учурда аларды башка мекемелерге ыкчам түрдө которуу механизмдерин иштеп чыгуу; 3) айрыкча мекеменин кызматкерлерине карата даттанууларды берүүдө купуялуулукту камсыз кылуу жана түшкөн бардык кайрылуулардын көз карандысыз тартипте каралышын кепилдикке алуу; 4) даттанууларды компетенттүү органдарга берүү процессин тездетүү жана аларды

керектөөлөр үчүн суу менен камсыз кылуунун жетишсиздигин ачыктады, бул болсо бардык пенитенциардык мекемелерде ичүүчү суунун жана ысык суунун жеткиликтүүлүгү толук кандуу өлчөмдө камсыз кылынбагандыгын көрсөттү, бул базалык станитардык жана гигиеналык стандарттардын бузулушуна алып келүү болуп эсептелет.

КАУБ мониторингдик барууларынын жыйынтыгы боюнча пенитенциардык мекемелерде сейилдөө үчүн арналган аянтчалар дээрлик бардык жерлерде канааттандырарлык эмес абалда экенин аныктады: дубалдары жарым-жартылай ураган, көк баскан, дене тарбия менен машыгууга ылайыктуу жайлар же жабдуулар жок, эң жөнөкөй спорттук инвентар жана аба ырайынын начар шарттарынан коргонуучу жайлар да каралган эмес.

6.1-КК. Кылмыш-жаза аткаруу тутумундагы медициналык-санитардык тейлөө сыроолору боюнча улуттук мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет. Мониторингдин жүрүшүндө аялдардын жарымынан көбүндө (56%) өнөкөт оорулары бар экени аныкталды. Алардын катарына дем алуу органдарынын оорулары (65%), ашказан-ичеги жолдорунун оорулары (8,6%), жүрөк-кан тамыр тутумунун оорулары (5,4%), таяныч-кыймыл тутумунун оорулары (6,5%), ошондой эле онкологиялык (2,2%) жана гинекологиялык (3,2%) оорулар кирет. Ошол эле учурда жазасын өтөп жаткан аялдар үчүн медициналык жардамдын жеткиликтүү болуусу көйгөй бойдон калууда. Сурамжылоолордун көрсөткүчтөрү боюнча, аялдардын 47% дарыгер-адистердин жана дары-дармектердин жетишсиздигине туш болушууда, ал эми 16% мекемелердин медициналык бөлүмдөрүндөгү ресурстардын жетишсиздигинен улам кыйынчылыктарды баштан кечиришет. Аялдардын 36,6% сапаттуу медициналык кызматтардын жеткиликтүү болуусун жаатында төмөнкү факторлордон улам кыйынчылыктарга дуушар болушат: дарылоо мекемелеринде тар адистешкен кароонун жүрүшү жана жыйынтыктары жөнүндө арыз берүүчүгө маалымдоону камсыз кылуу; 5) коркутуулардан же зомбулуктан жабыр тарткан аялдар үчүн психологиялык жана юридикалык жардам программаларын, анын ичинде адвокаттардын жана психологдордун жеткиликтүү болуусу программаларын түзүү.

Жоопкерчиликти жогорулатуу максаты үчүн зарыл:1) убактылуу кармоочу жайлардын, тергөө изоляторлорунун, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин дене бойлук күч колдонгондугу үчүн, коркутуулар же зомбулуктун башка формаларына катышкандыгы үчүн жоопкерчиликтерин күчөтүү, анын ичинде тартиптик жаза чараларын жана аларга карата кылмыш-жаза куугунтуктоону күчөтүү; 2) гендердик иденттүүлүгү жана сексуалдык багыты ар түрдүү аялдарга жана адамдарга карата сексуалдашкан зомбулукка бөгөт коюунун жана көзөмөлдөөнүн катаал чараларын киргизүү, анын ичинде даттанууларды берүүнүн анонимдүү механизмдерин түзүү.

Укуктар жөнүндө маалыматтуулугун жогорулатуу максатында максаттуу: 1) кызматкерлер үчүн гендердик зомбулукка бөгөт коюу боюнча жана гендердик иденттүүлүгү жана сексуалдык багыты ар түрдүү соттолгон аялдардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча тренингдерди үзгүлтүксүз түрдө уюштуруу; 2) аялдардын өз укуктары жана коргонуунун жеткиликтүү механизмдери жөнүндө маалыматтуулугун жогорулатуу үчүн укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрү менен жолугушууларын үзгүлтүксүз түрдө уюштуруп туруу.

Улуттук мыйзамдарды эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн жеткиликтүү түрдө иштеп чыгуу максатында, камакта кармоонун улуттук эрежелерин эл аралык стандарттарга, анын ичинде кыйноолорго жана ырайымсыз мамилелерге абсолюттук түрдө тыюу салуу жана Нельсон

дарыгерлердин жоктугу (47%), дары-дармек жана жабдуулардын жетишсиздиги (45%), сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүдөн баш тартуу (6%).

Ошондой эле аялдардын 31%ы ичкиликтен же баңги заттарынан көз карандылык менен жабыркай тургандыктары аныкталган, бирок алардын болгону 56% гана медициналык реабилитациядан өтүшөт. Бул деструктивдүү көз карандылыгы бар оорулуу аялдардын абалына медициналык көзөмөлдүн сапаты төмөн экендигин далилдеп турат.

7.1-КК. КР мыйзамдары аялдарга карата коопсуздук чараларын колдонуу алардын дене бойлук, психологиялык жана социалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуусу керек деп так көрсөткөн.

Жазасын өтөп жаткан аялдар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо, алардын пенитенциардык мекемелердин кызматкерлерини тарабынан орун алышы мүмкүн болгон мыйзам бузуулар жөнүндө маалымат бөлүшүүгө даярдыгы төмөн экенин көрсөттү. Бул көрүнүш системага болгон ишенимсиздикти, эгер билдирсе мүмкүн болуучу кесепеттерден коркууну же даттанууларды билдирүү үчүн коопсуз каналдардын жоктугун далилдеп турушу мүмкүн. Соттолгон аялдар мекеме кызматкерлерине караганда бейрасмий лидерлерден («көзөмөлчүлөрдөн») көбүрөөк коркушары аныкталды. Бул түзөтүү мекемелеринин ичиндеги бейрасмий мамилелерге көңүл буруу зарылчылыгын көрсөтүп жатат, анткени алар аялдардын коопсуздугуна карата кошумча тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн.

8.1-КК. Кыргызстанда соттолгон аялдарга карата колдонулуп жаткан тартиптик чаралар, Бангкок эрежелерине толук кандуу жооп бербейт.

Мыйзамдар кош бойлуу аялдарга жана балалуу аялдарга карата айыптоочу изоляторго жайгаштырууга тыюу салат, бирок аларды шарттары айыптоочу изоляторго Манделдин Эрежелерине шайкеш келтирүү сунушталат.

5.1-КК. Жашоо шарттарын жакшыртуу зарыл, анын ичинде инфраструктураны оңдоо жана жаңылоо үчүн каржылоону көбөйтүү, ар бир соттолгон адамды минималдуу ченемдеги жашоо аянты менен камсыз кылуу, жылытуу, тазалык жана желдетүү шарттарын жакшыртуу керек. Балдары менен бирге кармалып жаткан аялдарды колдоого өзгөчө көңүл буруу зарыл – аларды жалаяк, кам көрүү каражаттары жана атайын гигиеналык буюмдар менен камсыздоо зарыл.

Мамлекеттин маанилүү милдети санитарияны жана гигиенаны жакшыртуу болууда. Бул жуп тазалоочу каражаттар, жеке гигиена предметтери жана дезинфекциялоочу материалдар менен үзгүлтүксүз түрдө камсыз кылууну, ошондой эле мекеменин администрациясы тарабынан санитардык ченемдердин сакталышына көзөмөлдү күчөтүүнү камтыйт.

Мекемелердеги тамактануунун сапаты жакшыртууну талап кылат. Берилип жаткан тамак-аштын, айрыкча кош бойлуу аялдар жана эмизген энелер үчүн берилип жаткан тамак-аштын сапатын жана белгиленген тамак-аш рационунун нормаларынын аткарылышын көзөмөлдөө тутумун киргизүү зарыл, бул алардын рационуна сүт азыктарын, жашылчаларды жана этти үзгүлтүксүз киргизүүнү камтылышын көзөмөлдөө тутумун киргизүү керек.

Бардык пенитенциардык мекемелерде суу жылыткыч жабдууларды орнотуу жана ысык суу менен ичүүчү суунун туруктуу түрдө жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу сунушталат.

Дене бойлук активдүүлүк жана спорт менен машыгуу үчүн шарттарды түзүү максатында, сейилдөөгө арналган аянтчаларды оңдоо, аларды спорттук инвентар жана аба ырайынын начар шарттарынан коргонуучу жайлар менен жабдуу, ошондой эле дене

дээрлик окшош болгон жалгыз адамдык камераларга жайгаштырууга тыюу салуу каралган эмес. Айыптоочу камераларга жайгаштырган учурларда аялдар үй-бүлөсү жана балдары менен байланыша албай калышат, бул Бангкок эрежелеринин жоболоруна карама-каршы келет. Айыптоочу изоляторлордо, өзгөчө 33-тергөө изоляторундагы кармоонун шарттарын ырайымсыз жана адамкерчиликсиз катары квалификациялоого болот, муну Кыргыз Республикасынын кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борборунун корутундулары тастыктап турат. Айыптоочу изоляторлорго же жалгыз адам үчүн камераларга жайгаштыруу соттолгон аялдардын базалык укуктарын, анын ичинде адамдык ар намысын сактоо укугун, кармоонун орундуу шарттарынын жеткиликтүүлүгү жана сырткы дүйнө менен байланышуу укуктарын бузуу менен коштолот. 11.9-КК. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ЛГБТ соттолгондорду эркиндигинен ажыратуу жайларында басмырлоодон же зомбулуктан коргоочу атайын ченемдерди камтыбайт. Кыргыз Республикасынын Конституциясы эки гана жыныстуу тааныйт – эркек жана аял, бул өзгөчө пенитенциардык тутумда ЛГБТ топторго карата инклюзивдүү саясатты түзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү чектейт. Жазаларды аткаруу тутумунда ЛГБТ соттолгондордун саны жөнүндө көрсөткүчтөр жок, бул болсо аларды коргоонун максаттуу чараларын иштеп чыгууну татаалдаштырат. ЛГБТ соттолгондор, анын ичинде трансгендер адамдар мекемелерде алардын биологиялык жынысына жараша жайгаштырылат, бул болсо алардын дене бойлук жана психологиялык коопсуздугуна тобокелчиликтердин пайда болуусуна алып келиши мүмкүн.	тарбия менен машыгууга ылайыктуу бөлмөлөрдү түзүү зарыл. 6.1-КК. Саламаттыкты сактоо министрлиги кийинкилерди ишке ашыруусу максаттуу: 1) соттолгон аялдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн толук кандуу жеткиликтүү болуусун камсыз кылуучу механизмдерди киргизүү, анын ичинде адистештирилген текшерүү, дарылоо жана алдын алуу иш-чараларын уюштуруучу механизмдерди, бул Кылмыш-жаза аткаруу тутумундагы медициналык кызматтардын жана жалпы калк үчүн белгиленген стандарттардын ортосундагы ажырымды жоюуга жол ачат; 2) Пенитенциардык мекемелерде медициналык жардам көрсөтүү стандарттарынын сакталуусуна көзөмөл кылуу, квалификациялуу кызматкерлердин, дары-дармектердин, жабдуулардын бар болуусун жана көз карандысыз мониторинг жүргүзүү менен камсыз кылуу; 3) аялдар үчүн мүнөздүү болгон онкологиялык ооруларды жана өнөкөт абалдарды эрте аныктоо жана дарылоо боюнча программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; Медициналык кызматкерлердин жазаларды аткаруу мекемелеринде иштөөсүнө түрткү берүүчү программаларды иштеп чыгуу зарыл; 4) эркиндигинен ажыратуу жайларында иштөө үчүн медицина кызматкерлерин шыктандыруу программаларын иштеп чыгуу; 5) көз карандуулугу бар адамдар эркиндикке чыккандан кийин дагы алар үчүн реабилитациялык программалардын үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүн кепилдикке алуу. 7.1-КК. КР ЖАК сунушталат: 1) түзөтүү мекемелеринде күч колдонуу боюнча мониторинг жүргүзүүнүн көз карандысыз механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, анын ичинде анонимдүү сурамжылоолорду жүргүзүү жана көз карандысыз байкоочулардын үзгүлтүксүз түрдөгү барууларын камсыз кылуу; 2) күч

	колдонууну минималдаштырууга жана гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алууга өзгөчө басым жасоо менен, түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин аялдар менен өз ара аракеттенүү жаатында даярдыктан өткөрүүнү күчөтүү; 3) мекемелердин ичиндеги «көзөмөлчүлөрдүн» таасирине бөгөт коюу жана аларды аныктоо үчүн укук тартиби органдары менен кызматташууну жана ички текшерүүлөрдү колдонуу аркылуу алардын ишин көзөмөлдөөнү күчөтүү; 4) Соттолгон аялдардын психологдор жана укук коргоо органдары менен ишенимдүү негизде аңгемелешүүсү үчүн шарттарды түзүү. Бул мыйзам бузуулар жөнүндө маалыматтар менен бөлүшүүгө даяр болуу деңгээлин жогорулатуусу мүмкүн; 5) аялдарга карата күч колдонууда алардын дене бойлук жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен зыянды минималдаштырууга багытталган кошумча нускамаларды иштеп чыгуу; 6) мекемелерди күч колдонулган ар бир учур боюнча толук отчетторду берүүгө, анын ичинде негиздемесин жазууга, колдонулган чараларды, алардын пропорционалдуулугун жана соттолгондорго тийгизген таасири бюонча толук отчет берүүгө милдеттендирүү. 8.1-КК. Жогорку Кенеш кийинкилерди ишке ашыруусу зарыл: 1) Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу мыйзамдарына Бангкок эрежелеринин стандарттарына толук шайкеш келтирүү максатында өзгөртүүлөрдү киргизүү; 2) четтетүүнү колдонууну жоюучу психологдон милдеттүү түрдө консультация алуу, мекеменин ичинде коомдук иштерди аткаруу түрүндөгү тартиптик жаза чараларынын альтернативдүү жолдорун же реабилитациялоого түрткү болуучу башка ыкмаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; 3) кош бойлуу аялдарды, эмчектеги баласы бар аялдарды жана бала эмизген энелерди айыптоо изоляторунда кармоого тыюу салынгандай эле, аларды жалгыз адам үчүн камераларга жайгаштырууга да тыюу салууну киргизүү; 4) соттолгон аялдардын үй-бүлөлөрү, айрыкча балдары менен болгон

	байланышына чектөө коюучу тартиптик чараларды колдонууга тыюу салууну мыйзам чегинде бекитүү. КР ЖАК кийинкилерди ишке ашыруусу маанилүү: 1) айыптоочу изолятордун камераларында оңдоо иштерин жүргүзүү, табигый жарыктын, желдетүүнүн, ылайыктуу эмеректердин, керебет жабдыктарынын жана санитардык түйүндөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу; 2) тартиптик изолятордо кармалып жаткан аялдар үчүн ичүүчү суунун, жеке гигиена каражаттарынын, ошондой эле билим берүү жана реабилитациялык программаларынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу. 11.9-КК. КР Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына кийинкилерди ишке ашыруу сунушталат: 1) пенитенциардык тутумдун кызматкерлери үчүн ЛГБТИ-соттолгондордун укуктарын урматтоо, басмырлоого бөгөт коюу жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу суроолору боюнча үзгүлтүксүз окутууларды өткөрүп туруу; 2) кызматкерлердин ЛГБТ-соттолгондорго карата басмырлоого же зомбулукка карата кайдыгер мамиле кылгандыгы же мындай аракеттерге катышкандыгы үчүн жоопкерчиликтерин күчөтүү; 3) ЛГБТ-соттолгондорго карата купуялуулукту жана адам укуктарын сактоо менен, алардын саны жана абалы жөнүндө маалыматтарды тутумдуу (системалуу) түрдө чогултуп турууну уюштуруу; 4) ЛГБТ-соттолгондор үчүн аларга карата зомбулук же басмырлоо болгон учурда, анонимдүү даттанууларды берүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу жана алардын ыкчам түрдө каралышына кепилдик берүү.

УСУЛДАМА

Бул изилдөөдө Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы аялдардын абалы, гендердик-сезимтал тоскоолдуктарды аныктоо, алардын укуктарынын сакталышына баа берүү жана бул жааттагы саясатты жана тажрыйбаны жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу максатында изилденип чыгат. Мониторинг жүргүзүүнүн усулдамасы көрсөтмөлөрдү чогултуунун жана аларга талдоо жүргүзүүнүн ар түрдүү усулдарын камтыган комплекстүү ыкмага негизделген, бул болсо изилденип жаткан көйгөйдү ар тараптуу түшүнүүнү камсыз кылат.

Изилдөөчү суроолордун сыпаттамасы

Изилдөө кийинки негизги суроолорго жооп табууга багытталган:

1. Өлкөнүн кылмыш-жаза мыйзамы адам укуктары чөйрөсү боюнча эл аралык стандарттардын гендердик аспектилерине канчалык деңгээлде шайкеш келет?
2. Аялдарды жана аярлуу топторду коргоо көз карашынан алып караганда, укук колдонуу механизмдери канчалык натыйжалуу таасир этет?
3. Мыйзам бузган аялдарга карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө жана жазаларды аткаруу тутумунда кандай көйгөйлөр жана чакырыктар жаралат?
4. Аялдарга карата сот адилеттиги тутумунун жеткиликтүү болуусу жаатында гендердик басмырлоону, социалдык жана экономикалык факторлорду кошкондо кандай негизги тоскоолдуктар бар?
5. Мыйзамдарды Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон эл аралык документтердин талаптарына шайкеш келтирүү аркылуу жакшыртуу үчүн жана кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунда аялдарды, аярлуу адамдарды коргоо үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр бар?

Бул изилдөөнүн актуалдуулугу, анын суроолору мониторинг жүргүзүүнүн максатына түздөн-түз байланыштуу тандалып алынуусу жана иштелип чыккан сунуштамалар кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумун гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жакшыртууга негизделүүсү болуп эсептелет.

Көрсөткүчтөрдү чогултуу усулун тандоо. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы аялдардын абалына изилдөө жүргүзүү үчүн көрсөткүчтөрдү чогултуунун кийинки усулдары колдонулду:

1. **Ченемдик-укуктук топтомго талдоо жүргүзүү.** Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндөгү мыйзамдарды, анын ичинде аялдардын укуктарын жана аларды коргоону жөнгө салган жоболорду изилдеп чыгуу. Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясынын (CEDAW), Пекин иш-аракеттер платформасынын жана башка документтердин алкагында Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерине жана эл аралык стандарттарга талдоо жүргүзүү.
2. **Соттук жана административдик тажрыйбага талдоо жүргүзүү.** Мыйзамды колдонуу тажрыйбасын аныктоо максатында мыйзам бузган аялдарга тиешелүү кылмыш иштерин изилдөө. Иштерди кароонун жана жазаларды аткаруунун гендердик сезимталдуу

аспектилери жөнүндө, анын ичинде басмырлоо, ырайымсыз мамиле же укуктар бузулган учурлар жөнүндө көрсөткүчтөрдү чогултуу.

3. Тереңдетилген маектешүүлөр

   Эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган, пробациялык көзөмөлдөөдөгү же кылмыш-жаза сот өндүрүшүнөн өтүп жаткан аялдар менен маектешүүлөрдү жүргүзүү. Маектешүүнүн темалары: сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүүлүгү, кармоо шарттары, укук коргоо органдары, сот тутуму жана адвокаттар менен өз ара аракеттенүү тажрыйбасы.

4. **Фокустук топтор**

   Мыйзам бузган аялдар, адвокаттар, бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү жана эксперттер менен талкууларды уюштуруу. Максаты: тутумдуу тоскоолдуктарды жана аларды жоюу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо.

5. **Статистикалык көрсөткүчтөрдү чогултуу**

   Эркиндигинен ажыратуучу жайларда кармалып турган, пробациялык көзөмөлдөөдөгү же аларга карата сот процесстери жүрүп жаткан аялдардын саны жөнүндө маалыматтарга талдоо жүргүзүү. Мыйзам бузган аялдардын социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрүн аныктоо.

6. **Бөлмөлүк изилдөө.** Кылмыш-жаза тутумундагы аялдардын абалына арналган колдо бар отчетторго, изилдөөлөргө жана басылмаларга талдоо жүргүзүү. Кыргыз Республикасынын көрсөткүчтөрүн эл аралык тажрыйба менен салыштыруу.

Мониторинг жүргүзүүнүн маанилүү этикалык аспектиси катары кийинкилер аныкталды:

1. Купуялуулукту, маалыматтык макулдукту сактоо жана экинчи жолу жабыркатууга (виктимизациялоого) жол бербөө.
2. Аярлуу топтордун арасынан маалыматтарды чогултуу үчүн адистерди тартуу (юристтерди, психологдорду, социалдык кызматкерлерди).

Бул усулдар көрсөткүчтөрдүн толук кандуу болуусун камсыз кылат жана кылмыш-жаза сот адилеттиги саясатын жана тажрыйбасын гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн негиздерди түзөт.

Көрсөткүчтөрдү чогултуу процедурасы

Мониторинг жүргүзүүдө колдонулган бардык куралдар – анкеталар, маектешүү суроолору жана фокус-топтук талкуулар үчүн колдонмо-гайддар – валиддүүлүк жана ишенимдүүлүк боюнча алдын ала тестирлөөдөн өткөрүлгөн. Бул көрсөтмөлөрдүн сапатынын жогору болуусун камсыз кылууга жол ачты жана аларды чогултуу учурунда мүмкүн болуучу бурмалоолорду минималдаштырууга шарт түздү. Тестирлөө процедурасы катышуучулардын анча чоң эмес тобу менен сурамжылоо жана маектешүү жүргүзүүнү камтыды. Маалыматтарды чогултуунун логикасын жана так процедураларын сактоо, ошондой эле текшерүүдөн өткөн куралдарды колдонуу алынган маалыматтардын ишенимдүүлүгүн жана валиддүүлүгүн камсыз кылды жана андан ары талдоо жүргүзүү үчүн бекем негиз берди.

Этикалык суроолор жана купуялуулук. Анкета толтурган, маектешүүгө жана фокус-топтук талкууларга катышкан бардык респонденттердин жекече өздүк маалыматтары жана жооптору

толугу менен жалпылаштырылды. Изилдөөчүлөр этикалык стандарттарды катуу сакташты, катышуучуларга изилдөөнүн бардык этаптарында ага катышуудан баш тартуу укугун жана өз жоопторун оңдоо мүмкүнчүлүгүн беришти.

Изилдөөнүн этикалык принциптери мониторинг жүргүзүү усулдамасында так белгиленген, бул процесстин ачык-айкындуулугун жана респонденттердин ишенимин камсыздады. Саясий контексттин татаал шарттарында купуялуулукту сактоо этикалык талап эле эмес, ошондой эле иш жүзүндө респонденттердин жана изилдөө тобунун коопсуздугун камсыз кылуу үчүн дагы зарылчылык болду.

Тандалып алынган усулдардагы негизги чектөөлөр кийинкидей болду:

- Тандоонун чектелүүлүгү: Репрезентативдүүлүктү камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлгөнүнө карабастан, респонденттердин кээ бир негизги топторунун жеткиликтүү болуусу кыйынчылыктарды пайда кылды, бул чогултулган маалыматтардын толук кандуулугуна жана ар түрдүүлүгүнө таасир этүү тобокелчилиги менен коштолду.
- Респонденттердин жеткиликтүүлүгү: Юридикалык жана уюштуруучулук тоскоолдуктардан улам мыйзам бузган айрым аялдардын жеткиликтүү болуусу чектелгендиги чогултулган көрсөткүчтөрдүн толук кандуу болуусуна таасирин тийгизүүсү тобокелчилиги менен коштолду.
- **Сапаттуу көрсөткүчтөрдүн субъективдүүлүгү**: Маектешүү учурундагы респонденттердин берген жооптору субъективдик көз караштарды камтып турушу же социалдык жактан керектүү маалыматтарды берүү ниетин билдирип турушу мүмкүн.
- **Ресурстардын чектелүүлүгү**: Убакытка жана каржыга байланыштуу чектөөлөр тандоонун көлөмүн жана изилдөөнүн айрым аспектилерине терең талдоо жүргүзүүнү чектеп коюусу мүмкүн болду.
- **Сырткы факторлордун таасири**: Толук камтылбаган социалдык-экономикалык жана маданий факторлор жыйынтыктарга жана алардын интерпретациялануусуна таасирин тийгизүүсү мүмкүн болду.
- **Саясий контекст:** Саясий абал респонденттердин ачык болуу деңгээлинин төмөн болуусуна олуттуу таасирин тийгизди.

Мониторинг жүргүзүү усулу аялдар үчүн кармоочу жайларды барып текшерүүнү, камераларды карап чыгууну, кармалгандар менен (ошондой эле анкетирлөө аркылуу) кармоо шарттарына мониторинг жүргүзүүсүз сурамжылоонун алкагында маектешип чыгууну камтыды. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жана коммерциялык эмес укук коргоо уюмдарынын учурда колдо бар мониторингдик отчеттору жетиштүү түрдөгү объективдүү маалыматтарды камтыбайт жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинине караштуу Жазаларды аткаруу кызматынын мекемелеринде кармалган жана соттолгон адамдарды материалдык-тиричиликтик камсыздоонун улуттук минималдык ченемдерин чагылдырбайт.

Мониторингдик миссиялардын байкоочуларынын тажрыйбаларынын жана квалификацияларынын ар түрдүүлүгү, уюштуруучулук-башкаруучулук формаларынын жана миссияларынын ар түрдүүлүгү, ошондой эле алардын жабык мекемелердин жетекчилиги менен өз ара аракеттенүүсүнүн конструктивдүүлүгүнүн деңгээли, мониторинг жүргүзүү процессинде чогултулган көрсөткүчтөрдүн ар тараптуу болуусуна себепчи болду, бул болсо

өлкөнүн бардык аймактарындагы аялдар абактарынын көйгөйлөрүн бирдей деңгээлде чагылдыруу мүмкүнчүлүгүн чектеди.

Бул чектөөлөр изилдөөнүн көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүзүүдө жана аларды интерпретациялоодо, ошондой эле корутундуларды жана сунуштамаларды түзүү учурунда эске алынды.

Ушул изилдөөдө колдонулган усулдама – контексттин өзгөчөлүктөрүн жана чектөөлөрүн эске алуу аркылуу иштелип чыккан уникалдуу ыкма болуп эсептелет. Ал көрсөткүчтөрдү чогултуунун ар түрдүү ыкмаларын: анкеталык сурамжылоону, маектешүүнү, байкоо жүргүзүүнү жана документтерди талдоону айкалыштырат, бул кылмыш-жаза сот адилеттүүлүгү тутумундагы аялдардын абалы жөнүндө ар тараптуу маалымат алууга мүмкүнчүлүк берет.

Максаттуу топтордун жеткиликтүүлүгү боюнча кыйынчылыктардын пайда болуусу жана айрым маалыматтардын субъективдүүлүгү сыяктуу чектөөлөрдүн орун алганына карабастан, усулдама репрезентативдүү корутундуларды чыгаруу үчүн жетиштүү көлөмдөгү маалыматты камсыз кыла алат. Бул ыкманын уникалдуулугу, анын гендердик сезимталдуулукка ылайыктуу болуп адаптациялангандыгында жана ага басым жасоо менен иштелип чыккандыгында, ал изилдөөнүн маанилүүлүгүн жана талдоо жүргүзүүнүн, анын негизиндеги сунуштамалардын актуалдуулугун жогорулатат.

БАА БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ

1-чөйрө. Кылмыш-жаза саясаты

Кылмыш-жаза кодексинин принциптери жана аларды колдонуу
3-индикатор. Кылмыш-жаза укугунун принциптери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген
3.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кылмыш-жаза кодексинин принциби баардыгынын мыйзам алдындагы бирдейлиги болуп эсептелет
Сыпаттамасы Бул принцип Адам укуктарынын жалпы декларациясынан келип чыгат,[2] анда мындай деп караштырылган: «Бардык адамдар мыйзам алдында тең укуктуу жана эч айырмаланбастан мыйзам менен бирдей корголууга укуктуу» (7-бер.), ошондой эле Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактта[3]: «Бардык адамдар соттордун жана трибуналдын алдында бирдей». Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенциясы (АББЖК) өзүнүн 15-беренесинде аялдардын жана эркектердин мыйзам алдындагы тең укуктуулугун баса белгилейт, ошондой эле соттордогу жана трибуналдардагы териштирүүлөрдүн бардык этаптарында аялдарга карата тең укуктуу мамиле кылууга чакырат.[4] Чет мамлекеттердин дипломатиялык өкүлдөрү болуп ошол суверендүү мамлекетте жайгашкан дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн башчылары жана башка мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн мүчөлөрү эсептелет. Алар аккредитация берген мамлекеттин так ачык билдирилген макулдугу менен гана суверендүү мамлекеттин кылмыш-жаза юрисдикциясына жатат. Аталган макулдук жогоруда белгиленип өткөн адамдардын бирөөсүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу үчүн, мамлекет кабыл алуучу мамлекеттин кылмыш-жаза юрисдикциясынан иммунитетин алып салуу менен билдирилет.[5] Башка суверендүү мамлекетте дипломатиялык иммунитет укугуна башка адамдар да ээ.[6]

[2] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. БУУнун Башкы Ассамблеянын 217 А (III) резолюциясында кабыл алынган. 10-декабрь, 1948 -ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml

[3] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2200 А (XXI) резолюциясында кабыл алынган. 16-декабрь, 1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[4] Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 34/180 резолюциясында кабыл алынган. 18-декабрь,1979-жыл, URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/cedaw.shtml

[5] Дипломатиялык мамилелер жөнүндө Вена конвенциясы. 18-апрель, 1961-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/dip_rel.shtml

[6] Эл аралык келишимдерге ылайык:

1) Консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвенциясы. 24.04.1963 URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pdf/consular.pdf

2) 1969-жылдын 8-декабрындагы Атайын миссиялар жөнүндө конвенция, ошондой эле эл аралык уюмдардагы чет өлкөлүк мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнүн башчыларына, мүчөлөрүнө жана кызматкерлерине, ошондой эле бул уюмдардын кызмат адамдарына дипломатиялык иммунитет берүү укугун караган келишимдер. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/sp_missions.shtml

3) Бириккен Улуттар Уюмунун привилегиялары жана иммунитеттери тууралуу Конвенциясы. 13.02.1946 URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/privileg.shtml

Принцип төмөнкүлөрдөн турат: 1) бардык адамдар Кылмыш-жаза кодексинин алдында бирдей; 2) Кылмыш-жаза кодекси дипломатиялык же ага теңдеш иммунитеттен башка, белгилүү кызматтарды ээлеген адамдар үчүн иммунитеттерди караштырбайт.

Айрым адамдарга (мисалы, балдарга жана жаш адамдарга, улгайган адамдарга, акыл-эси чектелген адамдарга, кош бойлуу аялдарга, чет элдик жарандарга, мурда кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылгандарга, кылмышты жасоого кошо катышкан адамдарга, ошондой эле белгилүү бир кызматты ээлеген адамдарга) карата кылмыш-жаза-укуктук каражаттарын колдонуунун өзгөчөлүктөрү Кылмыш-жаза кодексинде белгиленген тең укуктуулук принцибин бузуу болуп эсептелбейт. Ушуга байланыштуу Адам укуктары боюнча комитет, тең укуктуулук бирдей мамиле кылуу дегенди түшүндүрбөйт деп баса белгилейт. Ошондой эле, ЖСУЭП 6-беренесинде (5-пункту) өлүм жазасы 18 жаш курагына толо элек адамдарга жана кош бойлуу аялдарга карата колдонулбайт деп белгилейт. 10-беренеси (3-пункту) жашы жетелек камактагы балдарды жашы жеткен чоң адамдардан бөлүүнү талап кылат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Жарандардын тең укуктуулугу принциби – эл аралык дагы жана улуттук дагы укукта жалпы укуктук негизги принцип болуп эсептелет. Негизги болуп эсептелген тең укуктуулук жана басмырлоого тыюу салуу принциби КР Конституциясынын 24-беренесинде белгиленген, ага ылайык мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деп жарыялайт жана жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырлоого тыюу салат. Андан ары ушул эле беренеде эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ деп өзүнчө белгиленет.[7] КР Конституциясынын 32-беренеси басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырган улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөөгө тыюу салат. Кыргызстанда басмырлоого тыюу салуу жана тең укуктуулук жөнүндө жалпы баарын камтыган мыйзам жок.[8] Басмырлоого тыюу салган белгилердин тизмеси гендердик идентүүлүгү жана сексуалдык багыты боюнча басмырлоону камтыбайт. КР «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамында гендердик тең укуктуулук өзүнө укуктардын жана милдеттердин бирдейлигин, КР мыйзамдарында бекитилген жумшартуучу жагдайларды эске албаганда ар башка жыныстагы адамдардын мыйзам алдындагы жоопкерчиликтүүлүгүн камтыйт.

КР КЖК белгиленген бирдейлик принциби КР Конституциясындагыдай жоболорду өзүнө камтыйт жана бардык адамдар КР Кылмыш-жаза кодексинин алдында бирдей деп жарыялайт.[9]

---

4) БУУнун адистештирилген мекемелеринин привилегиялары жана иммунитеттери тууралуу Конвенциялары. 21.11.1947 URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/specagencies_privileges.shtml

5) Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты. 16.12.1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[7] Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренеси. 5-май, 2021-ж. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/ru

[8] 11-пункт. Кыргыз Республикасынын үчүнчү мезгилдик баяндамасы боюнча акыркы сунуштамалар, 2022-жылдын 9-декабры. Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакт. Адам укуктары боюнча Комитет.URL: https://docs.un.org/ru/CCPR/C/KGZ/CO/3

[9] 4-берене. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл. №127 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

Жана Кылмыш-жаза кодексинде белгиленген айрым адамдарга (мисалы, балдарга жана жаш адамдарга, улгайган адамдарга, акыл-эси чектелген адамдарга, кош бойлуу аялдарга, чет элдик жарандарга, мурда кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылгандарга, кылмышты жасоого кошо катышкан адамдарга, ошондой эле белгилүү бир кызматты ээлеген адамдарга) карата кылмыш-жаза-укуктук каражаттарын колдонуунун өзгөчөлүктөрү дал ошол Кылмыш-жаза кодексинде белгиленген тең укуктуулук принцибин бузуу болуп эсептелет.

Ошол эле учурда адамдарды гендердик белгиси боюнча бөлүү («гендер» түшүнүгү – ар кандай жыныстагы адамдардын коомдо калыптанган жана социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму; ар башка жыныстагы адамдардын ээ болгон, социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму; саясатты, экономиканы, укукту, идеологияны, маданиятты, билим берүүнү жана илимди кошкондо, турмуштун бардык чөйрөлөрүндө көрсөтүлгөн эркектер жана аялдардын ортосундагы мамилелердин социалдык аспектиси)[10] Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында (анын ичинде КР Кылмыш-жаза кодексинде) «эркек» жана «аял» деген түшүнүктөрдү, же болбосо курамына эркектер да, аялдар да кирген жалпы топторду колдонуу аркылуу жетишээрлик деңгээлде колдонулууга жатат. КР Кылмыш-жаза кодексинин жазалоо институтуна тиешелүү жоболоруна талдоо жүргүзүү «эркек» жана «аял» деген түшүнүктөр колдонуларын көрсөттү же курамына эркектер дагы, аялдар дагы кире турган айрым бир топторду бөлүп көрсөтөт. «Эркек» жана «аял» түшүнүктөрүн колдонууда Кылмыш-жаза кодекси эркектер менен аялдардын репродуктивдик ролдорунун өзгөчөлүктөрүн эске алат, мисалы, кош бойлуу аялдарды, үч жашка чейинки балдары бар аялдарды, ошондой эле бала багууга байланыштуу өргүүдө жүргөн аялдарды жана эркектерди өзүнчө бөлүп көрсөтөт. Мындан сырткары, КР КЖК жаза колдонулбай турган бир катар топторду камтыйт, мисалы, алардын кесибине байланыштуу – аскер кызматкерлери, окуп жаткандар, жумушсуздар; ден соолугунун абалына байланыштуу – I жана II экинчи топтогу майыптыгы бар адамдар, эмгекке жөндөмсүз адамдар; жаш курагына байланыштуу – 18 жаш курагына толо элек адамдар жана пенсия курагындагы адамдар. Бул топтор өзүнө эркектерди дагы жана аялдарды дагы камтышы мүмкүн. Мисалы, эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жазалар аскер кызматчыларына, I жана II топтогу майып деп таанылган адамдарга, кош бойлуу аялдарга, ошондой эле бала багуу боюнча өргүүдөгү аялдарга жана эркектерге, пенсия курагына жеткен адамдарга, ошондой эле коомдук иштердин мөөнөтү аяктаганга чейин пенсия курагына жетүүгө тийиш болгон адамдарга дайындалбайт.[11] Дал ушул сыяктуу эле, эмгек түзөтүү иштери өндүрүштөн ажыратылган окуу жайларда окуп жаткан, аскер кызматында жүргөн, эмгек түзөтүү мөөнөтү бүткөндөн мурда пенсия курагына толо турган, кош бойлуу аялдар, үч жашка чейинки балдары бар аялдар, үч жашка чейинки баласы бар жалгыз ата-энелер, I жана II топтогу майыптар, туруктуу жашаган же иштеген жери жок адамдарга карата дайындалбайт.

Эркиндигинен ажыратуу менен байланышкан жаза чараларына келсек, КР Кылмыш-жаза кодекси өмүр боюу эркиндигинен ажыратууга карата чектөөлөрдү киргизет, бул жыныстык белгиси боюнча басмырлоонун бар болуусу (жоктугу) көз карашынан бир тараптуу эмес катары көрүнүшү мүмкүн. КР КЖК 63-беренесинде мыйзам чыгаруучу тарабынан бардык

[10] 1-берене. «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы 4-август, 2008-жыл № 184. Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы Мыйзамынын редакциясында. № 97) URL:
https://cbd.minjust.gov.kg/202398/edition/382698/ru

[11] 61-берене. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл, №127 URL:
https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

аялдарга карата өмүр боюу эркиндигинен ажыратууга тыюу салуу караштырылган. Ошол эле учурда мыйзам чыгаруучу өмүр боюу эркинен ажыратуу жашы он сегизге толо элек кылмыш кылган адамдарга, тактап айтканда, эркек балдарга, ошондой эле кылмыш жасаган учурда алтымыш жашка толо элек эркек адамдарга, бирок алар баланын жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштарды жасаган окуялардан сырткаркы учурларда гана колдонулат. Ошондой эле, КР КЖК 68-беренесинин 3-бөлүгүндө өмүр бою эркиндигинен ажыратуу ырайым кылуу тартибинде жыйырма жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу менен алмаштырылышы мүмкүн деп белгилеген. КР КЖК соттолгон аялдарга карата 20 жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазалоону дайындоого тыюу салууну караштырат, бул ушул беренеде эркектерге карата басмырлоочу белгилер бар деген күмөн саноону четке кагат.

Жазалоону дайындоодо КР КЖК соттордун жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды колдонуу укугун белгилейт. Гендердик мамиле бөлүгүндө КЖК жеңилдетүүчү жагдайлар катары он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки куракгагы баланын кылмыш жасашын (жынысынан көз карандысыз түрдө), ошондой эле кош бойлуу абалдагы аялдын кылмыш жасашын камтыйт (73-бер. 1, 5,6-пункттары). Гендердик сезимталдуулук боюнча оордотуучу жагдайлардын ичинен, кийинки жагдайларды бөлүп көрсөтүүгө болот: балага, майыптыгы бар адамга, улгайган адамга же алсыз абалдагы адамга карата кылмыш жасоо; кош бойлуу аялга карата кылмыш жасоо (74-бер., 1-бөлүк, 4-5-пункттар). Аталып өткөн оордотуучу жагдайлардан сырткары, КР КЖК кылмышты расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар аралык касташуунун (чыр-чатактын) айынан жасоону дагы оордотуучу жагдайлар катары караштырат (74-бер., 1-бөлүк, 2-пункт). Бул тизме жыныстык жек көрүү, сексуалдык багыты же гендердик иденттүүлүк белгилери боюнча жек көрүү негизиндеги белгилерди камтыбайт.

Тең укуктуулук жана басмырлоого тыюу салуу принциби аларды бузгандык үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигинин киргизилүүсү менен колдоого алынуусу керек. Ушуга байланыштуу КР Кылмыш-жаза кодексинде тең укуктуулукту бузуу жана басмырлоо үчүн адамды жоопкерчиликке тартууга боло турган эки беренени камтыйт. КР КЖК 189-беренеси адамдын тең укуктуулугун бузгандыгы үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин караштырат, а тактап айтканда жынысына, расасына, улутуна, тилине, майыптыгы бар болуусуна, этностук таандыктыгына, туткан динине, курагына, саясий же башка ишенимдерине, билимине, тегине, мүлктүк же башка абалына жараша укуктарды түз же кыйыр чектөө, же болбосо түз же кыйыр артыкчылыктарды белгилөө этиятсыздыктан олуттуу залал келтиргендиги үчүн. Келтирилген зыяндын оордугунан көз карандылуу түрдө эркиндигинен ажыратууга чейинки жаза дайындалат.[12] КР КЖК жек көрүүчүлүктү козуткандыгы үчүн жоопкерчиликти караштырган 330-беренеси, тактап айтканда расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар аралык кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же кемчиликтерин пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тармактарынын жардамы менен жасалган аракеттер үчүн жоопкерчиликти караштырат, бирок гендердик себептен

[12] 189-берене. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл, №127 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

улам жек көрүүнү пропагандалоого конституциянын чегинде тыюу салынганына карабастан, жынысы, сексуалдык багыты жана гендердик идентүүлүгү сыяктуу белгилерди камтыбайт.[13]

Корутундулар

1. КР Конституциясында, КР КЖК 4-беренесинде жана «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамында караштырылган жарандардын мыйзам алдындагы тең укуктуулугу принциби, гендердик тең укуктуулук бөлүгүндө эл аралык стандарттардын ченемдерине толук кандуу шайкеш келбейт, анткени алар сексуалдык багыты жана гендердик идентүүлүгү белгилери боюнча басмырлоого тыюу салууну камтыбайт. Учурдагы ыкма эки жыныстын өкүлдөрүнүн ортосунда басмырлоонун орун албоосун камсыз кылат жана Кыргыз Республикасынын тең укуктуулук жана жынысынан көз карандысыз түрдө бардык жарандарды мыйзам чегинде бирдей коргоого алуу принциптерин так сактоосун камсыз кылат.

2. Кыргызстанда басмырлоого каршы баарын камтыган комплекстүү мыйзам жок. КР КЖК учурдагы ченемдери жынысынын, гендердик идентүүлүгүнүн жана сексуалдык багытынын негизинде басмырлоодон коргоону толук кандуу камтыган эмес

3. КР Кылмыш-жаза кодексинде жазаларга тиешелүү бир катар ченемдер эркектердин дагы, аялдардындагы баланы багуу боюнча репродуктивдик ролун таануу, ошондой эле кош бойлуу аялдарды коргоо жана аларга өзгөчө мамиле жасоо боюнча эл аралык стандарттардын талаптарына жооп берет.

Сунуштамалар

1. Баасмырлоодон бардык чөйрөлөрдө коргоону толук кандуу жана натыйжалуу камсыз кылган, басмырлоо үчүн, анын ичинде сексуалдык багыты жана гендердик идентүүлүгү боюнча басмырлоо үчүн негиздердин (себептердин) тыюу салынган толук тизмесин камтып турган жана аларды бузган учурда укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарын караштырган, басмырлоого каршы бардык аракеттерди камтыган мыйзам кабыл алуу сунушталат.[14]

2. Зарыл: 1) Жек көрүүнүн жынысы, сексуалдык багыты жана гендердик идентүүлүгү боюнча белгилерин оордотуучу жагдайлар катары караштыруу максатында КР КЖК 74-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна өзгөртүүлөрдү киргизүү; 2) Кийинки: гендердик идентүүлүктү, сексуалдык багытын тең укуктуулук бузулушу мүмкүн болгон белгилер/негиздер катары толуктоо үчүн КР КЖК 189-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү. 3) КР Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесин 32-беренесине шайкеш келтирүү жана жек көрүүнү козутууга негиз боло турган төмөнкүдөй: жынысы, гендердик идентүүлүгү, сексуалдык багыты белгилери менен толуктоо максатында өзгөртүүлөрдү киргизүү керек.

3.6-КК. Кылмыш-жаза кодексинин принциби гумандуулук болуп эсептелет

Сыпаттамасы

[13] 330-берене.Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл, №127 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

[14] 12 а) 2022-жылдын 9-декабрындагы Кыргыз Республикасынын үчүнчү мезгилдик баяндамасы боюнча жыйынтыктоочу сунуштар, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Адам укуктары боюнча комитет. URL: https://docs.un.org/ru/CCPR/C/KGZ/CO/3

Эл аралык стандарттар деңгээлинде гумандуулук принциби кылмыш-жаза мыйзамында төмөнкүдөй түрдө чагылдырылат:[15] 1)Кылмыш-жаза кодекси укукка каршы жосун жасаган адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин гумандуу түрдө чектөөнү караштырат; 2) Кылмыш-жаза кодекси кылмыш жоопкерчилигин дифференциациялоонун кеңири мүмкүнчүлүктөрүн, тактап айтканда жазадан бошотууну же аны өтөөнү кыйла жеңил жазага алмаштырууну караштырат; Мыйзамда парламенттин амнистия жарыялоо укугу жана мамлекет башчысынын ырайым кылуу укугу караштырылган; 3) Кылмыш-жаза кодекси жаза дайындоодо жаза чарасын жеңилдетүүчү жагдайлардын өзгөчө тизмесин эске алууну милдеттендирет, ошондой эле тизменин чегинен тышкаркы (тизмеге кирбеген) оорлотуучу жагдайларды колдонууга тыюу салат жана башка оорлотуучу жагдайды колдонуу же колдонбоо укугун соттун кароосуна калтырат; 4) Кылмыш-жаза укуктук каражаттар дене бойлук азаптанууларды келтирүүчү же адамзаттын кадыр-баркын басынтуучу каражаттарды камтыбайт. Эч ким кыйноолорго же ырайымсыз, адамкерчиликсиз же басынткан мамилелерге жана жазаларга кабылбашы керек; 5) эч ким өлүм жазасына тартылуусу мүмкүн эмес; 6) мажбурлоочу эмгекке соттун өкүмү менен эркиндигинен ажыратылганда гана колдонулат.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын[16] преамбуласында жана 23-беренеде чагылдырылган гумандуулук принциби бекитилген, ал адамдын укуктары жана эркиндиктери ажырагыс жана мыйзам тарабынан корголгон деп жарыялайт. 24-беренеси бирдей укуктарды камсыз кылуу үчүн атайын чараларды кошпогондо, ар түрдүү белгилери боюнча басмырлоого тыюу салат. 25-берене өлүм жазасына тыюу салат. 28-берене согуш, табигый кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуну, ошондой эле сот чечимин аткаруу тартибин кошпогондо, мажбурланган эмгекке тыюу салат. 56-берене кыйноолорго, медициналык, биологиялык, психологиялык тажрыйбаларга тыюу салат жана өлкөнүн кылмыш-жаза укуктук тутумунун негизин калыптандыруу менен эркиндигинен ажыратылган адамдарга гумандуу мамиле кылууну кепилдикке алат.

КР КЖК 9-беренеси инсанды, анын өмүрүн жана ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын, кол тийбестигин жана коопсуздугун коргоону баса белгилейт. КР КЖК жогоруда белгиленген бир катар ченемдеринде кош бойлуу аялдарга, бала багуу боюнча өргүүдөгү аялдарга жана эркектерге гумандуу жазаларды дайындоону, аялдар жана өспүрүмдөр үчүн өмүр боюу эркиндигинен ажыратууга тыюу салууну баса белгилейт. Ошондой эле КР КЖК ооругандыгы жана кош бойлуулугу боюнча жазаларды өтөөнүн мөөнөтүн артка жылдыруу боюнча бир катар жоболорду камтыйт. КР КЖК 87-беренесинин 1-бөлүгү айыпталуучу же соттолгон кош бойлуу аялга, он төрт жашка чейинки баласы бар аялга, ошондой эле оор же өзгөчө оор кылмыш үчүн айыпталгандан жана соттолгондон тышкары, он төрт жашка чейинки баласы бар жана жалгыз бой атасы болуп саналган эркекке, бала он төрт жашка чыкканга чейин жазаны өтөө мөөнөтүн кийинкиге калтырууга жол берет.[17] КР КЖК 91-беренеси тизмеге киргизилген оорусу бар болуу себеби боюнча аялдарды дагы, эркектерди дагы

[15] Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 5-беренесин караңыз. URL: https://www.un.org/ru/about-us/universal-declaration-of-human-rights; Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 7-8-беренелери. Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясында кабыл алынган.16-декабрь 1966-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

[16] Кыргыз Республикасынын Конституциясы 5-май, 2021-ж. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/ru

[17] 87-берене. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл. №127 URL: https://cbd.minjust.gov.kg/3-38/edition/2087/ru

адамды эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазалардан бошотууга жол берет. Ал эми эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жазаларга келсек, анда жазадан коомдук иштер же түзөтүү жумуштары, айып салуу түрүндө бошотуу I же II топтогу майыптыгы бар адамдарга берилиши мүмкүн. Ошондой эле, эгерде кош бойлуулугу соттун өкүмү чыгарылгандан кийин билинсе, сот кош бойлуу аялды коомдук иштер жана түзөтүү жумуштар түрүндөгү жазаны андан ары өтөөдөн бошотот.[18]

Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кош бойлуу аялдарга өзгөчө көңүл бөлүнөт, бирок мыйзамдар ушул укукту бузгандыгы үчүн кылмыш жаза жоокерчилигин бардык убакта эле караштыра бербейт. КР «Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» [19] Мыйзамы кош бойлуу аялдарга жана соттолгондорго биомедициналык экспертиза жүргүзүүгө тыюу салат, бирок бул тыюу салуулар кылмыш-жаза мыйзамында дайыма эле чагылдырыла бербейт. Демек, КР мыйзамдары конституциялык ченемдер жана атайын мыйзамдар аркылуу гумандуулук принциптерин жана адам укуктарын, өзгөчө калктын аярлуу катмарынын укуктарын коргоону камсыз кылууга умтулууда, муну менен бирге жакшырта иштеп чыгууну талап кылган айрым башка чөйрөлөр дагы бар. Ошол эле учурда, улуттук кылмыш-жаза укугунда гумандуулук принциби эки жактуу чагылдырылган. Бир жагынан алганда, ал адамды жогорку баалуулук катары коргоону, анын укуктарын, эркиндиктерин, ар-намысын жана кадыр-баркын сактоону, ошондой эле коомдун кызыкчылыктарын жана жалпы улуттук коопсуздукту кылмыштуу кол салуулардан сактоону көздөйт.

Экинчи жагынан, ал күнөөлүү адамга карата мамилени мүнөздөйт, ага кылмыш-жаза же башка кылмыш-жаза-укуктук мүнөздөгү чараларды дайындоону аныктайт, буга ылайык мындай чаралардын, анын ичинде пробациялык көзөмөлдүн дагы максаты дене бойлук азаптантуу же адамдык кадыр-баркты кемсинтүү эмес.

Улуттук кылмыш-жаза мыйзамдарындагы гумандуулук, эң оболу, мамлекет жаза чараларын колдонуп жатып, кылмыш жасаган адамдан өч алууга, ага дене бойлук же психикалык азаптанууларды тарттырууга же анын адамдык кадыр-баркын кемсинтүүгө умтулбоо түрүндө пайда болот.

Албетте, жаза белгилүү бир деңгээлде азап тарттырат жана азап тарттыруусу керек, ошондой эле кылмыш жасаган адамды айрым укуктардан ажыратат (антпесе ал жаза болбойт эле), бирок жазанын максаттары кылмыш жасаган адамды оңдоо, ага мыйзамды сыйлап жашоо көндүмдөрүн үйрөтүү, коом үчүн пайдалуу ишке тартуу жана ушунун негизинде аны коомго анын олук кандуу мүчөсү катары кайтаруу болуп эсептелет.

Кылмыш-жаза мыйзамындагы гумандуулук ошондой эле кылмыш жасаган адамга таасир этүүчү фактор катары гана кызмат кылбастан, мындан сырткары адамдарды кылмыш жасоодон токтотуп, андан ары адамды жазалоонун элементи болуп эсептелген айрым каргашалуу кесепеттерден куткарып калуу үчүн дагы кызмат кылат.

Кыргыз Республикасы гумандуулук принцибин карманууменен кылмыш-жаза укуктук репрессиялары чараларын зарылчылык жок колдонбойт, алардын ичинен аялдарга карата кыйла ырайымсыз чараларды колдонууну кыскартат, мисалы **өмүр** боюу эркиндигинен ажыратууну жана **өлүм** жазасын колдонууга конституциялык деңгээлде тыюу салынган. Жогорудагы белгиленип **өткөндөргө** таянып, улуттук кылмыш-жаза саясатынын максаты,

[18] Ошол жерде. 91-берене.

[19] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 12-январь, 2024-жыл № 14 «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» (2024-жылдын 7-августундагы № 163 Мыйзамынын редакциясында, 2024-жыл, 6-декабрь, № 195, 21-январь, 2025-жыл № 22). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-5260/edition/1939/ru

гумандуулук принциби кылмыш-жаза мыйзамына кылмыш-жаза укуктук мажбурлоо чараларын минималдуу түрдө камтууга жана кылмыш жасаган адамды социализациялоо жетишүүгө багытталган деп айтсак болот.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы преамбуласы жана 23-24-56-беренелери аркылуу гумандуулук принцибин караштырат жана адамдын ажырагыс укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылат, басмырлоого жана кыйноолорго тыюу салат. Гумандуулук принциби улуттук кылмыш-жаза мыйзамында адам укуктарын коргоону жалпысынан камсыз кылат жана жазалоо үчүн жазалоого эмес, кайрадан социалдаштырууга жана кылмыштардын алдын алууга басым жасоо менен, айыпкерлерге гумандуу мамиле кылууга багытталган. Аялдарды өмүр боюу эркинен ажыратууга мыйзам чегинде тыюу салынышы жазалоонун кыйла катаал чараларын колдонууну төмөндөтүү аркылуу адилеттүүлүккө жана гумандуулукка умтулууну чагылдырып турат. Гумандуулук принциби кош бойлуу аялды өзгөчө бөлүп көрсөтүү менен пробация, жазаны өтөөнү артка жылдыруу жана жазаны өтөөдөн бошотуу мүмкүнчүлүктөрү түрүндө дагы колдонулат.

«Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Мыйзам кош бойлууларга жана соттолгондорго карата биомедициналык изилдөөлөргө тыюу салат, бирок бул тыюу салуулар Кылмыш-жаза кодексинде толугу менен камтылган эмес, бул болсо алардын юридикалык күчүн төмөндөтөт.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине кош бойлуу аялдарга жана камакта кармалып турган адамдарга биомедициналык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө тыюу салган жоболорду Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине түздөн түз муну бузгандыгы үчүн катуу санкциялары менен киргизүү сунушталат.

5-чөйрө. Юридикалык жардам

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү
1-индикатор. Муктаж адамдар биринчи юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ (консультациялык-укуктук жардамга)
1.1-КК. Өлкөдө муктаж адардам үчүн биринчи юридикалык жардамдын кеңири жеткиликтүүлүгү камсыз кылынган
Сыпаттамасы Мамлекеттер айыл жергесинде, алыскы жана экономикалык, социалдык жактан начар өнүккөн аймактарда жашаган адамдарга, ошондой эле экономикалык жана социалдык жактан калктын аярлуу катмарына кирген адамдарга юридикалык жардам көрсөтүлүүсүн камсыз кылууга тийиш.[20] Мамлекеттер юридикалык жардам көрсөтүүдө *юристтер ассоциацияларынын, университеттердин, жарандык коомдун жана башка топтордун жана мекемелердин* салымын таануусу жана колдоосу керек.[21] Андан ары, мамлекеттер аялдарга, балдарга жана өзгөчө муктаждыктары бар топторго,[22] анын ичинде жыныстык жана жаш курагына байланыштуу өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, юридикалык жардамдын реалдуу түрдө жеткиликтүүлүгүн камсыздоосу зарыл.[23] Мында төмөнкү жагдайларды эске алуу өзгөчө маанилүү: 1) шаарда жана айылда биринчи юридикалык жардам тутумун институционалдаштыруу; 2) биринчи юридикалык жардамды коомдук бирикмелер аркылуу көрсөтүү механизмин түзүү; 3) укуктук маданиятты илгерилетүү жана юридикалык мүнөздөгү маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, укуктук нигилизмди кыскартуу (анын ичинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн алкагында бейөкмөт уюмдардын катышуусунда укуктук агартуу кампанияларын өткөрүү); 4) көрсөтүлүп жаткан биринчи юридикалык жардамдын сапатына жана натыйжалуулугуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүп туруу. Консультациялык-укуктук жардамдын жеткиликтүүлүгү адам укуктарынын маанилүү негизги кепилдиги катары эл аралык деңгээлде таанылган. ЖСУЭПтын 2-беренеси мамлекеттерди төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттендирет: 1) укугу бузулган

[20] 10-принцип (33). Бириккен Улуттар Уюмунун Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумдарында юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү боюнча принциптери жана жетектөөчү жоболору боюнча Башкы Ассамблея тарабынан кабыл алынган резолюция (үчүнчү комитеттин баяндамасы боюнча). (A/67/458). URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/13-86672_e_book.pdf

[21] 14-принцип. Бириккен Улуттар Уюмунун Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумдарында юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү боюнча принциптери жана жетектөөчү жоболору боюнча Башкы Ассамблея тарабынан кабыл алынган резолюция (үчүнчү комитеттин баяндамасы боюнча). (A/67/458). URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/13-86672_e_book.pdf

[22] Мындай калктын катмарына улгайган адамдар, аз улуттардын өкүлдөрү, майыптыгы бар адамдар, акыл-эсинин бузулуулары барлар, ВИЧ жуктургандар жана башка оор жугуштуу илдеттери бар адамдар, баңгизатка көз каранды адамдар, байыркы элдердин жана жергиликтүү элдердин өкүлдөрү, жарандыгы жок адамдар, башпаанек издегендер, чет өлкөлүк жарандар, мигранттар жана эмгек мигранттары, качкындар жана өлкө ичинде жер которгондор кирет.

[23] 32-берене. Бириккен Улуттар Уюмунун Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумдарында юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү боюнча принциптери жана жетектөөчү жоболору боюнча Башкы Ассамблея тарабынан кабыл алынган резолюция (үчүнчү комитеттин баяндамасы боюнча). (A/67/458). URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/13-86672_e_book.pdf

ар бир адам үчүн натыйжалуу укуктук коргоо каражаттарын; 2) бул укукту аныктоо жана коргоо үчүн компетенттүү органдардын – сот, административдик же мыйзам чыгаруу органдардын – жеткиликтүүлүгүн; 3) компетенттүү органдар тарабынан көрсөтүлүүчү укуктук коргоо каражаттарын жүзөгө ашырууну.

«Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш-жаза иштери боюнча укуктук жардамдар жана укуктук мамилелер жөнүндө» конвенцияда [24] катышуучу-мамлекеттердин бардык жарандары үчүн акысыз юридикалык жардамдын тең укуктуулукта жеткиликтүүлүгү кепилдикке алынат.

Укуктук жардамды, анын ичинде биринчи юридикалык жардамды көрсөтүүнүн алкагында, аялдар үчүн мамлекеттин кийинкидей милдеттери өзгөчө маанiге ээ: гендердик көйгөйлөр боюнча талдоо жүргүзө алган жана купуялуулуктун принциптерин сактаган, гендердик тең салмактуулукка ылайык тандалган консультанттардын курамын камсыз кылуу.[25]

Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин (78) 8-резолюциясына ылайык, юридикалык жардам көрсөтүү кайрымдуулук катары эмес, коомдун жалпы милдети катары кабыл алынууга тийиш. Экономикалык тоскоолдуктар мейли жарандык, административдик же кылмыш иштери болсун, адамды өз укуктарын коргоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпашы керек. Маанилүү кошумча - бул юридикалык консультация алуу укугу болуп эсептелет, ал соттук талаш-тартыштардын алдын алууда жана өзгөчө экономикалык жактан аялуу катмарлар үчүн укуктарын коргоодо чечүүчү роль ойнойт, бул багытта мамлекеттерге төмөнкү милдеттер жүктөлгөн:

- басмырлоодон коргоону камсыз кылуу (Расалык басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциянын 6-беренеси); [26]
- кыйноолордон жабыр тарткан адамдар үчүн компенсация алуу процедураларынын жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу (Кыйноолорго каршы Конвенциянын 14-беренеси);[27]

- сот адилеттигинин, анын ичинде юридикалык жардамдын жеткиликтүү болуусу үчүн качкындарга өлкөнүн жарандары менен бирдей шарттарды камсыз кылуу (Качкындардын макамы жөнүндө конвенциянын 16-беренеси)[28].
- аялдардын укуктарын эркектер менен тең укуктуу негизде юридикалык жактан

[24] Жарандык, үй-бүлөлүк жана жазык иштери боюнча укуктук жардам көрсөтүү жана укуктук мамилелер жөнүндө конвенция. 2002-жылдын 7-октябрында Кишинёв шаарында кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 19-мартындагы №29 Мыйзамы менен ратификацияланган. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/17401/edition/297440/ru

[25] 37-параграф (b). Аялдар үчүн сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусу боюнча №33 Жалпы сунуштама, 2015-жылдын 3-августунда кабыл алынган. Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет (АБЖК).

[26] Расалык басмырлоонун бардык түрүн жоюу боюнча эл аралык конвенция. Башкы Ассамблеянын 2106 (XX) резолюциясында кабыл алынган. 21-декабрь, 1965-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/raceconv.shtml

[27] Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же адамдык кадыр-баркты кемсинткен мамилеге же жазалоонун түрлөрүнө каршы Конвенция. Башкы Ассамблеянын 39/46 резолюциясында кабыл алынган. 10-декабрь, 1984-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/torture.shtml

[28] Качкындардын статусу жөнүндө Конвенция. 1951-жылдын 28-июлунда качкындардын жана атуулдугу жок адамдардын статусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн конференциясы тарабынан кабыл алынган. Бул конференция 1950-жылдын 14-декабрындагы БУУнун Башкы Ассамблеясынын 429 (V) резолюциясына ылайык чакырылган. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/refugees.shtml

коргоону бекитүү жана улуттук компетенттүү соттор жана башка мамлекеттик мекемелердин көмөктөшүүсү аркылуу аялдарды басмырлоонун кандай гана түрлөрүнөн болбосун натыйжалуу коргоону камсыз кылуу.[29]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасы эл аралык милдеттенмелерине негиздеп, улуттук мыйзамдарында укуктук жардам көрсөтүүнү бекитти. КР Конституциясынын 61-беренесинде ар бир адамдын мыйзам тарабынан тыюу салынбаган бардык жеткиликтүү ыкмалар аркылуу өз укуктарын жана эркиндиктерин коргоо укугу, ошондой эле бузулган укуктарынын калыбына келтирилишин камсыз кылуу укугу, ошондой эле квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу, анын ичинде мыйзамда каралган учурларда ал юридикалык жардамды мамлекеттин эсебинен алуу укугу бекитилген.

«Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө»[30] Мыйзамы социалдык жактан аярлуу топтор үчүн, алар сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү укуктарын ишке ашыруусу үчүн акысыз укуктук колдоо көрсөтүүнү, адилеттүү соттук териштирүүнү камсыз кылуу жана алда канча натыйжалуу, адилеттүү, отчет берүүчү жана укуктун үстөмдүгүнө жана адамдын негизги укуктарын коргоого негизделген сот адилеттигин жүргүзүү тутумун түзүүнү камсыз кылат.

Бул мыйзамдын таасири Кыргыз Республикасынын жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана ушул Мыйзамда каралган учурларда жана тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алууга муктаж болгон качкындарга жайылтылат жана мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын уюштуруу-укуктук, социалдык-экономикалык, каржылык, маалыматтык, көзөмөлдөөчүлүк жана башка негиздерин аныктайт, ошондой эле мамлекет кепилдеген юридикалык жардам чөйрөсүндөгү саясатты координациялоо жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук бөлүмүнүн укуктук макамын жана ыйгарым укуктарын белгилейт. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам консультациялык-укуктук жана квалификациялуу юридикалык жардам түрүндө көрсөтүлөт (3-берене).

Консультациялык-укуктук жардам мыйзам тарабынан Кыргыз Республикасынын укуктук тутуму, укук субъекттеринин укуктары жана милдеттери, укуктарды соттук жана соттон тышкаркы тартипте ишке ашыруу жана пайдалануу ыкмалары жөнүндө маалымдоо; укуктук маселелер боюнча консультацияларды берүү; укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө жардамдашуу; адамдын квалификациялуу юридикалык жардамга жетүүсүн камсыз кылууга жардам көрсөтүү; квалификациялуу юридикалык жардам аныктамасына туура келбей турган жардамдардын башка формалары катары каралат. Консультациялык-укуктук жардам алууга Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар жана качкындар укуктуу (КР МКЮЖ жөнүндө Мыйзамынын 4-бер. 3-п.).

КР МКЮЖ жөнүндө Мыйзамынын 11-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, консультациялык-укуктук жардам берүүгө жооптуу субъекттер кийинкилер болуп эсептелет:

1) мамлекеттик органдар жана алардын ведомстволук мекемелери;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ведомстволук мекемелери;

[29] 2-берене (c). Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенция. 1979-жылдын 18-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 34/180-резолюциясы менен кабыл алынган. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/cedaw.shtml

[30] Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 10-августундагы № 91 «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы (КР 27-февраль 2024-жылдагы Мыйзамынын редакциясында № 58). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112412/edition/3556/ru

3) ыйгарым укуктуу органдын ведомстволук бөлүмү жана анын аймактык бөлүмдөрү;

4) адвокаттар, адвокаттардын жардамчылары, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар, юридикалык клиникалар жана көмөкчү юристтер.

Акысыз консультациялык-укуктук жардам жарандардын бардык категориялары үчүн мыйзамда бекитилген тартипте алардын компетенцияларына тиешелүү суроолор боюнча укуктук консультация берүү түрүндө оозеки жана жазуу формаларында берилет. Мыйзам тарабынан Көмөкчү юрист тер катары консультациялык-укуктук жардам көрсөтүүчү, юридикалык билими жок, белгилүү чөйрөдө атайын түшүнүктөрү бар адамдар таанылат (КР МКЮЖ жөнүндө мыйзамдын 5-беренеси), анын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин «Кыргыз Республикасындагы көмөкчү юристтердин иши жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» 2024-жылдын 14-августундагы №468 Токтому менен жөнгө салынат.[31]

Кыргызстанда азыркы учурга чейин өлкөнүн бардык аймактары боюнча 38 Консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү Борборлору түзүлгөн жана иштейт.[32] Жарандарга ошондой эле «114 түз байланыш түйүнүнө», «Онлайн консультациялар» санариптик порталына укуктук консультацияларды алууга кайрылуу жана аймактарга «тилектештик автобусу» акциясынын алкагында көчмө укуктук клиникалардын баруусу мүмкүнчүлүктөрү берилет. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Юридикалык жардам кызматынын Консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү Борборлоруна (мындан ары - борборлор) консультациялык-укуктук жардам алуу үчүн кайрылуулардын статистикасына жүргүзүлгөн талдоо мамлекеттик органдын расмий сайтына жарыяланган,[33] ал аялдардын консультациялык-укуктук жардам алуу үчүн Борборлорго кайрылуусу эркектерге караганда жогору экенин көрсөттү, тактап айтканда, 2023-жылы жалпы кайрылуулардын орточо санынын 59,32% аялдар түзгөн, ал эми 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында бул көрсөткүч 67,3% жеткен.

1-таблица.

Консультациялык-укуктук жардам берүү Борборлорунун кеңселерине консультациялык-укуктук жардам алуу үчүн кайрылуулар

№	Мезгил аралыгы	Эркектер		Аялдар		Баары	
		Саны	%	Саны	%	Саны	%
1	2023-жыл	2527	40,46%	3705	59,32%	6232	100%
2	2024-жыл, 6 ай ичинде	1279	32,67%	2636	67,33%	3915	100%
	Баары	**3806**	**37,5%**	**6341**	**62,5%**	**10147**	**100%**

[31] Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин «Кыргыз Республикасындагы көмөкчү юристтердин иши жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» 2024-жылдын 14-августундагы №468 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы көмөкчү юристтердин иши жөнүндө жобо. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/230012008/edition/14373/ru

[32] Статистикалык жана байланышуучу көрсөткүчтөр КР Юстиция министрлигинин Юридикалык жардам кызматынын сайтынан алынды. URL: https://ukuk-jardam.gov.kg/ru#office-map

[33] https://uridikalyk-jardam.inform.kg/stats/tables/?datefrom=&dateto=&region=&source=departures

Юридикалык жардам кызматынын «114 түз байланыш түйүнүнө» консультациялык-укуктук жардам алуу үчүн 2023-жылы - 62,34 % жана 2024-жылы - 64,04% аялдар кайрылышкан.

2-таблица. ЮЖКнын «Түз байланыш түйүнүнө» консультациялык-укуктук жардам алуу үчүн кайрылуулар

№	Мезгил аралыгы	Эркектер		Аялдар		Баары	
		Саны	%	Саны	%	Саны	%
1	2023-жыл	1253	37,25%	2097	62,34%	3350	100%
2	2024-жыл, 6 айдын ичинде	401	35,96%	714	64,04%	1115	100%
	Баары	**1654**	**37,0%**	**2811**	**63,0%**	**4465**	**100%**

Юридикалык жардам кызматы тарабынан аймактарда «Тилектештик автобусу» ураанындагы мобилдик укуктук жардам клиникаларын уюштурганда укуктук-консультациялык жардам алуу үчүн кайрылгандардын саны боюнча аялдардын басымдуу болгондугу кырдаалы дээрлик окшош. Алсак, 2023-жылы көчмө укуктук клиникалардын кардарларынын 53,31% аялдар болсо, 2024-жылдын алты айынын ичинде бул көрсөткүч 59,4% түзгөн.

3-таблица. СЮП тарабынан уюштурулган “Тилектештик автобусунун” аймактарга баруулары учурундагы жарандардын консультациялык-укуктук жардамга кайрылуулары

№	Мезгил аралыгы	Эркектер		Аялдар		Баары	
		Саны	%	Саны	%	Саны	%
1	2023-жыл	973	46,69%	1111	53,31%	2084	100%
2	2024-жыл, 6 айдын ичинде	140	40,58%	205	59,42%	345	100%
	Баары	**1113**	**45,8%**	**1316**	**54,2%**	**2429**	**100%**

Консультациялык-укуктук жардам алуу үчүн кайрылган аялдардын суроо-талаптарын жана күтүүлөрүн түзүмдөштүрүү Борборго кайрылган кардарлардын укуктук суроо-талаптары жынысына жараша өзүнчө классификацияланбагандыктан татаалдыктарды пайда кылууда.

Мониторинг жүргүзүү ошондой эле, аялдардын консультациялык-укуктук жардам алуу үчүн КР МКЮЖ жөнүндө Мыйзамынын субъектилерине кайрылууларына байланыштуу сапаттык жана сандык көрсөткүчтөр боюнча маалыматтарды ыкчам жарыялап туруу жолго коюлбагандыгын, андан сырткары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес укук коргоо уюмдарына кайрылуулар боюнча дагы абал так ушундай экендигин аныктоого түрткү болду. Бирдиктүү жана деталдуу маалымат платформасынын жоктугу же эсепке алуунун жоктугу Кыргызстанда аялдар кабылып жаткан укуктук көйгөйлөргө жана тоскоолдуктарга, мүктаждыктарга сапаттуу жана обьективдүү талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн чектөөдө.

Корутундулар

1. Аялдар акысыз биринчи юридикалык жардам алуу укугуна ээ болгон адамдардын катарына кыйыр түрдө киргизилген, бул Кыргызстандын эл аралык милдеттенмелерин, анын ичинде аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу жөнүндө Конвенцияны (CEDAW) аткарууга умтулуусун чагылдырат. Колдо бар статистикага таяна турган болсок, бул түрдөгү жардамга эркектерге караганда аялдардын арасында суроо-талап жогору экени байкалат. Бирок статистика аялдар жана эркектер кайсы темалар/суроолор боюнча кайрылышары жөнүндө көрсөткүчтөрдү бербейт, бул алардын муктаждыктарына жана ал муктаждыктардын консультанттар тарабынан канааттандыруу ыкмаларына баа берүүгө жол ачмак эле.

Сунуштамалар

1. Аялдарга консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жана жана ийгиликтүү тажрыйбалар боюнча секторлор аралык сапаттуу жана сандык маалыматтарды алмашууну жакшыртуу максатында гендердик тең укуктуулук суроолору менен иштеген мамлекеттик органдардын, мамлекеттик эмес уюмдардын жана эл аралык уюмдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү күчөтүү сунушталат.
2. Бул жардамдын көрсөтүлүшү боюнча статистиканы көрсөткүчтөрдү чогултуу бөлүгүндө, кайрылгандардын жынысы боюнча жана суроолордун/көйгөйлөрдүн түрү боюнча бөлүштүрүү менен чогултууну жеткиликтүү түрдө иштеп чыгуу зарыл.

2-индикатор. Муктаж болгон адамдарга кылмыш-жаза сот өндүрүшү чөйрөсүндө жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам жеткиликтүү

2.1-КК. Бардык кармалган адамдар квалификациялуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ (юридикалык жардамдын эрте жеткиликтүүлүгү)

Сыпаттамасы

ЖСУЭП 9-беренесинин алкагында кылмыш иштери боюнча кармалгандар үчүн адвокаттын жеткиликтүү болуусуна эң башынан - аларды камакка алган учурдан баштап эле уруксат берилүүсү жана бул жеңил ишке ашырылуусу зарыл. Камакка алуу чарасынын мыйзамдуулугун же зарылдыгын карап жаткан сотто, кармалган адам юридикалык жардам алуу укугуна ээ, бул негизинен алар өздөрү тандаган адвокат тарабынан көрсөтүлөт.[34]

Юристтердин ролуна тиешелүү негизги принциптерде,[35] тактап айтканда, сот адилеттигинин кызыкчылыгы талап кылган бардык учурда адвокат алууну караштырган 6-принципте, юрист албаган ар бир адам тажрыйбасы жана компетенттүүлүгү укук бузуунун мүнөзүнө шайкеш келген юристтен жардам алуу укугуна ээ. Натыйжалуу юридикалык жардамды камсыз кылуу максатында, юристтин кызмат көрсөтүүсүн төлөп берүү үчүн жетиштүү каражаты жок болгон учурда мындай жардам акысыз көрсөтүлүшү керек.

[34] 34-35-параграфтар. Адам укуктары боюнча комитеттин №35 Жалпы тартиптеги эскертүүсү. 9-берене (Эркиндик жана жеке кол тийбестик). Адам укуктары боюнча комитет, URL: https://docs.un.org/ru/CCPR/C/GC/35

[35] Бириккен Улуттар Уюмунун кылмыштуулуктун алдын алуу жана мыйзам бузуучулар менен мамиле кылуу боюнча Сегизинчи Конгресси, Гавана, 1990-жылдын 27-августу-7-сентябры: Катчылык тарабынан даярдалган отчет (Бириккен Улуттар Уюмунун басылмасы, сатуу номери R.91.IV.2), I-бөлүм, B.3-бөлүк.

Мамлекеттер эркиндигинен ажыратуу же өлүм жазасы каралган кылмыш жасоого кармалган, шектелип камакка алынган же жоопко тартылып жаткан ар бир адам кылмыш-жаза өндүрүшүнүн бардык этаптарында юридикалык жардам алуу укугуна ээ болуусун камсыз кылышы керек.[36] Мамлекеттер шектүүлөр же айыпталуучулар негизсиз түрдө кечиктирбестен адвокаттын жеткиликтүүлүгү укугуна ээ болушун камсыздашы зарыл.[37]

Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу боюнча Комитет аялдарга соттук жана сотко чейинки[38] бардык этаптарда ыкчам жана үзгүлтүксүз негизде акысыз же кымбат эмес (төмөн баада) юридикалык жардам көрсөтүүнүн жана мамлекеттик коргоонун зарылдыгын баса белгилейт. Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун камсыздоо контекстинде Комитет, айрыкча, адвокаттар гендердик тең салмактуулукта жана аймактык жактан туура бөлүштүрүлүшү зарыл экендигин,[39] ошондой эле адвокаттар гендердик көйгөйлөрдү жакшы түшүнүшүн камсыз кылуу керектигин өзгөчө баса белгилейт.[40]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-беренесинин 5-бөлүгү, адам кармалган учурдан тартып өзүн-өзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга укуктуу деп белгилейт.

Коргонуу укугу, анын ичинде мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды колдонуу укугу КР кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн принциптеринин бири болуп эсептелет.[41] Өлкөнүн

[36] 7-принцип.Бириккен Улуттар Уюмунун Кылмыш-жаза сот адилеттүүлүгү тутумдарында юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча Принциптери жана жетектөөчү жоболору. Башкы Ассамблея тарабынан Үчүнчү комитеттин баяндамасынын негизинде кабыл алынган резолюция (Үчүнчү комитеттин баяндамасы боюнча). (A/67/458). URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/13-86672_e_book.pdf

[37] 19-пункт. DIRECTIVE 2013/48/EU OF THE EUROPEAN PARLIAMENT AND OF THE COUNCIL of 22 October 2013 on the right of access to a lawyer in criminal proceedings and in European arrest warrant proceedings, and on the right to have a third party informed upon deprivation of liberty and to communicate with third persons and with consular authorities while deprived of liberty [2013/48/ЕС ЕВРОПА ПАРЛАМЕНТИНИН ЖАНА КЕҢЕШИНИН ДИРЕКТИВАСЫ, 22-октябрь, 2013-ж. кылмыш-жаза процесинде жана Европалык камакка алуу ордери боюнча иш жүрүмүндө жактоочуга жетүү укугу, ошондой эле эркинен ажыратылган учурда үчүнчү тарапка кабарлоо, үчүнчү жактар менен жана консулдук органдар менен байланышуу укугу жөнүндө.

[38] 37-параграф (a). Аялдардын сот адилеттигине тиешелүү №33 Жалпы сунуштама, 3-август, 2015-жыл. Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет. URL: https://european-court-help.ru/obshhaja-rekomendacija-33-kasajushhajasja-dostupa-zhenshhin-k-pravosudiju/

[39]20-пункт (d) (iii). 2015-жылдын 3-августунда кабыл алынган Жалпы сунуштама №33 – Аялдардын адилеттикке жетүү укугу боюнча. Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет.

[40] 37-пункт (b). 2015-жылдын 3-августунда кабыл алынган Жалпы сунуштама №33 – Аялдардын адилеттикке жетүү укугу боюнча. Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет.

[41] 20-берене. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-процессуалдык кодекси, 28-октябрь, 2021-жыл № 129 (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №126 Мыйзамы менен күчүнө кирген). *Кыргыз Республикасынын* 2022-жылдын 18-январындагы № 4, 2023-жылдын 15-февралындагы № 28, 2023-жылдын 30-мартындагы № 75, 2023-жылдын 12-июнундагы № 118, 2023-жылдын 22-июнундагы № 122, 2023-жылдын 26-июлундагы № 149, 2023-жылдын 2-августундагы № 151, 2023-жылдын 10-октябрындагы № 186, 2023-жылдын 22-декабрындагы № 209, 2024-жылдын 22-январындагы № 24, 2024-жылдын 16-февралындагы № 49, 2024-жылдын 16-февралындагы № 50, 2024-жылдын 2-апрелиндеги № 73, 2024-жылдын 3-апрелиндеги № 75, 2024-жылдын 16-майындагы № 86, 2024-жылдын 3-июлундагы № 112,2024-жылдын 22-июлундагы № 133, 2024-жылдын 23-июлундагы № 136 , 2024-жылдын 5-августундагы № 160, 2024-жылдын 19-ноябрындагы № 182, 2025-жылдын 12-февралындагы № 37, 2025-жылдын 19-февралындагы № 40 , 2025-жылдын 19-февралындагы № 42 , 2025-жылдын 14-мартындагы № 56 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112308/edition/14744/ru

мыйзамдары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 44-46- жана 51-беренелери коргонууга ээ болуу укугун жана акысыз юридикалык жардамга ээ болуу укугун караштырат, ошондой эле белгилүү учурларда адвокаттын милдеттүү түрдө катышуусун белгилейт.

КР КПК 44-беренесинде шектүү – биринчи сурак жүргүзүлгөн учурдан тартып, ал эми кармалганда – иш жүзүндө кармалган учурдан тартып адвокат алууга, тандап алынган адвокаты болбогон учурда – мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алууга укуктуу деп белгиленген.

КР КПК 51-беренеси өзгөчө маанеге ээ, ал кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө адвокаттын милдеттүү түрдө катышуусун караштырат. Адвокаттын катышуусу кийинкидей бир катар учурларда зарыл: дене боюнун же психикалык мүчүлүштүктөрүнүн кесепетинен өзүн өз алдынча коргоо мүмкүн болбогон учурда, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тилин билбесе же жетиштүү деңгээлде билбесе, шектүүнүн жашы жете элек болсо, өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы боюнча айыпталып жатса, жабыр тарткан адамдын адвокаты бар болсо, ошондой эле медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар колдонулган учурда.

Мындан сырткары, адамды кармоодо, ошондой эле бөгөт коюу чарасын колдонуу, өзгөртүү жана узартуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүн караганда адвокаттын катышуусу милдеттүү болуп эсептелет. Бул жоболор шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын укуктарын камсыз кылууга, ошондой эле сот адилеттигинин деңгээлин жогорулатууга багытталган.

КР КПК 97-беренесине ылайык, укук коргоо органдарынын кызматкерлери кармалган адамдарга алардын адвокаттын жардамын алуу укугу бар экендигин жана адвокат алуунун тартибин, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардамдан пайдалануу укугун түшүндүрүүгө милдеттүү.

Ушул мониторинг жүргүзүүнүн алкагында алынган көрсөткүчтөргө ылайык, 66,7% аялдар, аларга кармалган учурда эле адвокаттын жардамын алуу укугу түшүндүрүлгөндүгүн белгилешкен, ошол эле учурда 32,2% мындай түшүндүрүүлөр жүргүзүлбөгөндүгүн айтышкан, бул болсо КПК ченемдеринин сакталышына көзөмөлдөөнү күчөтүү, аялдардын укуктарын камсыз кылууга көңүл буруунү жогорулатуу, анын ичинде юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу зарылчылыгын баса белгилейт.

4-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторунун бөлүштүрүлүшү: Сизди кармоо учурунда сиздин адвокаттын коргоосуна, анын ичинде каржылык мүмкүнчүлүктөр жок болгон учурда акысыз адвокаттын жардамына ээ болуу укугуңуз бар экендигин түшүндүрүштүбү?

Сизди кармоо учурунда сиздин адвокаттын коргоосуна, анын ичинде каржылык мүмкүнчүлүктөр жок болгон учурда акысыз адвокаттын жардамына ээ болуу укугуңуз бар экендигин түшүндүрүштүбү?	**Саны**	**%**
1. Ооба	6	66,7%
2. Жок	30	32,3%
3. Жооп жок	1	1,1%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Сурамжылоого катышкандардын 38,7% аларды кармоо учурунда адвокаттын катышуусу камсыз кылынды деп белгилешкен. Аялдардын 61,5% кармоо адвокаттардын катышуусуз жүргүзүлдү деп белгилешкен.

5-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сизди кармоо учурунда жана биринчи суракка алууда адвокат катыштыбы?

Сизди кармоо учурунда жана биринчи суракка алууда адвокат катыштыбы?	**Саны**	**%**
1. Ооба	36	38,7%
2. Жок	57	61 3%
Жалпы жыйынтык	**93**	**100,0%**

Корутундулар

1. Улуттук мыйзамдар квалификациялуу юридикалык жардамдын эрте жеткиликтүүлүгү бөлүгүндө эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Ошол эле учурда изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн сурамжылоонун көрсөткүчтөрүнө ылайык, практикада болсо аялдардын 32, 3% аларга адвокат алуу укугу, анын ичинде каржылык мүмкүнчүлүктөр жок болсо, акысыз адвокат алуу укугун түшүндүрүшкөн жок деп белгилешкен, ал эми сурамжылоого катышкан аялдардын ичинен 61,3% аларды кармаган учурда жана биринчи суракка алууда адвокат жок болгондугун билдиришкен, бул болсо КР КПКнын 44-46-51-беренелерин түздөн түз бузуу болуп эсептелет жана кылмыш-жаза сот адилеттигинин алкагында юридикалык жардамдын эрте жеткиликтүү болуусуна тоскоолдуктарды жаратат.

Сунуштамалар

1. КР Адвокатурасына, КР Юстиция министрлигинин алдындагы Юридикалык жардам кызматына, Акыйкатчы институтуна жана КАУБ **кармоо** учурунда адвокаттардын катышуусун камсыз кылуу боюнча милдеттенмелердин аткарылуусуна үзгүлтүксүз түрдөгү мониторинг жүргүзүп туруу сунушталат жана жетишилген жыйынтыктар, анын ичинде аялдардын абалдарынын жакшыруусу жөнүндө эл алдында отчет берүүнү ишке ашыруу сунушталат.

3-индикатор. Жабыр тарткан адамдар үчүн квалификациялуу юридикалык жардамдар жеткиликтүү

3.1-КК. Укук бузуулардан/кылмыштардан жабыр тарткан адамдар (жабырлануучулар) аларга юридикалык колдоо көрсөтүү керек болгон учурда аны алышат

Сыпаттамасы

БУУнун Кылмыштардан жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттиги боюнча негизги принциптери, [42] Кылмыштуулуктун алдын алуу жана кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндө аялдарга карата зомбулукту жоюу боюнча Типтүү стратегиялар жана практикалык чаралар[43] мамлекеттерди укук бузуулардан жабыр тарткан аялдар үчүн сот адилеттигинин эч тоскоолдуксуз жеткиликтүү болуусу үчүн чараларды көрүүгө, аларга бул жаатта көмөктөшүүгө, аялдарга карата бардык зомбулук актыларына тыюу салуу максатында өздөрүнүн улуттук укуктук тутумдарынын алкагында кылмыш-жаза жана жарандык мыйзамдарын кайрадан карап чыгуу, баа берүү жана обзор жүргүзүү боюнча чараларды көрүүгө, ошондой эле мындай окуялар орун алса, өйдөдө аталган максатта чара көрүүгө милдеттендирет.

Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу боюнча Комитет, жалпысынан, аялдардын бардык категорияларына, анын ичинде жабыр тарткан аялдарга да юридикалык жардам көрсөтүүнүн маанилүүлүгүн белгилейт, ошондой эле юридикалык жардам көрсөтүүчү кызматтардын гендердик көйгөйлөр боюнча компетенттүүлүктүн маанилүүлүгүн дагы бөлүп көрсөтөт. Гендердик зомбулук контекстинде зомбулукка кабылган аялдарга, зомбулукту башынан өткөргөн адамдарга жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө каржылык жардамдын, ошондой эле акысыз же төмөн наркттагы сапаттуу юридикалык жардамга жетүү мүмкүнчүлүгү камсыз кылынууга тийиш.[44] Үй-бүлөлүк карама-каршылыктар учурларында же аялга карата үй-бүлөлүк киреше тең укуктуу деңгээлде жеткиликтүү эмес болгон шарттарда, мамлекеттик коргоого муктаж болуу критерийлерин жана юридикалык жардам алууга укуктуулугун аныктоо үчүн ошол аялдын реалдуу кирешесинин өлчөмүн же эркин акча каражаттары бар же жок экендигин негиз катары колдонуу.[45]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КПК 40-беренесинин 1-пунктуна ылайык, жабырлануучу кылмыштан дене-боюна, моралдык зыян жана (же) материалдык залал келтирилген жеке жак болуп саналат. Бул бereненин 2-3 пункттарына ылайык аны жабырлануучу катары таануу жөнүндө токтом чыгарылган учурдан тартып мыйзам бузуудан жабыр тарткан адамдын жабырлануучу катары укуктары жана милдеттери башталат.

Эгерде кылмыштын жабырлануучусу өзүнө карата кылмыш жасалгандыгы жөнүндө арыз берген эмес болсо, же ал өзүн жабырлануучу катары таануу жөнүндө арыз берген эмес болсо, анда тергөөчү, сот аны жабырлануучу катары анын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана тааный алат.

Ал эми, укук бузуунун жабырлануусунун мындай макулдугу жок болсо, зарылчылыкка жараша күбө катары тартылат. Кылмыш жасалганы жөнүндө арыз же адамды жабырлануучу

[42] Кылмыштардан жана бийлигинен кыянаттык менен пайдалануудан жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин негизги принциптеринин декларациясы . Башкы Ассамблеянын 40/34 резолюциясында кабыл алынган. 29-ноябрь, 1985 -жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/power.shtml

[43] Кылмыштуулуктун алдын алуу жана кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндө аялдарга карата зомбулукту жоюу боюнча Типтүү стратегиялар жана практикалык чаралар. Башкы Ассамблеянын 52/86 резолюциясында кабыл алынган. 1- декабрь, 1997-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/strategies_to_elim_violence.shtml

[44] 31-параграф (а) (iii). №19 Жалпы сунуштаманы жаңыртууга арналган аялдарга карата гендердик зомбулук жөнүндө № 35 Жалпы сунуштама.

[45] 37-параграф (е). Аялдарга сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна тиешелүү № 33 Жалпы сунуштама. 3-август, 2015-жыл. Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет.

катары тартуу жөнүндө арыз материалдык залал жана (же) моралдык зыян келтирилбеген адам тарабынан берилген деп эсептөөгө жетиштүү негиздер болгондо, тергөөчү, сот жабырлануучу деп таануудан баш тартуу тууралуу токтом чыгарат, ал прокурорго же сотко даттанылышы мүмкүн. Демек, аны жабырлануучу катары тааныгандан кийин гана, анда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу укугу пайда болот. Башка учурларда укук бузуулардан жабыр тарткан адам акы төлөнгөн адвокаттын юридикалык жардамын алууга укуктуу.

КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Мыйзамынын 13-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, жабырлануучу гендердик белгилери боюнча эч басмырланбастан, кылмыш-жаза сот өндүрүшү боюнча квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу адамдардын айлампасына кирген.

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам адамдын кирешесин эске алуу менен берилет, бирок жабырлануучу кылмыш-жаза сот өндүрүшү боюнча жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча кирешесин эске албастан квалификациялуу жардам алууга укуктуу:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга;
- адамдарды сатуунун курмандыктарына.

Ошондой эле, мыйзам кийинки адамдар алардын процессуалдык макамын тактабастан эле МКЮЖ алууга укуктуу деп белгилейт:

- I жана II топтогу майыптыгы бар адамдарга;
- психикалык оорудан жабыркаган адамдарга;
- Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана аларга теңештирилген адамдарга;
- баланы/балдарды тарбиялап жаткан жалгыз бой адамдарга;
- мамлекеттик социалдык стационардык мекемелерде жашап жаткан улгайган жарандарга;
- чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга, качкындарга;
- кылмыш-жаза куугунтуктоо органдары тарабынан инсандыгы аныкталбаган адамдарга (13-берене).

КРда юридикалык жардам көрсөтүшкөн субъекттердин расмий булактары мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло турган жабыр тарткан аялдардын саны жөнүндө так жана толук маалыматты камтыбайт. Бул кылмыш-жаза иштери боюнча аял-жабырлануучуларга МКЮЖ көрсөтүлгөндүгүнүн көлөмү жөнүндө сандык жана сапттык талдоо жүргүзүүгө жол берген жок.

Корутундулар

1. Кылмыштардан жабыр тарткан аялдар, КР КПК 40-беренесинин шарттарына ылайык жабырлануучу макамына ээ болгондон кийин гана мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу укугуна ээ болушат.
2. Аялдарга – укук бузуулардын жабырлануучуларына мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн көлөмү жөнүндө расмий статистика ачык булактарда жок.

Сунуштамалар

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына басмырлоодон, зомбулуктан жана ырайымсыз мамилелерден жабыр тарткан аялдар укук коргоо органдарына же сотко кайрылган учурда, анын ичинде кылмыш жөнүндө арыз бергенде же жабырлануучу катары таануу

учурунда адвокаттын, же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн милдеттүү түрдө катышуусун караштырган ченемди киргизүү сунушталат.

2. Юридикалык жардам көрсөтүү кызматына максаттуу: 1) жабыр тарткан аялдарга көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын сапатына мониторингди үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүп туруу, анын ичинде кайтарым байланыш чогултуу жана көрсөтүлгөн кызматтарга канааттануу деңгээлине талдоо жүргүзүү; 2) Жабырлануучуларга көрсөтүлгөн юридикалык жардамдардын жана КР КПК 40-бер. көрсөтүлгөн кылмыш-жаза сот адилеттигинин субъекттерине бул жардамды көрсөтүүдөн баш тартуунун саны жана сапаты боюнча статистикалык отчеттуулук тутумун түзүү, бул маалыматтарды КР Улуттук статистикалык комитетинин отчетторуна милдеттүү түрдө кошуу.

4-индикатор. Муктаж болгон адамдар жарандык сот өндүрүшү чөйрөсү боюнча квалификациялуу жардам алуунун жеткиликтүүлүгүнө ээ

4.1-КК. Мыйзамдар жарандык иштер боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүүнү караштырат жана муктаж болгон адамдардын категорияларын аныктайт

Сыпаттамасы

Каржылык көз караштан алып караганда, туруктуу юридикалык жардам көрсөтүү схемаларын түзүүгө көмөктөшүү максатында, арыз ээси кайрылган учурда *анын материалдык абалын жана сот ишинин ийгиликтүү жыйынтыкталышынын ыктымалдуулугун текшерүү процедуралары караштырылуусу керек.*[46]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР жарандарынын жарандык сот өндүрүшү чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 14-беренесинин ченемдерине ылайык берилет. Демек, аял-жарандар ушул укукка ээ адамдардын тизмесине жалпы негизде киргизилген:

1. доогер макамында – эмгек маянасын жана эмгек акы төлөөгө байланыштуу башка суммаларды өндүрүп берүү жөнүндө, ошондой эле эмгек мамилелеринен келип чыккан башка талаптар боюнча; жаракат алуу же башка ден соолукка зыян келтирүү, ошондой эле багуучусунун көз жумуусуна байланыштуу келтирилген зыянды өндүрүү жөнүндө доолор боюнча; кылмыш же укук бузуудан улам келтирилген материалдык зыянды өндүрүү жөнүндө доолор боюнча;

2. Доогер же жоопкер макамында – никени ажыратуу жөнүндө иштер боюнча; алимент өндүрүп берүү жөнүндө доолор боюнча; баланын жашаган жерин аныктоо жөнүндө доолор боюнча; бала менен жолугушуунун тартибин аныктоо жөнүндө доолор боюнча; ата-эне укугунан ажыратуу жөнүндө доолор боюнча.

Доогерлерге же жоопкерлерге 14-беренеде көрсөтүлгөн иштердин тизмеси боюнча,

[46] 10-пункт. Guidelines of the Committee of Ministers of the Council of Europe on the efficiency and the effectiveness of legal aid schemes in the areas of civil and administrative law [Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин жарандык жана административдик укук тармактарында юридикалык жардам көрсөтүү схемаларынын натыйжалуулугу жана эффективдүүлүгү боюнча багыттоочу принциптери, CM(2021)36-add2final, 1400-жыйналыш, 2021-жылдын 31-марты. URL: https://search.coe.int/cm/pages/result_details.aspx?objectid=0900001680a1a347

квалификациялуу юридикалык жардам алардын кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленүүчү минималдуу эмгек акысынын 60 эсе өлчөмүнөн ашпаган шартта берилет. Кирешенин өлчөмү квалификациялуу юридикалык жардам үчүн кайрылганга чейинки 12 айлык мезгил үчүн эсептелет. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алууга кайрылган учурда кийинкилерди талап кылбай турган **өзгөчө** учурлар кийинкилер болуп эсептелет:

1) I жана II топтогу майыптыгы бар адамдарга;

2) Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана аларга теңештирилген адамдарга;

3) жашоонун оор кырдаалына дуушар болгон балдарга;

4) багуусунда баласы/балдары бар жалгыз бой адамдарга;

5) мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчыларына;

6) мамлекеттик социалдык стационардык мекемелерде жашап жаткан улгайган жарандарга;

7) жакыр жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү жарандарга;

8) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга;

9) сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таануу жөнүндө иштер боюнча жарандарга;

10) психиатриялык стационарга мажбурлап жаткырылган адамдарга.

Доогердин макамын аныктаганга чейин жана квалификациялуу юридикалык жардам алуу үчүн мамлекеттин эсебинен квалификациялуу юридикалык жардам алууга укугу бар жарандарга оозеки жана/же жазуу жүзүндө укуктук консультация берүү жүзөгө ашырылат жана алар үчүн арыздар, даттануулар, өтүнүчтөр жана процесстик мүнөздөгү башка документтер түзүлөт (Мыйзамдын 14-беренесинин 5-пункту).

Кыргызстанда МКЮЖ тутуму акырындык менен өнүгүп жатат, ага жарандык иштер боюнча аялдарды колдоону дагы кошсок болот. Бул тутумдун алкагында аймактарда Юридикалык жардам кызматтарынын аймактык кеңселери түзүлүп, алар үй-бүлөлүк талаш-тартыштар, камкорчу болуу, алименттер, мурастоо иштери, жеке менчик укуктарын коргоо жана эмгек көйгөйлөрү сыяктуу суроолордун кеңири спектрин камтып иш алып барышат. Кызматтар борбордо да, аймактарда да Юстиция министрлигинин кеңселер тармагы аркылуу, анын ичинде мамлекеттик нотариалдык кеңселер жана жергиликтүү администрациялар аркылуу көрсөтүлүүдө.

Изилдөө жүргүзүлгөн учурда, Кыргызстанда жарандык иштер боюнча мамлекеттен акысыз юридикалык жардам алган аялдардын 2023–2024-жылдар боюнча так саны жөнүндө маалыматтар ачык булактарда жок. Бирок, МКЮЖ механизми активдүү иштеп жаткандыгы белгилүү жана аялдар бул кызматтарга – никени ажыратуу, алимент өндүрүү, мүлктү коргоо, жер талаштары, үй-бүлө укугу жана миграция көйгөйлөрү боюнча консультация жана өкүлчүлүктүк кызматтарды алуунун жеткиликтүүлүгү камсыздалган.

Мыйзамдагы көйгөйлүү жагдайлардын бири, мыйзамда 2024-жылы киргизилген киреше боюнча чектөөлөрдү караштырган шарттар болуп саналат: ага ылайык, мындай жардам алуу укугу жылдык кирешеси минималдуу эмгек акынын 60 эсеге чейинки өлчөмүнөн ашпаган

адамдарга гана берилет. КРда 2024-жылга белгиленген минималдуу эмгек акы 2460 сомду түзөт,[47] бул жылдык эсеп менен 29 520 сомго барабар.

Мониторингдин жүрүшүндө «Акысыз адвокат»,[48] юридикалык жардам кызматынын платформасынан жарандык иш боюнча МКЮЖ алууга онлайн арыз толтурууга аракет кылынды. Тесттик текшерүү платформага катталууда жана Министрлер Кабинетинин Токтому менен бекитилген (2460 сом) эсептик көрсөткүчтү белгилөөдө, система жардам алуу үчүн кирешенин жеткен чегин 12 айдын ичинде 12 300 сомдон ашпаган катары (же айына 1025 сом) автоматтык түрдө аныктайт.

1-сүрөт.Жарандык иштер боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу үчүн онлайн арыз



Корутундулар

1. Кыргызстандын аялдары КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын алкагында квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу. Бул укук үй-бүлөлүк талаш-тартыштар, эмгек талаштары, алименттер жана мүлктүк иштер сыяктуу суроолордун кеңири айлампасына жайылтылат. Аялдар өзгөчө аз камсыз болгон жана калктын аярлуу катмарына кире турган аялдар бул жардамды алууга укуктуу жарандардын категориясына киргизилген.
2. Акысыз юридикалык жардам алуу үчүн арыз берүүчүнүн кирешеси минималдуу эмгек акысынан 60 эсе өлчөмүнөн ашпоосу зарыл (2024-жылы жылына 29 520 сом). Адатта «Акысыз адвокат» онлайн-платформасы жылдык кирешенин чеги катары 12 300 сом көрсөтүү менен эсептөөлөрдөгү шайкеш келбестиктерди камтыйт, бул арыз берүүчүлөрдүн, ал тургай мыйзамда белгиленген критерийлерге жооп берген адамдардын да мүмкүнчүлүгүн чектеши мүмкүн.

Сунуштамалар

1. Жардамга муктаж аялдар үчүн, өзгөчө жалгыз бой энелер, зомбулуктан жабыр тарткан аялдар жана балдарды камкорчу катары багып жаткан аялдар үчүн киреше чегин жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу максатка ылайыктуу.
2. Юридикалык жардам кызматына кирешенин чектелген көлөмүн эсептөөгө байланыштуу катачылыктарды жоюу үчүн платформаны техникалык аудиттен өткөрүү жана мыйзам талаптары менен шайкеш келтирүү , тутумдун техникалык мүнөздөмөлөрүн анын ичинде

[47] КР «Кыргыз Республикасынын 2024-жылга карата республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга карата пландык мөөнөтү жөнүндө» Мыйзамы. Документтин толук реквизитин көрсөтүңүз. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/4-3269/edition/1455/ru
https://mojazarplata.org/kyrgyzstan/zarabotok/minimalnaya-zarabotnaya-plata
[48] Караңыз.: https://ukuk-jardam.gov.kg/ru/legal-calculator

минималдык эмгек акыны 60 эсе өлчөмүндө эсептөө талабына шайкеш келтирүү сунушталат.

4.2-КК. Укук колдонуу тажрыйбасы аярлуу топтордун жарандык иштер боюнча МКЮЖ жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат

Сыпаттамасы

Мамлекеттер *юридикалык жардамдын жеткирүүчүлөрүн,* анын ичинде алыскы райондордо географиялык жактан тиешелүү деңгээлде бөлүштүрүүнү камсыз кылуу жөнүндө суроону карап чыгышы керек.[49] Мүчө-мамлекеттер арыз берүүчүлөргө жүктөлгөн бюрократиялык түйшүктү жеңилдетүүлөрү керек, тактап айтканда, алар юридикалык жардам алуу жөнүндө арызы колдоого ээ болуусу үчүн алар толтурушу керек болгон *документтердин санын кыскартуунун* эсебинен.[50] Практикалык көз караштан алып караганда, адамдар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу үчүн кайрылышканда, алардын кирешелеринин деңгээлин текшерүү үчүн көрсөткүчтөрдүн базасынын жеткиликтүү болуусунун функционалдык механизмине ээ болуу абдан маанилүү. Юридикалык жардам алуу жөнүндө өтүнүчтөн баш тарткан ар бир учурда, мүчө-мамлекеттер *азыр берүүчүлөргө компетенттүү органдын баш тартуусунун үстүнөн даттануу мүмкүнчүлүгүн берүүнү,* органдын болсо өз чечимин негиздеп берүүсүн караштыруулары керек.[51]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстанда соттолгон аялдар КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамдын 14-беренесинин шарттарына ылайык, жарандык сот өндүрүшүнүн алкагында МКЮЖ алууга укуктуу жарандардын категорияларынын тизмесине кирет. Бирок, алардын көбү аярлуу абалда жана мындай жардамга зарылышат. Эркиндигинен ажыратуу жайларында болуу менен же боштондукка чыккандан кийин, аялдар кийинкидей жарандык-укуктук көйгөйлөргө кабылышат:

- мүлктүк укуктарын коргоо, анын ичинде турак-жайга карата укугун;
- ата-энелик укуктар, балдардын жашаган жерин же алар менен жолугуп туруунун тартибин аныктоо боюнча талаш-тартыштар;
- никени ажыратуу жана алименттерди өндүрүү сыяктуу үй-бүлөлүк укуктун сыроолору;
- эмгектик жана мүлктүк талаш-тартыштар.

Аялдар эркиндигинен ажыратуу жайларында болгон кезде, алардын сотко өз алдынча кайрылуу же адвокаттын жардамын алуу үчүн, Юридикалык жардам кызматынын онлайн платформаларына кайрылуу үчүн мүмкүнчүлүктөрү чектелген. МКЮЖ тутумунда максаттуу

[49] 20-пункт. Guidelines of the Committee of Ministers of the Council of Europe on the efficiency and the effectiveness of legal aid schemes in the areas of civil and administrative law [Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин жарандык жана административдик укук тармактарында юридикалык жардам көрсөтүү схемаларынын натыйжалуулугу жана эффективдүүлүгү боюнча багыттоочу принциптери], CM(2021)36-add2final, 1400th meeting, 31 March 2021. URL: https://search.coe.int/cm/pages/result_details.aspx?objectid=0900001680a1a347

[50] Пункт 16. Guidelines of the Committee of Ministers of the Council of Europe on the efficiency and the effectiveness of legal aid schemes in the areas of civil and administrative law [Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин жарандык жана административдик укук тармактарында юридикалык жардам көрсөтүү схемаларынын натыйжалуулугу жана эффективдүүлүгү боюнча багыттоочу принциптери, CM(2021)36-add2final, 1400th meeting, 31 March 2021. URL: https://search.coe.int/cm/pages/result_details.aspx?objectid=0900001680a1a347

[51] 17-пункт. Guidelines of the Committee of Ministers of the Council of Europe on the efficiency and the effectiveness of legal aid schemes in the areas of civil and administrative law [Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин жарандык жана административдик укук тармактарында юридикалык жардам көрсөтүү схемаларынын натыйжалуулугу жана эффективдүүлүгү боюнча багыттоочу принциптери], CM(2021)36-add2final, 1400th meeting, 31 March 2021. URL: https://search.coe.int/cm/pages/result_details.aspx?objectid=0900001680a1a347

колдоо көрсөтүүнүн жоктугунан улам, алардын жарандык иштер боюнча юридикалык коргоого ээ болууга карата укуктары чектелүү, бул алардын укуктук жактан аярлуу болуусун татаалдаштырат жана алардын социалдык жана экономикалык укуктарын сактоого таасирин тийгизет.

Соттолгон аялдарга мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнүн саны жана сапаты боюнча расмий маалыматтар ачык мейкиндикте жок. Бирок пенитенциардык мекемелер тутумунда жазаларын өтөп жатышкан аялдардын арасында сурамжылоо жүргүзүү, аялдардын 61, 3% жарандык жана кылмыш иштери боюнча адвокаттардын же юристтердин акысыз юридикалык жардамына муктаж экендиктерин аныктоого түрткү болду. Алардын ичинен эч кимисинде никени ажыратуу иштери боюнча, балдардын жашаган жерин аныктоо иштери боюнча, мураска ээ болуу же мүлктүк укуктарын коргоо иштери боюнча акысыз мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу жөнүндө маалыматтар жок экен.

6-таблица. Кийинки суроо боюнча сурамжылоого катышкан респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз жазаны өтөп жаткан учурда адвокаттын жардамына муктаж болдуңуз беле? Эгерде муктаж болсоңуз, анда сизге сапаттуу юридикалык жардам көрсөтүлдүбү?

Сиз жазаны өтөп жаткан учурда адвокаттын жардамына муктаж болдуңуз беле? Эгерде муктаж болсоңуз, анда сизге сапаттуу юридикалык жардам көрсөтүлдүбү?	**Саны**	**%**
Муктаж болдум жана сапаттуу жардам алдым	11	11,83%
Муктаж болдум, бирок жардам жетишсиз/канааттандырарлык эмес болду	27	29,03%
Муктаж болдум, бирок жардам көрсөтүлгөн жок	16	17,20%
Адвокаттын жардамына муктаж болгон жокмун	36	38,71%
Муктаж болдум, бирок кайрылган жокмун/азыркы учурда муктаж	3	3,24%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Мыйзам боюнча акысыз юридикалык жардам алууга укуктуу категориялардын тизмесине кирбеген аялдар, ал тургай эркиндикте туруп деле, жазасын өтөп жатып деле, мындай жардам алуу үчүн зарыл кирешенин чегин эсептөөдө кыйынчылыктарга кабылышы мүмкүн.

Корутундулар

1. Кыргызстанда соттолгон аялдар өздөрүнүн аярлуу экендигине карабастан, жарандык иштер боюнча КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 14-беренесине ылайык юридикалык жардам алууга укуктуу адамдардын тизмесине киргизилген эмес. Бул алардын мүлктүк укуктарын коргоо, ата-энелик укуктар жөнүндө талаш-тартыштар жана башка жарандык иштер сыяктуу маанилүү суроолордо юридикалык коргоого ээ болуудагы мүмкүнчүлүктөрүн чектейт. Соттолгон аялдар көп учурда акысыз юридикалык жардам алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтарга ээ эмес. МКЮЖ программасы бар экендигине карабастан, пенитенциардык мекемелер тутумундагы аялдар жардам алуу үчүн өз алдынча кайрыла албай жатышат, же болбосо арыздарды берүү үчүн онлайн-платформадан колдоно албай жатышат, бул болсо алар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн чектеп жатат. Жарандык иштер боюнча акысыз юридикалык жардам алган соттолгон аялдардын саны жөнүндө расмий көрсөткүчтөр жок.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кеңешке соттолгон аялдарды, анын ичинде жазасын өтөп жаткан же жазаны өтөөдөн шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотулган аялдарды жарандык иштер боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алуу (МКЮЖ) укугуна ээ адамдардын тизмесине кошуу үчүн мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат. Бул алардын мүлктүк укуктарын коргоо, үй-бүлөлүк иштерге, алименттерге жана башка жарандык талаш-тартыштарга байланыштуу суроолор боюнча акысыз юридикалык жардам кызматынан колдонуусуна шарт түзөт.
2. ЮЖК ЖАК менен биргеликте соттолгон аялдарга жеткиликтүү укуктук кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат берүүгө багытталган маалыматтык кампанияларды иштеп чыгуусу жана ишке киргизүүсү зарыл. Бул эркиндигинен ажыратуу жайларында маалыматтык материалдарды жайгаштырууну, ошондой эле юрдикалык жардам алуу укугу, жеткиликтүү платформалар жана арыз берүүнүн механизмдери жөнүндө билим берүүчү программаларды алып барууну камтышы мүмкүн. Жазасын алыскы жайларда өтөп жаткан аялдар үчүн мобилдик укуктук консультациялар жана адвокаттык кызмат көрсөтүүлөр тутумун өнүктүрүү зарыл. Бул көчмө консультацияларды же адвокаттар жана юристтер менен видеобайланыш аркылуу жардам көрсөтүүнү камтышы мүмкүн.
3. ЮЖК соттолгон аялдар үчүн юридикалык жардам алуунун жөнөкөйлөштүрүлгөн механизмдерин иштеп чыгуусу керек. Бул эркиндигинен ажыратуу жайларынын ичинде туруп башка эч кандай өкүлү жок эле юридикалык жардам алууга кайрылуу үчүн атайын процедураларды түзүүнү, ошондой эле соттолгондордун керектөөлөрүнө ылайык ыңгайлаштырылган онлайн-платформалар аркылуу арыздарды берүү мүмкүнчүлүгүн камтышы мүмкүн.
4. Юридикалык жардам алган соттолгон аялдардын саны жөнүндө, ошондой эле бул кызматтардын сапаты жөнүндө көрсөткүчтөрдү чогултуу жана мониторинг жүргүзүү механизмин түзүү сунушталат. Бул көрсөткүчтөр МКЮЖ алкагындагы юридикалык жардамдын учурдагы механизмдерин жана бул жааттагы саясатты жакшыртуу үчүн колдонулушу мүмкүн.
5. МКЮЖ тутумунун алкагында юридикалык жардам көрсөткөн мамлекеттик органдар жана уюмдар үчүн милдеттүү талаптарды киргизүү, аярлуу адамдар үчүн жарандык иштер боюнча юридикалык жардам көрсөтүүнүн саны жана сапаты жөнүндө жылдык отчетту жарыялап туруу сунушталат. Бул отчеттор юридикалык жардам алган аялдардын саны, жардам алуу үчүн кайрылган жарандардын категориялары, иштердин түрлөрү (мисалы, үй-бүлөлүк талаш-тартыштар, алимент суроолору, мураска байланыштуу иштер), ошондой эле көрсөтүлгөн жардамдын жыйынтыктары жөнүндө кенен көрсөткүчтөрдү камтып турушу керек. Адамдардын аярлуу категорияларына укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө отчеттордо сандык көрсөткүчтөрдү гана эмес, ошондой эле жардам алуучулардын канааттануусу, жардам алуучулардын күтүү убактысы, консультациялардын жеткиликтүүлүгү, көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын баалоо сыяктуу сапаттык көрсөткүчтөрдү камтуу маанилүү. Бул тутумдагы (системадагы) көйгөйлөрдү жана кемчиликтерди аныктоого, ошондой эле көрсөтүлгөн жардамдардын сапатын жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгууга жардам берет.

6-чөйрө. Сотко чейинки этап

Мыйзамдуулукту жана сотко чейинки өндүрүштүн катышуучуларынын укуктарын сактоо

3-индикатор. Кылмыш иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш адам укуктарынын минималдуу кепилдиктерин камсыз кылат

3.2-КК. Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы коргоочунун жеткиликтүү болуусу укугун камсыз кылат

Сыпаттамасы

ЖСУЭПтин 14-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык: «*Ар бир адам ага коюлган ар кандай кылмыш-жаза айыбы каралып жатканда, эң минималдуу түрдөгү толук кандуу тең укуктуулуктун негизинде төмөнкүдөй кепилдиктерге ээ болууга укуктуу: b) өзүнүн коргонуу укугун камсыздоо үчүн жетиштүү убакыт жана мүмкүнчүлүккө ээ болууга, ошондой эле өзүнүн тандап алган адвокаты менен кеңешүүгө; d) анын катышуусунда соттолууга жана* ***жеке өзү өзүн коргоого же өзүнүн тандап алган адвокаты аркылуу коргонууга; эгерде анын адвокаты жок болсо, бул укугу жөнүндө маалымдар болууга жана сот адилеттүүлүгүнүн кызыкчылыгы талап кылган бардык учурда, анын адвокатка акы төлөө үчүн каражаты жок болгон учурда ага дайындалган адвокатка ээ болууга, бул кызмат, эгерде ал адвокатка акы төлөй албай турган болсо, акысыз көрсөтүлүшү зарыл».***

Адвокат менен кеңешүү укугу, айыпталуучуга адвокаттын тез жана эркин түрдө жеткиликтүү болуусун талап кылат. Адвокатка өзүнүн кардары менен күбөлөрдүн катышуусуз жолугушуу жана айыпталуучу менен алардын сүйлөшүүсүнүн конфиденциалдуулугун толук кандуу камсыз кылган шарттарда сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү берилиши керек.

Мындан тышкары, адвокаттар кеңеш берүү жана кылмыш жасады деп айыпталуучуларга өкүлчүлүктүк кылуу мүмкүнчүлүктөрүнө жалпы таанылган кесиптик этиканын принциптерине ылайык, эч кандай чектөөлөрсүз, таасир этүүсүз, кысымсыз жана эч бир тараптан мыйзамсыз кийлигишүүсүз жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушу керек.[52]

Мыйзамда көрсөтүлгөндөй, кармалган адам өзүн өзү коргоого же адвокаттын жардамынан колдонуу укугуна ээ.[53] Кармалган адам адвокат менен кеңешүүгө жана өзүнүн (аял/эркек) камакка алынуусунун (кармалуусунун) мыйзамдуулугун текшерүү үчүн кабыл алынган процедурага байланыштуу андан жардам алуу укугуна ээ.

Коргонууга ээ болуу укугу фундаменталдуу мүнөзгө ээ жана ошондуктан ал кылмыш-жаза сот өндүрүшүнөн өтүп жаткан адам үчүн максималдуу түрдө жеткиликтүү болуусу камсыз кылынышы зарыл. Адвокат көз карандысыз жана кысым көрсөтүүдөн, коркутуудан жана өзүнүн ишмердүүлүгүнө карата укуксуз кийлигишүүлөрдөн эркин болушу керек. Зарыл жана

[52] Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча комитети, Жалпы тартиптеги эскертүү №32. 14-берене: Ар бир адамдын соттор жана трибуналдар алдында тең укуктуулугу жана укугу жөнүндө. 34-пункт. URL: https://digitallibrary.un.org/record/606075

[53] 11-принцип (1). Бардык адамдарды кармоо же эркинен ажыратуунун кандай болбосун түрүндө коргоо принциптеринин жыйындысы. 1988-жылдын 9-декабрында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 43/173-резолюциясы менен кабыл алынган.

квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн адвокаттын ыйгарым укуктары жеткиликтүү жана реалдуу болушу зарыл.

Адвокаттын жардамынан колдонуп жаткан адамдар өзүнүн коргоочусуна анын ишин кесиптик жоопкерчиликтин негизинде алып баруусуна тиешелүү көрсөтмөлөрдү берүүгө жана жеке өзүнүн атынан ага көрсөтмөлөрдү берүүгө укуктуу.

Ошол эле учурда ЖСУЭПда колдонулган аныктамалар, жана Пактта айыпталуучунун өзүн жеке өзү коргоо, «же» өзү тандаган адвокат аркылуу коргонуу укугу жана мунун негизиндеги анын башка ага туш келди дайындалган адвокаттан баш тартуу мүмкүнчүлүгү бардык расмий тилдерде так жазылган. Бирок, адвокаттын катышуусуз өз алдынча коргонуу укугу абсолюттук мүнөзгө ээ эмес. Айрым конкреттүү соттук териштирүүнүн алкагында сот адилеттигинин кызыкчылыктары адвокатты айыпталуучунун каалоосуна каршы дайындоону талап кылышы мүмкүн.[54]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КПК 20-беренесине ылайык шектүүнүн, айыпталуучунун, соттолгондун, акталгандын коргонууга укугу бар. Коргонуу укугу медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу боюнча өндүрүш жүргүзүлүп жаткан жакка да камсыз кылынат. Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган учурларда шектүүнүн, айыпталуучунун адвокатынын жана (же) мыйзамдуу өкүлүнүн милдеттүү катышуусу кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүзөгө ашырып жаткан кызмат адамдары тарабынан камсыз кылынат. Шектүү, айыпталуучу, соттолгон, акталган мыйзамда аныкталган тартипте мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамды мыйзамда аныкталган тартипте колдонууга укуктуу.

КР КПК 51-беренесине ылайык, ар бир кармалган адам кармалган учурдан тартып адвокат алуу укугуна, ошондой эле бул укугун ага түшүндүрүлүү укугуна ээ. КР КПК 50-беренесинде мындай деп так белгиленип турат: алгачкы текшерүү органы, тергөөчү же сот шектүүнүн же айыпталуучунун суранычы боюнча адвокаттын катышуусун камсыз кылууга, анын ичинде кармалган адамдын адвокаттын кызматын төлөө үчүн каржылык мүмкүнчүлүктөрү жок болгон учурда акысыз адвокат берүүгө милдеттүү.

Сурамжылоонун көрсөткүчтөрү, аялдарга карата кылмыш-жаза иштеринде адвокаттардын 31,2% МКЮЖ реестринен дайындалгандыгын көрсөттү. Сурамжылоого катышкан соттолгон аялдардын 7,5 % гана адвокаттарды өз алдынча катыштырганын айтышты, бул болсо аялдардын өз укуктары жөнүндө маалыматтуулуктарынын жетишсиз экендигин жана алардын адвокатты тандоо мүмкүнчүлүктөрү дагы чектелип жаткандыгын көрсөтүп турат.

Окуялардын 2,2 % кармалган аялдарга адвокат дайындалган эмес, бул коргонуу укугун бузуу болуп эсептелет, а соттолгон аялдардын 3,2 % адвокатты ким бергенин так билишкен эмес.

Корутунду

1. КР Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдары жалпысынан коргоочунун жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу укугу жаатында эл аралык милдеттенмелерге (ЖСУЭП) шайкеш келгенине карабастан, иш жүзүндө (практикада) болсо, коргонууга ээ болуу укугун камсыз кылуу адвокаттарды алууда тергөөнүн басым жасаган ролу, кармалган

[54] БУУнун Адам укуктары боюнча комитети, Жалпы тартиптеги № 32 комментарийи. 14-берене: Ар кимдин соттордун жана трибуналдардын алдында тең укуктуулугу жана адилет соттук териштирүү укугу. 37-пункт. URL: https://digitallibrary.un.org/record/606075

аялдардын өздөрүнүн укуктары жөнүндө маалыматтуулуктарынын төмөндүгү, коргоочуларды тандоодо өз алдынчалуулуктун чектелүүсү, ошондой эле юридикалык жардам көрсөтүүдөгү ачык-айкындуулуктун жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөргө кабылышууда.

Сунуштамалар

1. Адвокатты өз алдынча тандоо укугу боюнча түшүндүрүү иштерин күчөтүү, акысыз юридикалык жардам жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана тергөө тарабынан дайындалган адвокаттардын көз карандысыздыгын камсыз кылуу сунушталат. Ошондой эле, көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жогорулатуу жана кармалгандар үчүн адвокатты эркин тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу аркылуу Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү тутумун бекемдөө маанилүү.

3.3-КК. Ар бир кармалган адамдарга кармоо учурунда камакка алуунун (кармоонун) себептери маалымдалат

Сыпаттаамасы

*ЖСУЭП*тин 9-беренесинин 2-пункту эркиндигинен ажыратылган адамдардын кызыкчылыгы үчүн эки талапты караштырат. Биринчиден, аларды кармаган учурда эле кармоонун себептери билдирилүүсү керек. Экинчиден, аларга коюлган бардык айыптоолор тез арада маалымдалышы керек. Бул жерде «кармоо» деген түшүнүк, бул адамды эркиндигинен ажыратуунун баштапкы учурун түшүндүрөт.[55] Бул талапка кармоонун себептерин оозеки түрдө билдирүү шайкеш келет. Себептер кармалган адам түшүнгөн тилдин бирөөсүндө билдирилүүсү зарыл.[56] Бул маалымат кармалгандан кийин дароо берилүүгө тийиш.[57] Аярлуу адамдардын айрым категориялары үчүн кармалган адамга дароо түз маалымат берүү зарыл нерсе болуп саналат, бирок бул жетишсиз болушу мүмкүн.

Балдарды кармоо учурларында кармоо фактысы жана анын себептери жөнүндө түздөн-түз дароо алардын ата-энелерине, камкорчуларына же мыйзамдуу өкүлдөрүнө кабарлануруга тийиш. Психикалык бузулуулардан жабыркаган айрым адамдарга карата болсо, кармоо жана анын себептери тууралуу маалымат алар көрсөткөн адамдарга же алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө жөнөтүлүшү керек. Мындай үчүнчү тараптарды аныктоо жана байланышуу үчүн кошумча убакыт талап кылынышы мүмкүн, бирок маалымдоо мүмкүн болушунча ыкчам жүргүзүлүшү шарт.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КПК 97-беренеси реалдуу кармалган учурда шектүүгө эмнеден шек саналып жаткандыгы маалымдалуусу керектигин, ошондой эле ага өзүнө каршы көрсөтмөлөрдү бербөө укугу,

[55] Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча комитети, Жалпы тартиптеги эскертүү №35: 9-берене (Эркиндик жана жеке кол тийбестик), 24-пункт, 2014-жылдын 16-декабры.. CCPR/C/GC/35. URL: https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/G14/244/53/PDF/G1424453.pdf?OpenElement

[56] Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча комитети, Жалпы тартиптеги эскертүү №35: 9-берене (Эркиндик жана жеке кол тийбестик), 26-пункт, 2014-жылдын 16-декабры CCPR/C/GC/35. URL: https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/G14/244/53/PDF/G1424453.pdf?OpenElement

[57] Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча комитети, Жалпы тартиптеги эскертүү №35: 9-берене (Эркиндик жана жеке кол тийбестик), 27-пункт, 2014-жылдын 16-декабры. CCPR/C/GC/35. URL: https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/G14/244/53/PDF/G1424453.pdf?OpenElement

адвокат алуу укугу, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардамдан пайдалануу укугу түшүндүрүлүүгө тийиш экендигин караштырат.

Кармоо жөнүндө токтом шектүүгө маалымдалат жана ага тергөөчү менен шектүү, ошондой эле адвокат шектүүнүн реалдуу кармалган так убактысын көрсөтүү менен кол коюшат. Токтомдун көчүрмөсү кармалганга токтоосуз тапшырылат жана 12 сааттын ичинде прокурорго жиберилет.

Соттолгон аялдарга сурамжылоо жүргүзүүнүн жыйынтыгында кармоонун ыкмаларына талдоо жүргүзүү, эркиндигинен ажыратуу жагдайларынын ар түрдүү болгондугун көрсөттү. Кармоонун жана кармоонун себептерин түшүндүрүүнүн дээрлик көп кездешкен тажрыйбасы, аялдарды укук коргоо органдарына кылмыштар боюнча күбө катары көрсөтмөлөрдү берүү үчүн (45,2%) чакыруу болуп саналат. Аялдардын 22,6% аларды кармоо үйлөрүндө жүргөндүгүн жана эч себептерин түшүндүрбөстөн эле кишен тагышканын, андан соң иш жүзүндө милицияга жеткирилгенден кийин гана аларга кылмыш жасагандыгы боюнча айып тагылгандыгы жөнүндө к маалымдалганын айтышкан. Аялдардын 21,5% кылмыш болгон жерден кармалышканын, кармоо учурунда аларды кармоонун жана укук коргоо органдарына жеткирүүнүн себептери түшүндүрүлгөнүн билдиришкен.

7-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторунун бөлүштүрүлүшү: Сизди кармоо кандай жүргүзүлдү эле?

Сизди кармоо кандай жүргүзүлдү эле?	**Саны**	**%**
Мени үйдөн кармашкан, кишен кийгизишти жана милицияда калтыргандан кийин айыбымды угузушту	21	22,6%
Мени милицияга күбө катары көрсөтмө берүү үчүн чакырышты жана ал жерден мен кылмышты жасоого катыштыгым бар боюнча шектүү катары кармалганымды маалымдашты	42	45,2%
Мени кылмыш жасалган жерден кармашты, демек кармоонун себептери мага эч кандай түшүндүрүүлөрсүз эле түшүнүктүү болду	20	21,5%
Мени Свердлов сотунун залынан кармашты, себебин милицияда калтыргандан кийин маалымдашты	2	2 %
Мени аэропорттон кармашты	3	3,2%
Билбейм	5	5,4%
Жалпы жыйынтык	**93**	**10 %**

Корутундулар

1. Улуттук мыйзамдар ЖСУЭПнын 9-беренесинин талаптарына шайкеш келет. Соттолгон аялдардын арасында жүргүзүлгөн сурамжылоого талдоо жүргүзүү, алардын кармалуу себептери жана коюлган айыптар жөнүндө ыкчам жана толук кандуу маалымат алуу укугун камсыз кылууда олуттуу бoштуктар бар экенин көрсөттү. Кармоолор көп учурда себептери түшүндүрүлбөстөн жүргүзүлөт, бул БУУнун Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактысынын 9-беренесинин 2-пунктуна каршы келет. Сурамжылоонун жыйынтыгы окуялардын 22,6% аялдар кармалганда милиция бөлүмүнө жеткирилгенге чейин кармоо

себептери жөнүндө маалымдалган эмес, ал эми окуялардын 45,2% аялдар укук коргоо органдарына күбө катары көрсөтмө берүү деген себеп менен чакырылып, бирок иш жүзүндө кармоого алынышкан. Аныкталган көйгөйлөр кармоонун бирдиктүү процедурасын иштеп чыгуунун, укук коргоо органдарынын кызматкерлерин окутуунун жана айыпталуучулардын укуктарынын сакталышына көзөмөлдөөнү күчөтүүнүн зарылдыгын күбөлөндүрүп жатат.

Сунуштамалар

1. ЖКУ же Айыкатчы тарабынан кармоо процедураларынын сакталышына үзгүлтүксүз түрдө көз карандысыз мониторинг жүргүзүүнү уюштуруу зарыл.

3.8-КК. Айыпталуучу өзүнө өзү каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн күнөөлүү деп таануугa мажбурланбайт, анын ичинде кыйноолорду колдонуу менен мажбурланбайт

Сыпаттаамасы

ЖСУЭП 14-беренесинин 3 g) пунктунда өзүнө өзү каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн күнөөлүү деп таануугa мажбурланбоо укугу караштырылган.

Бул кепилдикти тергөө органдары тарабынан айыпталуучудан күнөөнү мойнуна алдырууга жетишүү үчүн түз же кыйыр дене бойлук же негизсиз психологиялык кысым жасоого жол берилбестик катары түшүнүү керек. Ошондой эле айыпталуучунун моюнга алуусуна жетишүү үчүн ЖСУЭПтин[58] 7-беренесине карама-каршы келген мамилелер жол берилгис болуп эсептелет. Ички мыйзамдар *ЖСУЭПтин* 7-беренесин бузуу менен алынган көрсөтмөлөр же моюнга алуулар далил катары колдонулбашын камсыздашы керек, бирок өзгөчө учур катары мындай маалыматтар кыйноо же ушул жободо тыюу салынган башка мамилелер орун алганын далилдөө үчүн колдонулуп жаткан учурларды эске албаганда, мындай учурларда айыпталуучулардын көрсөтмөлөрү алардын өз ыктыяры менен берилгенин далилдөө жоопкерчилиги мамлекеттерге жүктөлөт.[59]

Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу боюнча комитет, Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүнө тиешелүү №33 Жалпы сунуштамасында аялдарды камакка алуу, суракка алуу жана камакта кармоо учурларында алардын психологиялык жана дене бойлук зомбулукка жана коркутууларга дуушар болуу жаатында аярлуу экендигине, мындай шарттарда алар кылмыш-жаза сот адилеттиги тутуму тарабынан дагы кайрадан зомбулуктан жабыр тартышарына, бул болсо алар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна терс таасирин тийгизерине мамлекеттердин көңүлүн бурдурат.[60]

Ушуга байланыштуу аялдардын укук коргоо жана сот органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө кайрадан зомбулукка кабылуусуна (виктимизацияланууусуна) жол бербөө максатында натыйжалуу чараларды көрүү зарыл жана укук коргоо органдары, түзөтүү мекемелери жана прокуратура органдары тутумдарынын алкагында адистештирилген гендердик бөлүмдөрдү түзүү мүмкүнчүлүктөрүн караштыруу керек.[61] Ошондой эле

[58] Эч ким кыйнооого же ырайымсыз, адамгерчиликсиз же ар-намысына шек келтирген мамилеге же жазага тартылбоого тийиш.
БУУнун Адам укуктары боюнча комитети, №32 Жалпы мүнөздөгү түшүндүрмө. 14-берене: Соттор жана трибуналдар алдында теңдик жана ар бир адамдын адилет соттук териштирүүгө болгон укугу., п.41. CCPR/C/GC/32, 23 August 2007. https://digitallibrary.un.org/record/606075.

[60] 48-параграф. №33 Жалпы сунуштама – 2015-жылдын 3-августунда кабыл алынган, аялдардын адилет сотко жетүү укугуна байланыштуу. Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет..

[61] Ошол жерде, 51-параграф (c).

мамлекеттер зомбулукка байланыштуу соттук териштирүүлөр, анын ичинде суракка алуу, далилдерди чогултуу жана тергөө менен байланыштуу башка учурларда кайрадан виктимизациялоодон, кысымга алуудан алыс болуу үчүн гендердик өзгөчөлүктү жана купуялуулуктун сакталышын камсыз кылган ыкманы колдонуулары зарыл.[62]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясынын 57-беренеси ар бир жаранга жеке өзүнө, жубайына жана мыйзам менен аныкталуучу жакын туугандарына каршы күбө болбоо жана көрсөтмө бербөө укугун берет. Бул укук дүйнөдө Миранда эрежеси деп аталат жана ал Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун бир бөлүгү болуп эсептелет.

КР КПК 80-беренсине ылайык жол берилгис далилдерге төмөнкүлөр кирет: 1) адвокаттан баш тарткан (анын катышуусу менен жазуу жүзүндө) учурларды кошпогондо сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндөгү кылмыштуу жазалануучу жосундарды жасаганы жөнүндө шектүүнүн, айыпталуучунун адвокаты жок алынган көрсөтмөлөрү, бирок мында анын көрсөтмөлөрү сотто ырасталуусу тийиш; 2) сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө кыйноолорду, зомбулукту, коркутууну, алдоону, ошого тете башка мыйзамсыз аракеттерди жана катаал мамилени колдонуу менен алынган күбөнүн, шектүүнүн, айыпталуучунун көрсөтмөлөрү.

Мыйзам чегинде мындай тыюу салуу каралганына карабастан, бүгүнкү күндө кармалгандарга карата кыйноолор жана ырайымсыз мамилелер негизинен алардан моюнга алган көрсөтмөлөрдү алуу максатында колдонулат.

Кыргызстанда кыйноолорго жана ырайымсыз мамилелерге тыюу салууну камсыз кылуу үчүн укуктук алкактарды түзүү боюнча олуттуу кадамдар кабыл алынган. Алсак, Кыргыз Республикасы БУУнун Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалоолордун түрлөрүнө каршы Конвенциясына 1996-жылдын 26-июлунда кошулган. Кыргыз Республикасынын Конституциясы кимдир-бирөөгө карата кыйноолорду жана адамкерчиликсиз мамилелерди колдонууга абсолюттук түрдө тыюу салууна кепилдикке алат.[63] Ошондой эле, Кылмыш-жаза кодекси тарабынан кыйноолорду колдонуу үчүн квалификацияланган белгилеринен көз карандылуу түрдө 5 жылдан 12 жылга чейин эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү кылмыш-жаза жоопкерчилиги караштырылган.[64] 2012-жылдын 12-июлундагы №104 Мыйзамынын негизинде Кыргыз Республикасынын кыйноолордун жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз же кадыр-баркты басынткан мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча Улуттук борбору түзүлгөн.

Бирок, сурамжылоого катышкан соттолгон аялдардын 50,5% (47 адам) аларга коюлуп жаткан укук бузууну мойнуна алууга мажбурлашканын билдиришти. Бул болсо аялдардын укуктарын сотко чейинки стадияда коргоодо олуттуу көйгөй бар экендигин жана укук коргоо органдары тарабынан кысым көрсөтүү колдонулуусу мүмкүн экендигин, коргонууга ээ болуу укугунун жана адилеттүү соттук териштирүү укугунун бузулушуна байланыштуу тобокелчиликтер бар экендигин көрсөтүп турат.

[62] Ошол жерде, 51-параграф (g).

[63] КР Конституциясы. 56-берене. Эч ким кыйноолорго жана башка катаал адамгерчиликсиз, ырайымсыз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелерге жана жазалоого дуушар болбоого тийиш.

[64] КР КЖК. 137-берене.Кыйноолор.

9-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сизди укук бузууну жасадым деп моюнга алууга мажбурлашты беле?

Сизди укук бузууну жасадым деп моюнга алууга мажбурлашты беле?	Саны	%
1. Ооба	47	50,5%
2. Жок	46	49,5%
Жалпы жыйынтык	**93**	**100,0%**

Аялдардын 23,7% милиция кызматкерлери тарабынан дене бойлук, сексуалдашкан зомбулук коркунучтарына кабылышкандыктарын белгилешкен. Сурамжылоого катышкандардын 20,4% (19 адам) күнөөсүн моюнга алдыруу максатында аларга карата дене бойлук же сексуалдашкан зомбулук колдонулуусу коркунучуна кабылышканын белгилешкен. Сурамжылоого катышышкан аялдардын 2,2% аларга оорутуу жана азаптанууну келтирген дене бойлук таасир этүүлөргө же аны колдонуу коркунучтарына кабылышкандыктарын айтышкан, ал эми аялдардын 4,3% суракка алуулардын жүрүшүндө эгерде алар күнөөнү моюнга албаса, алардын жакындарынын дарегине карата коркутууларга кабылышканын билдиришкен. Жыныстык белгиси боюнча орой басмырлоочу мамилелерди жана сөз түрүндөгү коркутууларды аялдардын 1,1% белгилешкен. Алынган көрсөткүчтөр кылмыш-жаза өндүрүшүнүн сотко чейинки стадиясында айыпталуучулардын укуктарынын сакталышы жаатындагы олуттуу көйгөйлөрдү чагылдырып турат жана кысым көрсөтүүнүн жол берилгис усулдарынын колдонулушун күбөлөндүрөт, бул болсо мындай мыйзам бузууларга бөгөт коюу боюнча күчөтүлгөн көзөмөл жүргүзүлүүсүн жана чара көрүлүүсүн талап кылат.

10-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сизге эгерде сиз күнөөнү моюнуңузга албасаңыз, дене бойлук, сексуалдашкан зомбулук колдонула тургандыгы боюнча коркутуулар болду беле?

Сизге эгерде сиз күнөөнү моюнуңузга албасаңыз, дене бойлук, сексуалдашкан зомбулук колдонула тургандыгы боюнча коркутуулар болду беле?	**Саны**	**%**
Ооба мага эгерде мен өз күнөөмдү моюнга албасам, дене бойлук, сексуалдашкан зомбулук колдонуулар тургандыгы боюнча коркутуулар болгон	19	20,4%
Ооба, мага дене бойлук күч колдонушкан же аны колдоном деп коркутушкан: Мисалдар: дене бойлук таасир этүүлөр болгон, дене бойлук түрүндө жазалайбыз деп коркутушкан	2	2,2%
Ооба, мени жакындарыма зыян келтиребиз деп коркутушкан. Мисалдар: балдарыма же туугандарыма зыян келтирилиши коркунучтары	4	4,3%
Орой мамиле же сөз түрүндөгү коркутуулар болгон. Мисалы: орой мамиле, адепсиз сөгүүлөр	1	1,1%
Жок, мени антип коркутушкан жок	66	71,0%
Башка жооптор. Мисалдар: сот процесси учурунда башка өлкөдө болчу	1	1,1%
Жалпы жыйынтык	**93**	

		00%

Корутундулар

1. КР мыйзамдары өзүнө каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн күнөөлүү деп таануугa мажбурланбоо укугу боюнча эл аралык кепилдиктерге кыйла деңгээлде шайкеш келет. Сурамжылоонун аялдар өз күнөөлөрүн укук коргоо органдарынын кысым көрсөтүүсүнүн негизинде моюнга алууга мажбур болушканын маалымдаган жыйынтыгына талдоо жүргүзүү – сотко чейинки иликтөөнүн жүрүшүндө айыпталуучулардын укуктарын коргоо жаатында олуттуу көйгөйлөр бар экендигин күбөлөндүрүп турат. Бул кылмыш-жаза өндүрүшүнө катышкан аялдар үчүн адилеттүү соттук териштирүүнүн болуусу боюнча жана алардын коргонууга ээ болуу укуктарынын бузулушу боюнча тобокелчиликтер жогору экендигин көрсөтүп турат. Мониторингдин жүрүшүндө сурамжылоого катышкан аялдардын 23, 7% аларга психологиялык кысым көрсөтүү, анын ичинде дене бойлук жана сексуалдашкан зомбулук коркутуулары, ошондой эле жакындарынын даректерине карата коркутуулар колдонулгандыгын белгилешти.

Сунуштамалар

1. Жарандык коом уюмдарына жана Акыйкатчыга аялдарды кармоонун шарттарына жана алардын укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүүсүнө үзгүлтүксүз түрдө көз карандысыз мониторинг жүргүзүп туруу сунушталат. Укук колдонуу тажрыйбасына гендердик талдоо жүргүзүү жана сотко чейинки стадияда аялдарга мамиле кылуунун стандарттарын иштеп чыгуу зарыл.
2. Бардык тергөө аракеттерине милдеттүү түрдө аудио жана видео жаздырууну киргизүү маанилүү. Бул зомбулукту жана коркутууларды четтетүүгө, ошондой эле айыпталуучулардын укуктарын бузууну белгилөөгө жол ачат.

8-ЧӨЙРӨ – КЫЛМЫШ-ЖАЗА АТКАРУУ ТУТУМУ

Кылмыш-жаза аткаруу тутумунун жалпы кепилдиктери жана функционалдашуу шарттары
2-индикатор. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму соттолгон адамдарды оңдоо, аларды кайра социалдаштыруу жана социалдык жактан адаптациялоо функцияларын аткарат
2.1-КК. Соттолгон адамдарды жазасын өтөп бүткөндөн кийин реабилитациялоо жана коомго кайра кошуу эркиндигинен ажыртуунун так максаттар катары аныкталган жана өлкөдө колдонулуп келе жатат
Сыпаттамасы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын[65] (ЖСУЭП) 10-беренесинин 3-пунктуна ылайык, пенитенциардык тутум, негизги максаты камактагы адамдарды түзөө жана социалдык жактан кайра тарбиялоо болуп эсептелген режимди камсыздоого тийиш (...). Нельсон Манделанын[66] Эрежелери түрмөгө кесүүнүн же ага окшош эркинен ажыратуу өкүмүнүн негизги максаттары, коомду кылмышкерлерден коргоо жана кылмыштардын кайталануусун кыскартуу деп белгилешет, бул максаттар негизинен, жазаны өтөө мөөнөтү мүмкүн болушунча мындай адамдарды абактан чыккандан кийин коомго кайра кошууга багытталган учурда гана ишке ашат. Бул болсо алардын мыйзамды сыйлаган жана өз алдынча жашоого жөндөмдүү болушун камсыздоого багытталууга тийиш. Муну ишке ашыруу үчүн, Нельсон Мандела эрежелеринин 87-эрежесинде белгиленгендей, жаза мөөнөтү аяктаар алдында камактагы адамды коомдук жашоого акырындык менен кайтаруу чаралары көрүлүшү максатка ылайык болот. Бул максатка ар бир мыйзам бузуучунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жетүүгө болот - бошотулуучу адамдар үчүн өзүнчө режимди киргизүү жолу менен, бул режим түрмөдө же башка мекемеде ишке ашырылышы мүмкүн. Ошондой эле, аларды сыноо мөөнөтү менен шарттуу бошотуп, ошол мезгил аралыгында көзөмөлдө калтырууга жол берилет, бирок мындай көзөмөл укук коргоо органдарына жүктөлбөөсү шарт жана ал натыйжалуу социалдык жардам көрсөтүү менен айкалышы керек. Муну менен бирге, кайрадан социалдаштыруу жана социалдык адаптациялоо процесстеринде төмөнкү аспектилер сакталууга/эске алынууга тийиш: – ар бир соттолгон адамга жекече мамиле жасоо, жазаны өтөгөндөн кийин анын реабилитациялоо жана коомго кайтарууну камсыздоо; – бошотууну пландаштырууну жаза мөөнөтүн өтөө башталган учурдан тартып баштоо; – эркинен ажыратылган адамдардын пенитенциардык мекемедеги жашоодон коомдогу мыйзамды сыйлаган жашоого өтүүсүн камсыз кылуучу процедураларга жана атайын программаларга тартуу;[67]

[65] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт. 1966-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml.

[66] Бириккен Улуттар Уюмунун камактагы адамдарга карата мамиле жасоо боюнча Минималдуу стандарттык эрежелери (Нельсон Мандела эрежелери), 4-эреже, 1 жана 2-пункттар:. URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/Nelson_Mandela_Rules-R-ebook.pdf

[67] Европалык пенитенциардык эрежелер. Rec Европа Кеңешине мүчө мамлекеттердин Министрлер Комитетинин (2006) 2 сунуштамалары, 107-пункт. URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee

- жазаларды аткаруу органдары жана мекемелери тутумунун пробация кызматы менен тыгыз кызматташтыкта иш жүргүзүүсү;
- пробация кызматы/органы өз алдынчалуу мамлекеттик орган/мекеме болуп эсептелет;[68]
- пробация органы ар бир ишке жекече мамиле кылуу ыкмаларын иштеп чыгат жана өз ишин басмырлоосуз ишке ашырат;
- пробация кызмат көрсөтүүлөрү даттанууларды карап чыгуу механизмин, ошондой эле көз карандысыз мониторинг жүргүзүүгө ачык.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Кылмыш-жаза кодекси түзөтүү, кайра социалдаштыруу жана жаңы кылмыштарды жасоонун алдын алууну чагылдырып турат. Жазалоо дене бойлук азаптануулларга кирептер кылбоосу керек жана адамдын кадыр-баркын басмырлабоосу зарыл.[69] Бул принциптер жазалоонун максаты аркылуу ишке ашырылат.[70] Кылмыш-жаза мыйзамында кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу-кубаттоочу чарасы болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдөө институту дагы караштырылган.[71] Адам эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазасын пробациялык көзөмөл чараларын колдонуу менен өтөөгө бошотулган учурда, сот соттолгон адамга пробация органдары тарабынан дайындалган кайра социалдаштыруу программаларына катышуу милдетин жүктөйт. «Пробация жөнүндө» Мыйзамы 2017-жылдын 24-февралы, №34 (2021-жылдын 28-октябрындагы №126 редакциясында) пробациянын максаттарын белгилейт: коомдун коопсуздугун камсыз кылуу, пробациянын кардарларын түзөө жана кайра социалдаштыруу үчүн шарттарды түзүү, алардын жаңы укук бузууларды жасоосун эскертүү.[72]

Кылмыш-жаза аткаруу мыйзамынын максаттары, жаза колдонулган жана кылмыш-жаза укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу чаралары колдонулган адамдарды түзөө жана кайра социалдаштыруу үчүн шарттарды түзүү болуп эсептелет.[73]

Кыргызстанда соттолгон аялдарды жазаларын өтөп бүткөндөн кийин калыбына келтирүү жана коомго кайра кайтаруу маанилүү чакырыктарды өзүнө камтып турат. Соттолгон аялдарды түзөтүүнүн жана кайра социалдаштыруунун максаты көп учурда толу кишке ашпаган боюнча калат, буга өзгөчө муктаждыктарын жана аярлуугун эске алган атайын программалардын жокуту себеп болууда, белгилей кетсек, соттолгон аялдардын арасында ичкиликтен жана баңги заттарынан көз карандылыктан улам медициналык реабилитациялоодон системалуу түрдө өтүп турган аялдар бар.

Камактан эркиндикке чыгып, терс чөйрөгө туш болуу менен мындай аялдар «жолдон тайып кетүүсү» мүмкүн жана жыйынтыгында өзүнүн «кайрадан социалдашуу» жолуна түшүп, кайрадан зыяндуу көз карандылыктарга кайтып бүрүүсү мүмкүн.

---

[68] Европа Кеңешине мүчө мамлекеттердин Министрлер Комитетинин CM/Rec (2010)1 сунуштамалары, 8-10-сунуштамалар. URL: https://search.coe.int/cm/Pages/result_details.aspx?ObjectID=09000016805cfbc7

[69] КР Кылмыш-жаза кодексинин 9-беренесинин 2-бөлүгү, 2-февраль, 2017-жыл №19. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112309/edition/14072/ru

[70] КР КЖК 59-бер., 2-бөлүгү.

[71] КР КЖК 82-бер., 1-бөлүгү.

[72] КР «Пробация жөнүндө» Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгү. 24-февраль 2017-жыл. №34 (28.10.2021-ж. №126 ред.). URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111517/edition/14118/ru

[73] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза аткаруу кодекси. 31-январь, 2017-жыл. № 17. URL: https://continent-online.com/Document/?doc_id=36120659#pos=28;-58

13-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторунун бөлүштүрүлүшү: Сизди кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуунун алкагында сизге медициналык реабилитациялоонун кандай курсу дайындалды эле?

Сизди кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуунун алкагында сизге медициналык реабилитациялоонун кандай курсу дайындалды эле?	Саны	%
1. Ичкиликтен көз карандылыктан реабилитациялоо боюнча программага кошулгам	12	12,9%
2.Баңги затынан көз карандылыктан реабилитациялоо боюнча программага кошулгам	2	2,2%
3. Эч кандай курс дайындалган эмес	20	21,5%
4. Көз карандылыгым жок	57	61,3%
Өзүмдүн эсебимен толук текшерилгем	1	1,1%
Психологдун жардамы	1	1,1%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Учурда иштеп жаткан программалар кайрадан калыбына келүү жана адаптацияланууүчүн зарыл психологиялык жардам, кесиптик окутуу жана социалдык кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу гендердик жактан сезимтал колдоо көрсөтүүлөрдү өтө сейрек сунушташат. Соттолгон аялдарды сурамжылоо, алардын ичинен 33, 3% жазасын өтөп бүткөндөн кийин өлкөдөгү коомго кайтаруу жана нормалдуу жашоого адаптацияланууу боюнча иштеп жаткан программалар жөнүндө маалымат алуу муктаждыгы бар экендигин көрсөттү. 38,7% болсо, аялдарды кайрадан социалдаштыруу программалары аялдарды бошотондукка чыккандан кийин, соттолгондугу боюнча эч басмырлоосуз турак жай издөөгө/ижарага алууга жана ишке орношууга социалдык колдоо көрсөтүүнү камтыса деген тилектерин билдиришти. Аялдардын 16,1% болсо, соттолгондордун жүрүм-турумдарын түзөтүү жана жеке көйгөйлөрүн чечүү боюнча изденүү үчүн стресстер, депрессиялар менен күрөшүү боюнча заманбап техникаларды колдонуу менен аялдарга психологиялык жардам көрсөтүү программаларына кошууга карата муктаждыктары жогору экендиктерин айтышты. 11,9% аялдар болсо, жазасын өтөп чыккан же шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотулган аялдарга карата кайрадан социалдашуу боюнча программаларда жана жекече пландарда мыйзам тарабынан караштырылган укуктары жана кепилдиктер жөнүндө маалымат алуу ниетин билдиришти.

14-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторун бөлүштүрүү: Сиздин пикириңиз боюнча, соттолгон аял жазасын өтөп бошотулгандан кийин социалдык коргоо жаатындагы кандай маалыматты алууга муктаж болот?

Сиздин пикириңиз боюнча, соттолгон аял жазасын өтөп бошотулгандан кийин социалдык коргоо жаатындагы кандай маалыматты алууга муктаж болот?	Саны	%
1. Жазасын өтөп бүткөндөн кийин коомго кайтаруу жана нормалдуу жашоого адаптациялоо жөнүндө маалыматка	31	33,3%

2 Жашоо үчүн турак-жай издөөгө жана жумушка орношууга колдоо көрсөткөн	36	38,7%
3. Мүмкүн болуучу социалдык жөлөк пулдар жана каржылык колдоо боюнча консультацияларга	6	6,4%
4. Мыйзамдуу укуктар жана кепилдиктер жөнүндө маалыматка	5	5,3%
5. Психологиялык жардам жана жеке көйгөйлөрдү чечүүдө колдоо көрсөтүү	15	16,1%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Сурамжылоого катышкан соттолгон аялдардын 61% аялдар коомдук уюмдарынын колдоо көрсөтүүсү соттолгон аялдарды кайрадан социалдаштыруучу мамлекеттик программаларга натыйжалуу көмөк көрсөтүүсү мүмкүн деген пикирлерин билдиришти.

15-таблица. Кийинки суроого респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз кандай деп ойлойсуз, жазаны өтөп бүткөндөн кийин ийгиликтүү түрдө кайрадан социалдаштыруу үчүн сизге аялдар коомдук уюмдарынын колдоо көрсөтүүлөрү керекпи?

Сиз кандай деп ойлойсуз, жазаны өтөп бүткөндөн кийин ийгиликтүү түрдө кайрадан социалдаштыруу үчүн сизге аялдар коомдук уюмдарынын колдоо көрсөтүүлөрү керекпи?	**Саны**	**%**
1. Ооба, аялдар коомдук уюмдарынын колдоо көрсөтүүлөрү менин ийгиликтүү түрдө кайрадан социалдашуума жардам бере алат	39	41,94%
2. Жок мага мындай колдоо көрсөтүү керек деп эсептебейм	18	19,35%
3.Жарым-жартылай, мындай колдоо көрсөтүү менин кайрадан социалдашуумдун айрым аспектилери үчүн пайдалуу болушу мүмкүн	16	17,20%
4. Ишене албай турам	19	20,43%
5. Мен өзүм 10 жыл боюу мындай аялдарга жардам берип келгем	1	1,08%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Пробация кызматы көз карандысыздыккка толук ээ боло албоо көйгөйүнө жана ресурстук камсыздоодогу чектөөлөргө кабылууда, бул болсо соттолгон аялдага колдоо көрсөтүүнүн сапатына жана аларды коомго кайра кайтарууга таасирин тийгизет. Алсак, изилдөөнүн алкагында сурамжылоого катышкан пробациянын кардарларынын (аялдардын) болгону 41,4% гана кайрадан социалдаштыруу программаларына катышканын белгилешти. Аялдардын 39,8% мындай программалар жөнүндө угушкандыгын, бирок аларга катышышпагандыгын айтышты. Аялдардын 19,3% болсо, бул жөнүндө таптакыр угушпагандыгын айтышты.

16-таблица. Сиз өзүңүздүн пробациялык планыңыздын алкагында кандайдыр бир программаларга катыштыңыз беле?

Сиз өзүңүздүн пробациялык планыңыздын алкагында кандайдыр бир программаларга катыштыңыз беле?	**Саны**	**%**

1.Ооба	66	41,0%
2. Жок	64	39,8%
3. Мага бул жөнүндө эч ким айткан эмес	31	19,3%
Баары	**161**	**100%**

Респонденттердин 45% жазасын пробациялык көзөмөлдөө түрүндө өтөө учурунда кайрадан социалдаштыруу жана коомго кайра кайтаруу программаларына катышуу аларга оң таасирин тийгизгендигин айтышты, алардын ичинен реабилитациялоону, колдоо көрсөтүүнү, мамилелердин жакшыруусун жана жекече өсүүнү бөлүп көрсөтүштү. Аялдардын 25% болсо программагаа катышууда эмоционалдык көйгөйлөр, социалдык кыйынчылыктар жана каржылык кыйынчылыктар сыяктуу терс таасирлерине кабылышканын билдиришти.

Респонденттердин 12% өздөрүнүн жашоосунда олуттуу өзгөрүүлөрдү сезишкен эмес. Катышуучу аялдардын 12% болсо, мындай программалар жөнүндө дээрлик эч нерсе билишпегендиктен суроого жооп берүүдөн кыйналышкан.

6% болсо өз баа берүүсүнө күмөн санай турушкандыктарын билдиришти жана өздөрүнүн терс позициясын белгилешти, алардын жашоосунда өздөрү күткөндөй эле эч кандай өзгөрүү болбогондугун же нейтралдуу экендигин айтышты.

17-таблица. Кийинки суроого карата респонденттердин жоопторунун бөлүштүрүлүшү: Сураныч, кеңири айтып берсеңиз, өкүм чыккандан кийин пробациялык көзөмөлдөө тажрыйбасы сиздин жашооңузга кандай таасирин тийгизди?

№	Сураныч, кеңири айтып берсеңиз, өкүм чыккандан кийин пробациялык көзөмөлдөө тажрыйбасы сиздин жашооңузга кандай таасирин тийгизди?	Саны	%
1	Оң таасирин тийгизүү	72	45%
	- Реабилитациялоо жана жүрүм-турумдун өзгөрүүсү	25	16%
	- Колдоо көрсөтүү жана жардам берүү	19	12%
	- Үй-бүлөлүк жана социалдык мамилелердин жакшыруусу	8	5%
	- Жекече өсүү жана өнүгүү	21	13%
2	Терс таасирин тийгизүү	41	25%
	- Эмоционалдык жана психологиялык кыйынчылыктар	15	9%
	- Социалдык жана үй-бүлөлүк көйгөйлөр	9	6%
	- Каржылык жана кесипкөйлүк кыйынчылыктар	9	6%
	- Эркиндикти чектөө жана жоготуу	4	2%
	- Ден соолукка байланыштуу көйгөйлөр	3	2%
3	Маанилүү таасири жок	20	12%
4	Жооп берүү кыйын	19	12%
5	Аралаш же нейтралдуу таасирин тийгизүү	9	6%

	Жыйынтыгы	161	100%

Корутундулар

1. Кыргызстанда реабилитациялоо жана коомго кайра кошуу түрүндөгү жазалоонун ченемдик максаттары эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Ошол эле учурда соттолгондорду жазасын өтөп бүткөндөн кийин реабилитациялоо жана коомго кайра кошуу учурда иштеп жаткан улуттук тутуму соттолгондорду реабилитациялоонун жана аларды бошотууну пландаштыруунун жекече ыкмасына бардык көңүлдү бурган Нельсон Манделдин Эрежелерине жана ЖСУЭП 10-беренесинин 3-пунктунда белгиленген эл аралык стандарттардын талаптарына толук кандуу шайкеш келет.

Сунуштамалар

1. КР Юстиция министрлигине сунушталат: 1) жазаларын өтөп бүтүшкөн аялдарды кайрадан социалдаштыруунун жана интеграциялоонун комплекстүү программаларын алардын жеке өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен иштеп чыгуу; 2) соттолгондордун коомдун жашоосуна ырааттуу түрдө кайтуусун камсыз кылуу үчүн кылмыш-жаза аткаруу мекемелери тутумунун жана пробация кызматынын ортосунда тыгыз кызматташтыкты жолго коюу; 3) аялдар үчүн кайрадан социалдаштыруу программаларынын натыйжалуугуна үзгүлтүксүз түрдө талдоо жүргүзүп туруу жана алар боштондукка чыккандан кийин түш болуп жаткан тоскоолдуктарды аныктоо; 4) пенитенциардык мекемелердин жана пробация кызматтарынын кызматкерлерине аярлуу топтор менен, анын ичинде мыйзам менен чатагы бар аялдар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган окутууларды үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүп турууну камсыз кылуу.

Эркиндигинен ажыратылган адамдардын адам укуктарын сактоонун кепилдиктери

3-индикатор. Эркинен ажыратылган бардык адамдар тубаса адамдык кадыр-баркына жана жөн гана адам катары баалуу болуусу мүмкүн экендигине жараша тең укуктуу урматтоого татыктуу болуусу зарыл

3.1-КК. Эркиндигинен ажыратылган адамдарга мамиле кылууда алардын адам укуктары сакталат, чектөө койгон ар бир конкреттүү учурларда алардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн тиешелүү деңгээлде камсыз кылынат

Сыпаттамасы

ЖСУЭП эркиндигинен ажыратылган бардык адамдар адамзатка мүнөздүү кадыр-баркына карата урмат-сый жана гумандуу мамилеге укуктуу экенин караштырат. Ошондой эле, бул «Пакттын эч бир жобосу, эч бир мамлекетке, топко же жеке адамга ушул Пактта таанылган укуктарды же эркиндиктерди жок кылууга же кайсы бир адам бул Пактта таанылган бардык укуктарды жана эркиндиктерди басмырлоого багытталган кандайдыр бир аракеттерди жасоого укуктуу деп талкууланууусуна жол берилбейт, же ушул Пактта караштырылгандан көбүрөөк өлчөмдө чектөөгө жол берилбейт».[74] Нельсон Манделанын 1-эрежеси, ошондой эле соттолгон адамдарга алардын ар бири өз алдынча адам катары баалуу экендигин таануу менен урмат-сыйга негизделген жана кадыр-баркын сыйлаган мамиле жасоо талабын

[74] ЖСУЭП,5-бер. 1 –п. жана 10 -бер. 1-п.

караштырат. Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу декларациясынын алкагында мамлекеттер эркиндигинен ажыратуу жайларында көзөмөлдөөнү ишке ашыруу механизмдеринин бар болуусун, соттолгон аялдардын абалына өзгөчө көңүл бурууну жана эркиндигинен ажыратуу жайларындагы аялдарга мамиле кылуу эрежелерине тиешелүү эл аралык жетектөөчү принциптерди жана стандарттарды (Бангкок эрежелери)[75] колдонууну камсыз кылуу керек.

Европалык пенитенциардык эрежелердин 1-пунктуна ылайык, эркинен ажыратылган бардык адамдарга мамиле кылууда алардын адам укуктарын сактоо зарыл. Эркиндигинен ажыратылган адамдардын, соттун аларды эркинен ажыратуу же камакта калтыруу жөнүндө чечиминин негизинде мыйзам боюнча ажыратылган укуктарынан тышкары, бардык башка укуктары сакталат. Аларга карата колдонулган чектөөлөр минималдуу зарылдык өлчөмүндө болушу жана коюлган негиздүү максаттарга шайкеш келүүгө тийиш. Эркиндигинен ажыратылган адамдарга коюлган чектөөлөр зарыл болгон минималдуу болуусу керек жана аны коюунун негиздүү максатында шайкеш келүүсү зарыл.[76]

Мамлекеттер эл аралык укуктук милдеттенмелерин аткаруу боюнча чараларды кабыл алуулары керек. Биринчиден, учурда колдонуудагы мыйзамдар эркиндигинен ажыратылган адамдарды негизги укуктарынан, анын ичинен алардын кадыр-баркына урмат-сый менен мамиле кылуу укугунан ажыртапоосу зарыл. Экинчиден, Кылмыш-жаза аткаруу тутумунун максаттарында бул милдет тиешелүү түрдө чагылдырылышы, ошондой эле аны ишке ашыруу боюнча көз караштар баяндалып туруусу керек. Кылмыш-жаза аткаруу тутумунун максаттары эркиндигинен ажыратуу фактыларына байланыштуу азаптанууларды тереңдетпөөсү зарыл.

Бангкок эрежелеринде бир катар талаптар каралган, алардын катарына жеке гигиена, гендердик факторлорду эске алуу менен медициналык тейлөө, анын ичинде сексуалдык зомбулук жана зомбулуктун башка түрлөрү болгон учурларда, психологиялык ден соолукка жардам көрсөтүү жана колдоо, ВИЧтин алдын алуу жана дарылоо, кам көрүү жана көмөк көрсөтүү, баңги заттарга жана уулуу заттарга көз карандылыкты дарылоо, өз жанын кыюу жана өзүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу, ошондой эле ден соолукту сактоо боюнча алдын алуучу иш-чаралар кирет.[77]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргыз Республикасында соттолгондордун укуктары Жаза-аткаруу кодекси (КР ЖАК)[78] менен жөнгө салынат, анда тең укуктуулуктун жана басмырлабоонун кепилдиктери бекитилген. КР ЖАК 11-беренесине ылайык, соттолгон адамдар мыйзам алдында теңукуктуу жана жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, диний ынанымдары, курагы жана башка жагдайлар боюнча басмырланууга кабылбашы керек.

---

[75] 51-параграф (n). 2015-жылдын 3-августунда кабыл алынган Аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусуна байланыштуу №33 Жалпы сунуштаманын жобосу. Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрүн жоюу боюнча комитет (CEDAW).

[76] Европа пенитенциардык эрежелери. Rec (2006) 2 Европа Кеңешине мүчө мамлекеттерге Министрлер Комитетинин сунуштары, 2 -3-пункттар. URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee.

[77] 5-18-эрежелер. Бириккен Улуттар Уюмунун аял соттолуучулар менен мамиле кылууга жана эркинен ажыратууга байланышпаган жаза чараларын колдонууга тиешелүү эрежелери (Бангкок эрежелери) 2010-жылдын 21-декабрында Башкы Ассамблеянын 65/229-токтому менен кабыл алынган.https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/bangkok_rules.shtml

[78] Жаза-аткаруу кодекси (КР ЖАК) https://cbd.minjust.gov.kg/111528/edition/14117/ru

Бирок тең укуктуулук принциби жаза өтөө шарттарына жана тартибине жынысына, жаш курагына жана башка жагдайларга жараша дифференцияланган мамилени колдонууга жол берет, бул аял соттолуучулар үчүн өзгөчө маанилүү болуп саналат.

Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы аялдар алардын физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алууну талап кылган бир катар спецификалуу чакырыктарга кабылышат. КР Жаза-аткаруу кодексинин 18-беренеси соттолгон адамдардын кыйноого жана башка адамгерчиликсиз, ырайымсыз же адамдын кадырын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнө же жазалоолорго дуушар болбоо укуктарын кепилдикке алат. Бирок жүргүзүлгөн мониторинг айрым пенитенциардык мекемелерде аялдар, өзгөчө кош бойлуу жана эмчек эмизген аялдар үчүн маанилүү болуп эсептелген медициналык тейлөөнүн жеткиликсиздиги сыяктуу кармоонун талапка ылайык эмес шарттарын менен бетме-бет келүүсү мүмкүн.

Мына ошентип Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Нельсона Манделанын Эрежелерин кошкондо эл аралык стандарттарга шайкеш келет, бирок аны ишке ашыруу практикалык кыйынчылыктар менен коштолот. Тең укуктуулук жана татыктуу мамиле принциптерин сактоону камсыз кылуу үчүн аялдарды кармоонун шарттарына көзөмөл жүргүзүүнү күчөтүү, алардын физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алган программаларды киргизүү жана адистештирилген медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу сунушталат, бул болсо соттолгон аялдардын укуктарын натыйжалуу коргоону жана аларды социалдык жактан коомго кайра кайтарууга шарт түзөт.

Сурамжылоого катышкан аялдардын 18,3% өздөрүнүн эркиндигинен ажыратуу жайларындагы тажрыйбаларын сүрөттөп баяндап берип жатып, аларды убактылуу кармоочу жайда кармоо учурунда жана тергөө изоляторунун камераларынын шарттары жаман болгондугун белгилешти, тактап айтканда кышында жылуулук берилген эмес, камералар ашыкча толгон, аларда чычкандар, чөчө чычкандар бар болгон, тамак алынып келинген идиштер кир болгон.

Аялдардын 14% медициналык жардам көрсөтүүнү суранып бир нече ирет кайрылышканын, бирок дайыма бул кызматты көрсөтүүдөн жана дары-дармек да берүүдөн баш тартууга дуушар болушканын билдиришкен. Убактылуу кармоо жайларында болгон учурда, алар балдары, ата-энеси жана жакындары менен байланышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган. Жабык мекемелердин администрациялары аялдарга телефон чалууга да, жолугушууга да мүмкүнчүлүк беришкен эмес. Кармалган жана убактылуу кармоочу жайга киргизилген аялдар үйдө калган жаш балдары жана улгайган ата-энелери үчүн катуу санааркашкан, бул болсо алардын терең стресске кабылуусуна түрткү болгон. Психикалык жактан аярлуу аялдар жабык мейкиндикте, тааныш эмес адамдардын арасында болуп, күчтүү коркуу жана тынчсыздануу сезимдерин баштан кечиришкен. Камерада болуу алардын абалын ого бетер оорлотуп, стресске, обочолонуу сезимине алып келип, кээ бир учурларда депрессияга жана эмоционалдык жактан түгөнүүгө (6,5%) себеп болгон.

Аялдар ошондой эле убактылуу камоочу жайлардын жана тергөө изоляторлорунун кызматкерлери тараптан аларга карата зомбулук колдонуу коркутууларына, реалдуу дене бойлук зомбулукка, күч колдонула тургандыгы боюнча коркутууларга жана орой мамилеге кабылышканын билдиришкен. Бул көйгөй салыштырмалуу түрдө респонденттердин аз пайызын (4,3%) камтыганына карабастан, анын олуттуу көйгөй экендигине кайгыдер мамиле жасоо мүмкүн эмес.

Коркутуу орун алган же дене бойлук зомбулук колдонулган ар бир үчүр адамдын негизги укуктарын бузуудан кабар берет жана кызмат адамдары тарабынан мындай аракеттерге жол берилбей тургандыгын белгилейт. Бул ошондой эле мындай тажрыйбаларды жоюу үчүн, коопсуз чөйрө түзүү үчүн жана убактылуу кармоо жайларындагы соттолуп жаткан аялдардын укуктарынын сакталышын камсыз кылуу боюнча көзөмөлдү күчөтүү үчүн шашылыш чара көрүүнүн зарылдыгын көрсөтүп турат.

18-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз убактылуу коргоочу жайларда жана тергөө изоляторлорунда болгон мезгил аралыгында кандай көйгөйлөргө жана татаалдыктарга кабылдыңыз?

Сиз убактылуу коргоочу жайларда жана тергөө изоляторлорунда болгон мезгил аралыгында кандай көйгөйлөргө жана татаалдыктарга кабылдыңыз?	**Саны**	**%**
1.Кармоонун начар шарттары: Муздак, кир, ашыкча толтура камералар, чычкандар, жылуулуктун жоктугу	17	18,3%
2. Медициналык көйгөйлөр: медициналык жардам көрсөтүшкөн жок, дары-жармектер жокко эсе	13	14,0%
3. Психологиялык стресс: Коркуу, депрессия, моралдык көйгөйлөр	6	6,5%
4. Жакындар менен байланыштын жоктугу: Балдары же туугандары менен сүйлөшө алган эмес	9	9,7%
5. Дене бойлук зомбулук жана коркутуулар: Орой мамиле, коркутуулар, дене бойлук зомбулук	4	4,3%
6. Тамактанууга жана гигиенага байланыштуу көйгөйлөр: Тамак даярдоого мүмкүнчүлүктөр жок, гигиеналык каражаттар жок	4	4,3%
7. Балдарды багуудагы көйгөйлөр: Эмизүү үчүн жана балдарды багууга байланыштуу шарттардын жоктугу	2	2,2%
8. Юридикалык көйгөйлөр: Адвокат беришкен эмес	1	1,1%
9. Көйгөйлөр жок:	37	39,8%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Сурамжылоо окуялардын басымдуу бөлүгүндө (81,7%) убактылуу кармоочу жайларда жана тергөө изоляторлорунда камакта болгон кезде бир камерада чогуу отурган аялдар менен тил табышууда өзгөчө көйгөйлөрдү сезишпегендигин, алар менен нормалдуу мамиледе болушканын жана карама-каршылыктар болбогонун көрсөттү. Бирок сурамжылоонун жүрүшүндө аядардын көбү 7,5% өздөрүнүн мажбурлап изоляциялоо боюнча биринчи тажрыйбаларын кайрадан эсине салгылары келишпейт же эстөөдөн коркушат. Алар өз тажрыйбаларынан улам, көптөгөн аялдар камерада алар менен бирге отурган аялдардын агрессиясына жана стереотиптүү мамилесине түш болушарын билишерин айтышты. Карама-каршылыктар үзгүлтүксүз түрдө пайда болуп турат, анын ичинде себепсиз түрдө дагы, карама-каршылык пайда болуусуна көп учурда атайылап козутуу, акча талап кылуу жана алдамчылык себеп болушу мүмкүн. Аялдар тышкы дүйнө менен байланышууга тыюу

салынгандыктан, «камерадагы көзөмөлчүлөрдүн» «акы төлөп телефон чалуу» кызматынан пайдаланууга же УКЖ/ТИ администрациясынын кызматкерлеринин акысы кээде бир жолку эле чалуу мобилдик байланышуунун бир айлык абоненттик төлөмүнөн ашыкча болуп кетүүчү чалуулардан колдонууга мажбур болушканын билдиришкен. Аялдар өздөрү менен бир камерада турган аялдар менен сүйлөшүүдө тилдик тоскоолдуктарга кабылышкан, ошондой эле баңги заттык көз карандуулуктан жабыр тарткан аялдар менен чогуу нормалдуу күн кечирүү үчүн байланыша билүүнү жолго коё билүүгө дагы кабылышкан (4,3%).

19-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз бир камерада чогуу турган аялдар менен мамиле курууда кандай көйгөйлөргө кабылдыңыз? Эгерде сиз УКЖ же ТИда кармалган болсоңуз

Сиз бир камерада чогуу турган аялдар менен мамиле курууда кандай көйгөйлөргө кабылдыңыз? Эгерде сиз УКЖ же ТИда кармалган болсоңуз	**Саны**	**%**
Көйгөй жок; баары нормалдуу; жакшы	76	81,7%
Соттолгондордун арасында карама-каршылыктар жана агрессия: уруш-талаштар бат-баттан болуп турат; атайылап козутуулар; ич ара чатактар; оройлук; коркутуу; ача талап кылуу; тамак-аш азыктарын жана буюмдарды алып келүүгө мажбурлашкан	7	7,5%
Сүйлөшүүдөгү кыйынчылыктар: түшүнбөстүк; тил табыша алышкан жок; тилдик тоскоолдук; баңги затынан көз каранды адамдар тарабынан түшүнбөстүк	4	4,3%
Психологиялык стресс: коркуу; депрессия; баары ачууланган абалда; туугандары менен сүйлөшүүнүн жетишсиздиги	2	2,2%
Кызматкерлер менен же кармоо шарттарына байланыштуу көйгөйлөр: кызматкерлердин орой мамиле жасоосу; санитардык талаптардын сакталбоосу; камерада ажаткананын жоктугу	2	2,2%
Башка көйгөйлөр: Бирдей беренелер (кылмыштар); чалууга мүмкүнчүлүк жок болду	2	2,2%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Соттолгон аялдардын 39,8% (сурамжылоого катышкандардын 37) сурамжылоонун жүрүшүндө жазаны өтөөчү жайларда өздөрүн коопсуз эмес сезишкендигин жана дагы деле ушундай сезип жатышкандыгын айтышкан, бул пенитенциардык мекемелерде коопсуздукту камсыз кылууда маанилүү көйгөйлөр бар экендигинен кабар берип турат.

Ошол эле учурда сурамжылоого катышкандардын 53,8% (сурамжылоого катышкан 50 аял) өз коопсуздугуна коркунуч сезишпегенин билдиришкен, ал эми 6,4% (сурамжылоого катышкан 6 аял) бул суроого жооп берген эмес. Бул маалыматтар потенциалдуу коркунучтарга бөгөт коюу жана кармоо шарттарын жакшыртуу максатында соттолгон аялдар үчүн коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу чараларын күчөтүү зарылдыгын баса белгилеп турат.

20-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз качандыр бир кезде жазаны өтөөчү жайларда өзүңүздү коопсуз эмес сездиңиз беле?

Сиз качандыр бир кезде жазаны өтөөчү жайларда өзүңүздү коопсуз эмес сездиңиз беле?	Саны	%
1. Ооба, өзүмдү коопсуз эмес сездим	37	39,8%
2. Жок, өзүмдү коопсуз эмес сезген жокмун	50	53,8%
3. Жооп жок	6	6,4%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Соттолгон аялдардын 61,29% (сурамжылоого катышкан 57 аял) алар жазасын өтөгөн органдын кызматкерлеринин достук маанайдагы жана боорукер мамилелерин белгилешти. Ошол эле учурда 8,6% (8 соттолгондор) кызматкерлердин достук маанайдагы эмес жана гумандуу эмес дагы мамилелерин айтышты. Аялдардын 22,58% (21 адам) аларда УКЖ жана ТИ кызматкерлеринин мамилесине тиешелүү тажрыйбалары ар түрдүү экенин билдиришти, орой кызматкерлер дагы, ошондой эле сылык кызматкерлер дагы кездешкен. 6,45% (6 адам) өздөрүнүн кызматкерлер менен өз ара аракеттенүүсүн нейтралдуу катары мүнөздөшкөн. Бул көрсөткүчтөр кызматкерлер соттолгон аялдарга ар түрдүү деңгээлде мамиле кылышарын далилдеп турат, бул алардын жаза өтөө шарттарын жалпы кабылдоосуна жана кайрадан социалдашуусунун ийгиликтүү болуусуна таасир этиши мүмкүн.

21-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүүсү: Сиз жазаны өтөгөн органдардын кызматкерлери достук маанайда болушту беле?

Сиз жазаны өтөгөн органдардын кызматкерлери достук маанайда болушту беле?	Саны	%
1. Ооба, жазаларды өтөө органынын кызматкерлери достук маанайда жана боорукер болушту	57	61,29%
2. Жок, жазаларды өтөө органынын кызматкерлери негизи эле достук маанайда эмес жана боорукер дагы эмес болушчу	8	8,60%
3. Жазаларды өтөө органдын айрым кызматкерлери достук маанайдагы мамиле жасашкан, ал эми кээ бирлери – тескерисинче, орой мамиле кылышкан	21	22,58%
4. Жалпысынан жазаларды өтөө органдарынын кызматкерлери менен мамилелер нейтралдуу болгон	6	6,45%
5. Иштешпейт	1	1,08%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Соттолгон аялдардын 97,8% (91 адам) жазасын өтөп жаткан мөөнөттө сексуалдашкан зомбулук аракеттерине кабылышкан эмес. Бирок 1,1% (1 адам) кызматкерлер тарабынан жана дагы 1,1% (1 адам) – башка адамдар тарабынан зомбулук аракеттери жөнүндө билдиришти. Сексуалдашкан зомбулук окуялары сейрек болгонуна карабастан, мындай окуялардын бар болуусу пенитенциардык мекемелерде соттолгон аялдардын укуктарын

толук кандуу коргоону жана мындай окуяларга жол бербөөнү камсыз кылуу үчүн өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

22-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторун бөлүштүрүлүшү: Жазаны өтөө мезгил аралыгынын ичинде сексуалдык зомбулук аракеттери болду беле? Эгерде болсо ким тарабынан?

Жазаны өтөө мезгил аралыгынын ичинде сексуалдык зомбулук аракеттери болду беле? Эгерде болсо ким тарабынан?	Саны	%
1. Ооба, кызматкерлер тарабынан сексуалдашкан зомбулук аракеттери болгон	1	1,1%
2. Башка адамдар тарабынан сексуалдашкан зомбулук аракеттери болгон	1	1,1%
3. Жок, сексуалдашкан зомбулук аракеттери болгон эмес	91	97,8%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Корутундулар

1. Убактылуу кармоочу жайларда жана тергөө изоляторлорунда кармоонун шарттары аларды санитария, жылуулук менен камсыз кылуу, бир соттолгон адам үчүн минималдуу аянтчаны кошкондо Нельсон Манделанын Эрежелерине шайкеш келбейт, бул аялдардын татыктуу шарттарга ээ болуу жана аялдарга карата гумандуу мамиле укуктарын бузат. Убактылуу кармоочу жайларда жана тергөө изоляторлорунда болгон убакыттын ичинде аялдар сапаттуу медициналык жардамдын жеткиликсиздиги көйгөйүнө кабылышат, бул өнөкөт жана онкологиялык оорулар менен жабыр тарткан аялдар, кош бойлуу жана эмчек эмизген аялдар үчүн өзгөчө жагымсыз абал болуп эсептелет. Эркиндигинен ажыратуу жайларында болуу менен аялдар дене бойлук зомбулуктар жана коркутуулар көйгөйлөрүнө кабылышат. Сурамжылоонун жүрүшүндө соттолгон аялдардын 39,8% (сурамжылоого катышкандардын 37си), жазасын өтөө жайларында дээрлик көп учурда өздөрүн коопсуз эмес сезишкендиктерин жана дагы деле ушундай сезимде экендиктерин айтышкан, бул болсо пенитенциардык мекемелерде коопсуздукту камсыз кылууда олуттуу көйгөйлөр бар экендигин көрсөтүп турат.

Сунуштамалар

1. КР Жазаларды аткаруу кызматы ишке ашыруусу зарыл: 1) Нельсон Манделдин Эрежелерине ылайык бир соттолгон адамга минималдуу аянтчаны жана таза суунун жеткиликтүүлүгүн, анын ичинде үзгүлтүксүз түрдөгү жууп тазалоону, санитардык ченемдерди жана инфраструктуранын стандарттарын сактоону камсыз кылууну. Бул аялдардын кармоо шарттарынын физикалык абалын жакшыртып, кармоонун кыйла гумандуу шарттарын түзөт. 2) сапаттуу медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн, өзгөчө өнөкөт жана онкологиялык оорулардан, жүрөк-кан тамыр ооруларынан жабыр тарткан, кош бойлуу, эмчек эмизген адамдар үчүн жеткиликтүү болуусун кепилдикке алууну. Туруктуу медициналык кароолорду, адистештирилген дарыгерлердин жана зарыл болгон дары-дармектердин жеткиликтүүлүгүн камсыздоону жолго коюу керек. Бул Нельсон Мандела эрежелеринин 24-Эрежесине шайкеш келет жана аялдардын саламаттык сактоого ээ болуу укуктарын бекемдейт 3) Пенитенциардык мекемелерде

коопсуздуктун деңгээлин жогорулатуу үчүн, соттолгондордун арасындагы карама-каршылыкка бөгөт коюу тутумун жакшыртуу зарыл. Бул өзүнө медиация программаларын иштеп чыгууну, камераларды үзгүлтүксүз кайтарууну, агрессивдүү соттолгондорду жалпы контингенттен обочолонууну камсыз кылууну жана 'түрмө' субмаданиятынын пайда болушуна жана анын таасирине жол бербөөнү камсыз кылуу зарыл. 4)соттолгондордун тышкы дүйнө менен байланышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу боюнча ыкманы кайра карап чыгуу зарыл. Акы төлөнүүчү кызматтарды - «көзөмөлчүлөрдүн» же администрация кызматкерлеринин жардамы аркылуу байланыш түзүү зарылчылыгын жоюу максатында акысыз телефон чалуулардын же видеобайланыштын жеткиликтүүлүгүн уюштуруу зарыл.

4-индикатор. Кыйноолордон жана катаал мамиледен коргоо кепилдиктери мыйзам менен белгиленип, практикалык жактан камсыздалат.

4.1-КК. Жазаларды аткаруу тутумунун мекемелериндеги ички тартип жөнүндө мыйзам жана эрежелер кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-барктыкемсинткен мамиле же жаза түрлөрүнө абсолюттук тыюуну белгилейт

Сыпаттамасы

ЖСУЭП 7-беренеси белгилейт: «*Эч ким кыйноолорго же ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркын кемсинткен мамилеге же жазалоого дуушар болбоосу керек*. *Айрыкча, эч бир адам өзүнүн эркин макулдугусуз медициналык же илимий тажрыйбаларга тартылбоого тийиш».* БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясына ылайык мамлекеттер милдеттүү: 1) өзүнүн юрисдикциясынын алдындагы бардык аймагында кыйноолор актыларынын алдын алуу үчүн натыйжалуу мыйзамдык, административдик, соттук жана башка чараларды кабыл алууга; [79] 2) баш коргоо чарасы камакка алуунун, кармоонун бардык формаларына кабылган же абакта отурган адамдарды суракка алууга, кармоого, аларга мамиле кылууга тиешеси бар–укук коргоо органдарынын, жарандык же аскердик кызматкерлердин, медициналык адистердин, мамлекеттик кызмат адамдарынын башка бардык кызматкерлердин милдеттери жана функциялары боюнча нускамаларга же эрежелерге, аларды даярдоо программаларына кыйноолорго тыюу салуу боюнча окуу материалдарын жана маалыматтарды киргизүү;[80] 3) кандай гана түрдөгү болбосун кыйноолорго жол бербөө үчүн, өз юрисдикциясына караштуу аймактарда кайсы гана формада болбосун камакка алынган же түрмөгө эркинен ажыратылган адамдардын камакта кармоо шарттарын жана аларга карата болгон мамилени тутумдуу түрдө кайра карап чыгуу талап кылынат;[81] 4) кыйноолордун жана ырайымсыз мамиленин алдын алуу кепилдиги катары камакта жазышууга жана сүйлөшүүгө укугу жок шартта кармоого каршы чараларды көрүү зарыл;[82] 5)

[79] Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же ар-намысты кемсинткен мамилелерге жана жазаларга каршы конвенция. 1984-жылдын 10-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 39/46 резолюциясы менен кабыл алынган, 2-берене, 1-пункт.URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/torture.shtml.

[80] Ошол жерде. 10-берене. 1-2-берене.

[81] Ошол жерде. 11-берене.

[82] Жалпы мүнөздөгү түшүндүрмө №20 – 7-берене (кыйноого же ырайымсыз, адамгерчиликсиз же ар-намысты кемсинткен мамилеге жана жазалоого тыюу салуу), 11-параграф. .11. URL: https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx?symbolno=INT%2FCCPR%2FGEC%2F6621&Lang=ru . БУУнун Кыйноолор боюнча атайын баяндамачысы даярдаган отчетто (БУУнун документ A/56/156, 2001-жылдын июлу, 39(f)-параграф) белгиленгендей, «кыйноолор көбүнчө жазышуусуз жана байланышсыз кармоодо колдонулат. Мындай кармоо мыйзамсыз деп таанылышы керек жана жазышуу жана байланышуу укугу жок кармалган адамдар дароо ушул абалдан бошотулушу зарыл»

кыйноолорду жана ырайымсыз мамилени колдонууга мүмкүндүк бере турган бардык жабдууларды жана каражаттарды камакта кармоо жайларынан алып салуу.[83]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Улуттук мыйзамдарга ылайык, айыпталуучуга дене бойлук зыян келтирүү фактысы боюнча текшерүү жүргүзүлөт, анын жыйынтыгы боюнча кылмыш ишин козгоо же кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө суроо чечилет. [84] Мыйзам тергөө изоляторуна кабыл алынган бардык адамдарга ички күн тартибинин Эрежелеринин тексти менен, анын ичинде өзүнүн укуктары жана милдеттери, камакта кармоо режими менен, тартиптик талаптар менен, сунуштарды, арыздарды, даттанууларды берүү тартиби менен таанышууга укук берет.[85] Аталган маалымат айыпталуучуларга жана соттолгондорго жазуу түрүндө дагы, ошондой эле оозеки түрүндө дагы берилиши мүмкүн. Андан кийин мына ушундай маалымат айыпталуучуларга жана соттолгондорго радио аркылуу, кызматкерлер камераларды кыдыруу маалында, айыпталуучуларды жана соттолгондорду ТИ башчысы жеке өзү кабыл алган жана башка ыйгарым укуктуу адамдар кабыл алган учурда үзгүлтүксүз түрдө берилип турат. Айыпталуучуларга жана соттолгондорго алардын суранычы боюнча ТИ китепканасынан «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзам жана ички күн тартибинин эрежелери убактылуу колдонуу үчүн берилет.

Ар бир камеранын дубалында ТИ кармалып турган айыпталуучулардын жана соттолгондордун негизги укуктары жана эркиндиктери жөнүндө маалымат илинет. Айыпталуучулар даттануулары боюнча жазуу жүзүндө кайрылуулары үчүн алардын суранычы менен жазууга тиешелүү буюмдар берилет (кагаз, шарик түрүндөгү калем сап)[86].

Мыйзам боюнча айыпталуучулардын даттануулары камакта кармоо жайларынын администрациясы аркылуу аны берген учурдан баштап, үч күндөн кеч эмес убакыт аралыгында багытталган дарегине жиберилет. Прокурорго, сот жана шектүүлөр менен айыпталуучуларды, камакта кармоочу жайларды көзөмөлдөөгө укуктуу болгон башка мамлекеттик бийлик органдарына даректелген сунуштар, арыздар жана даттануулар цензурага алынбайт жана сунуш берилген күндөн экинчи күнү кечиктирбестен, ал эми бул күн дем алыш же майрам күндөрүнө туш келсе, биринчи жумуш күнү даректелгенге мөөр басылган пакетке салынып жөнөтүлөт. Тергөө изоляторунун, жаза аткаруу тутумунун ички күн тартибинин Эрежелери бул ченемдерге купуялуулукту эске алууну кошумчалайт: айыпталуучунун сот, прокуратура, Акыйкатчы (Омбудсмен), башкармалыктын жогорку органдары менен жазышууларын ачууга тыюу салынат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө сурамжылоого катышкан аялдардын 20,4%, УКЖ жана ТИ кармалып турган убакыттын ичинде алар күнөөнү моюнга алуудан баш тарткан учурда дене бойлук же сексуалдашкан зомбулук колдонуу коркунучтары менен коштолгон көйгөйлөргө кабылышты. Дагы 2,2% дене бойлук күч колдонуу реалдуу колдонулгандыгын же аны колдонуу коркунучу болгондугун белгилешти, ал эми 4,3% алардын жакындарына, анын ичинде балдарына жана

[83] Ошол жерде.

[84] Ички күн тартибинин эрежелери ТИ, КР КАТ. 17-бөлүм.

[85] КР «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамы, 31-октябрь, 2002-жыл, № 150. 16-берене. 1-абзац. Документтин толук реквизиттерин белгилеңиз. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1107/edition/1219040/ru Ички күн тартибинин эрежелери ТИ, КР КАТ. 3-бөлүм, 8-абзац

[86] «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамы, 20-берене.

туугандарына залал келтирүү жаатындагы коркутуулар жөнүндө билдиришти. Буга карабастан, сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү (72,1%) мындай коркутууларга кабылышкан эмес. Бул көрсөткүчтөр тергөө органдарынын аракеттерине көзөмөлдү күчөтүү, кыйноолорго жана коркутууларга бөгөт коюу зарыл экендигин, ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшү процессинде аялдардын укуктарын коргоо механизмдерин түзүү керектигин баса белгилейт.

23-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сизди эгерде күнөөнү моюнуңузга албасаңыз, дене бойлук, сексуалдашкан зомбулук колдонула тургандыгы менен коркутушту беле?

Сизди эгерде күнөөнү моюнуңузга албасаңыз, дене бойлук, сексуалдашкан зомбулук колдонула тургандыгы менен коркутушту беле?	Саны	%
1. Ооба, мени эгерде күнөөнү мойнума албасам, дене бойлук, сексуалдашкан зомбулук колдонула тургандыгы менен коркутушкан	19	20,4%
2. ООба мага карата дене бойлук күч колдонушту же аны колдонобуз деп коркутушту Мисалдар: дене бойлук күч колдонушту, дене бойлук күч колдонобуз деп коркутушту	2	2,2%
3. Ооба, мени менин жакын адамдарыма зыян келтиребиз деп коркутушту Мисалдар: балдарга же туугандарга зыян келтирүү коркунучтары	4	4,3%
4. Орой мамиле же сөз түрүндөгү коркутуулар болгон Мисалар: орой мамиле, адепсиз сөгүнүү	1	1,1%
5. Жок, мени антип коркутушкан жок	67	72,1%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Талдоо жүргүзүү буларды көрсөттү: аялдардын басымдуу көпчүлүгү (97,8%) эркиндигинен ажыратуу жайларында болуу мезгил аралыгынын ичинде сексуалдашкан зомбулук жасоо аракеттерине кабылышкан эмес. Бирок, аялдар мындай аракеттер жөнүндө билдирген 2 учур (2,2%) катталды: бирөө пенитенциардык мекеменин кызматкерлери тарабынан жана экинчиси башка адамдар тарабынан. Мындай окуялар сейрек орун алганына карабастан, алардын бар болуп жаткандыгы олуттуу коркунучтарды чакырат, аялдардын укуктарын сактоого катуу көзөмөл кылуунун, мындай окуяларга бөгөт коюунун жана иликтөөнүн натыйжалуу механизмдерин киргизүүнүн, ошондой эле эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун коопсуздугун камсыз кылуунун зарылдыгын баса белгилейт.

24-таблица. Кийинки сурооо респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Жазаны өтөө мезил аралыгында сизге карата сексуалдашкан зомбулук жасоо аракеттери болду беле? Эгер болсо, ким тарабынан?

Жазаны өтөө мезил аралыгында сизге карата сексуалдашкан зомбулук жасоо аракеттери болду беле? Эгер болсо, ким тарабынан?	**Саны**	%

1. Ооба, кызматкерлер тарабынан сексуалдашкан зомбулук аракеттери болгон	1	1,1%
2. Ооба, башка адамдар тарабынан сексуалдашкан зомбулук аракеттери болгон	1	1,1%
3. Жок, сексуалдашкан зомбулук аракеттери болгон эмес	91	97,8%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кыйноолорго жана ырайымсыз мамилелерге тыюу салган ченемдердин бар экендигине карабастан, реалдуу кырдаал аларды бузган учурларды көрсөтүп турат. Аялдардын 20, 4% дене бойлук жана сексуалдашкан зомбулук коркунучтарын баштарынан кечиришкен, бул болсо эл аралык стандарттарга, анын ичинде кыйноолорго абсолюттук түрдө тыюу салууга жана улуттук мыйзамдарга каршы келет. Аялдардын 2,2% дене бойлук күч колдонууга же күч колдоно тургандыгын айтып коркутууга кабылышкан, а 4,3% болсо алардын жакындарына зыян келтирүү коркутуулары болгондугун билдиришкен. Бул көрсөткүчтөр укук колдонуу тутумунда олуттуу көйгөйлөр бар экендигин жана пенитенциардык мекемелердин кызматкерлеринин аракеттерине көзөмөлдү күчөтүү зарылдыгы бар экендигин көрсөтүп турат. Аялдардын көпчүлүгү (97,8%) сексуалдашкан зомбулукка кабылбаганы менен, эки окуя (2,2%) катталган, бул мындай окуяларга бөгөт коюунун зарылдыгын баса белгилейт.

Сунуштамалар

1. Ачык-айкындуулук жана отчеттуулук максаттары үчүн кийинкилер сунушталат: 1) Жарандык байкоочулардын, анын ичинде Акыйкатчынын, бейөкмөт уюмдарынын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышусунда, аялдар кармалып турган пенитенциардык мекемелерге үзгүлтүксүз түрдөгү көз карандысыз текшерүүлөрдү жүргүзүүлөрдү камсыз кылуу; 2) Кармоо шарттарына мониторинг жүргүзүү боюнча туруктуу комиссияларды түзүү зарыл, алардын аракеттери парламенттин жана коомчулуктун көзөмөлүндө болууга тийиш; 3) Пенитенциардык мекемелердеги адам укуктарынын абалы жөнүндө отчетторду кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштар менен коштоп, үзгүлтүксүз жарыялап туруу керек.
2. Натыйжалуу иликтөө жана жабыр тарткан адамдарга колдоо көрсөтүү үчүн маанилүү: 1) кызматкерлер тарабынан зомбулук көрсөтүү же коркутуу учурларынын баарын милдеттүү түрдө каттоо боюнча стандарттарды киргизүү жана ар бир окуяны милдеттүү түрдө иликтөөнү камсыз кылуу; 2) коркутууларга дуушар болгон аялдар үчүн коопсуз мейкиндиктерди түзүү, ошондой эле коркутуулар аныкталган учурда аларды башка мекемелерге ыкчам түрдө которуу механизмдерин иштеп чыгуу; 3) айрыкча мекеменин кызматкерлерине карата даттанууларды берүүдө купуялуулукту камсыз кылуу жана түшкөн бардык кайрылуулардын көз карандысыз тартипте каралышын кепилдикке алуу; 4) даттанууларды компетенттүү органдарга берүү процессин тездетүү жана аларды кароонун жүрүшү жана жыйынтыктары жөнүндө арыз берүүчүгө маалымдоону камсыз кылуу; 5) коркутуулардан же зомбулуктан жабыр тарткан аялдар үчүн психологиялык жана юридикалык жардам программаларын, анын ичинде адвокаттардын жана психологдордун жеткиликтүү болуусу программаларын түзүү

3. Жоопкерчиликти жогорулатуу максаты үчүн зарыл:1) убактылуу кармоочу жайлардын, тергөө изоляторлорунун, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин дене бойлук күч колдонгондугу үчүн, коркутуулар же зомбулуктун башка формаларына катышкандыгы үчүн жоопкерчиликтерин күчөтүү, анын ичинде тартиптик жаза чараларын жана аларга карата кылмыш-жаза куугунтуктоону күчөтүү; 2) гендердик идентүүлүгү жана сексуалдык багыты ар түрдүү аялдарга жана адамдарга карата сексуалдашкан зомбулукка бөгөт коюунун жана көзөмөлдөөнүн катаал чараларын киргизүү, анын ичинде даттанууларды берүүнүн анонимдүү механизмдерин түзүү.
4. Укуктар жөнүндө маалыматтуулугун жогорулатуу максатында максаттуу: 1) кызматкерлер үчүн гендердик зомбулукка бөгөт коюу боюнча жана гендердик идентүүлүгү жана сексуалдык багыты ар түрдүү соттолгон аялдардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча тренингдерди үзгүлтүксүз түрдө уюштуруу; 2) аялдардын өз укуктары жана коргонуунун жеткиликтүү механизмдери жөнүндө маалыматтуулугун жогорулатуу үчүн укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрү менен жолугушууларын үзгүлтүксүз түрдө уюштуруп туруу.
5. Улуттук мыйзамдарды эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн жеткиликтүү түрдө иштеп чыгуу максатында, камакта кармоонун улуттук эрежелерин эл аралык стандарттарга, анын ичинде кыйноолорго жана ырайымсыз мамилелерге абсолюттук түрдө тыюу салуу жана Нельсон Манделдин Эрежелерине шайкеш келтирүү сунушталат.

5-индикатор. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму мекемелеринде кармоонун гумандуу шарттарын камсыз кылуунун кепилдиктери мыйзамда бекитилген жана иш тажрыйбасында камсыз кылынат

5.1-КК. Пенитенциардык мекемелердеги жашоо шарттары соттолгон адамдардын негизги талаптарын канааттандырат

Сыпаттамасы

Кылмыш-жаза жазалоонун маңызы – бул кылмыш жасаган адамдарды эркиндигинен ажыратуу болуп эсептелет. Пенитенциардык мекемелердеги канааттандырылбаган (талапка жооп бербеген) жашоо шарттары алар үчүн кошумча жаза катары кызмат кылбашы керек. Мамлекет соттолгон адамдардын - алардын адамдык кадыр-баркын сыйлоо жана негизги физикалык муктаждыктарын канааттандыруу бөлүгүндөгү эл аралык-укуктук милдеттенмелерин аткарууга милдеттүү, анын ичинде кийинкилер аркылуу:

1) жашоо үчүн адекваттуу жай берүү;[87] 2) санитардык жана гигиеналык шарттарды сактоо; 3) кийим-кечек жана уктоочу буюмдарды берүү;[88] 4) сапаттуу тамак-ашты жетиштүү көлөмдө берүү;[89] 5) суу менен камсыз кылуу;[90] 6) зарыл дене тарбиялык көнүгүүлөрдү жасоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү.[91]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кыргызстандагы пенитенциардык мекемелерде кармоо шарттары Жаза-аткаруу кодекси (ЖАК) жана башка ченемдик актылар менен жөнгө салынат. Мамлекет Соттолгон адамдарга мамиле кылуунун Минималдуу стандарттык эрежелери (Нельсон Манделанын Эрежелери)

[87] Нельсон Манделдин эрежелери, 12-17-эрежелер.
[88] Ошол жерде, 19–21-эрежелер.
[89] Ошол жерде, 22-эреже, 1-пункт.
[90] Ошол жерде, 22-эреже, 2-пункт.
[91] Ошол жерде, 23-пункт.

сыяктуу эл аралык стандарттарга ылайык, негизги физикалык муктаждыктарын канааттандырууну камсыз кылууга милдеттүү. Өзгөчө көңүл эркиндигинен ажыратуу жайлардындагы аялдарга, алардын дене бойлук, санитардык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бурулуусу керек.

Жашоо шарттары. КР ЖАК 99-беренеси эркиндигинен ажыратууга соттолуп эркиндигинен ажыратылган адамдарды камсыз кылуучу турак жайдын минималдык стандарттарын бекитет, ал кийинкилерден турат: түрмөлөрдө - 2 м²; аялдарды кармоо үчүн арналган абактарда жана дарылоо түзөтүү мекемелеринде - 3 м² кем болушу мүмкүн эмес.

Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондорго өзүнчө жата турган орун жана төшөнчү берилет, ал эми майыптыгы бар адамдарга – атайын техникалык каражаттар берилет.

Түзөтүү абактарында жазасын өтөп жатышкан аялдарды сурамжылоо, окуялардын басымдуу көпчүлүгүндө (78,5%) аялдар жазаларды аткаруу мекемелериндеги материалдык-тиричиликтик шарттарга канааттандырарлык деген баа беришерин көрсөттү. Аялдардын 18,3% түзөтүү абактарында бардык соттолгондор үчүн орун жетиштүү экенине карабастан, жалпысынан алар канааттандырарлык эмес деп бааланат деп билдиришти. Аялдардын ичинен 3,2% баа берүүдө кыйналышты, муну алар мындан соң терс коркутуулардын болуусунан улам түзөтүү абактарынын администрацияларынын ишин сындоодон корко тургандыктары менен негиздешти.

25-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз түзөтүү абактарындагы шарттарга кандай баа бересиз?

Сиз түзөтүү абактарындагы тиричиликтик шарттарга кандай баа бересиз?	**Саны**	**%**
1. Жашоо шарттары канааттандырарлык, орундар жетиштүү	73	78,5%
2. Орундар жетиштүү, бирок шарттар канааттандырарлык эмес (суук, кир, ашыкча жайгаштырылган, жылуулук берилген эмес)	17	18,3%
3. Баа берүү кыйын	3	3,2%
Жалпы жыйынтык	**93**	**100%**

КР Жаза-аткаруу кодексинин 100-беренеси түзөтүү мекемелеринде үч жашка чейинки курактагы балдардын нормалдуу өнүгүүсүнө шарттарды түзүү менен, алар үчүн балдар үйлөрүн уюштурууну караштырат. Соттолгон аялдар бош убактыларында балдары менен сүйлөшө алышат жана зарылчылыкка жараша алар менен чогуу жашашса болот. Апасынын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен балдар туугандарына же камкордук органдарына берилиши мүмкүн. Бала үч жашка чыкса, ал эми энесинин бошошуна чейин бир жылдан аз убакыт калса, баланын балдар үйүндө болуу убактысын энесинин жаза өтөө мөөнөтү аяктаганга чейин узартылат. Кош бойлуу жана төрөгөн аялдар адистештирилген медициналык жардамга укугу бар, ал эми балдар үйлөрү мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланат.

Балдары бар аялдардын жазасын өтөөсү үчүн материалдык-техникалык шарттарына баа берүү жалпысынан, аялдардын көпчүлүгү үчүн татаал болду, себеби алар жазасын өтөп жаткан адамдардын бул категориясы үчүн караштырылган преференцияларды колдонуу тажрыйбаларына ээ эмес. Бирок, тигил же бул деңгээлде мындай тажрыйбасы бар

адамдардын (3 аял) ичинен окуялардын 67% канааттандырарлык эмес деп баалашты, жаңы төрөлгөн ымыркайларды жана кичинекей балдарды багуу жана тамактандыруу үчүн нормалдуу шарттар жок экендигин белгилешти.

26-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз жазасын өтөп жаткан балдары бар аялдар үчүн материалдык-тиричиликтик шарттарга кандай баа бересиз?

Сиз жазасын өтөп жаткан балдары бар аялдар үчүн материалдык-тиричиликтик шарттарга кандай баа бересиз?	**Саны**	**%**
1. Канааттандырарлык	0	0%
2. Жалпы камерага караганда кичине жакшы	1	1,1%
3. Өтө начар. Нормалдуу шарттар жок. Баланы тамактандыруу же багуу үчүн шарттар жок	2	2,2%
4. Жооп берүүдөн кыйналып турам	90	96,7%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Санитария жана гигиена. КР Жаза-аткаруу кодексинин 101-беренеси соттолгондорго медициналык-санитардык жардам жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө мыйзамдарга, ошондой эле жаза өтөө тартибине жана шарттарына ылайык уюштуруларын караштырат.

Аларды тейлөө үчүн дарылоо мекемелери, анын ичинде ооруканалар, медициналык бөлүмдөр түзүлөт. Түзөтүү мекемелеринин администрациясы санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы талаптардын аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат. Соттолгондун өмүрүнө коркунуч пайда болгондо, ал тамак ичүүдөн баш тарткан учурда, медициналык кийлигишүү жол-жоболорун мажбурлап жүргүзүүгө жол берилет. Соттолгондор өздүк жана жалпы гигиена эрежелерин, санитариянын талаптарын сактоого милдеттүү.

Жазасын өтөп жаткан аялдардын болгону 27,7% гана түзөтүү абактарындагы санитардык-гигиеналык шарттарды канааттандырарлык деп баалашты. Аялдардын 68,8% болсо, түзөтүү абактарынын имараттарында жана турак жайларында санитариянын жана гигиенанын минималдуу талаптарын камсыз кылууда бир катар көйгөйлөр бар экенин билдиришти, бул кырдаалды сапаттуу дезинфекциялоочу каражаттар, самын, жуучу каражаттар жана жеке гигиеналык каражаттар менен жетиштүү камсыз болбогондугу менен байланыштырышты. Сурамжылоого катышкандардын 4,3% санитардык-гигиеналык шарттарды канааттандырарлык эмес деп баалашты, администрация жайлардын тазалыгын көзөмөлдөбөйт жана соттолгондорду атайын санитардык-гигиеналык каражаттар жана аялдардын жашоосу үчүн шарттар камсыздабайт менен деп билдиришти. Ошондуктан аялдар түзөтүү кадимки мекемелериндеги жашоо нормаларын сактоо көйгөйлөрүн өз каражаты жана жакындарынын жардамынан башка жол менен чечүүгө туура келет

27-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышына кандай баа бересиз?

Сиз санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышына кандай баа бересиз?	**Саны**	**%**

1. Санитардык-гигиеналык нормалар сакталууда	23	27,7%
2. Жарым-жартылай сакталууда (айрым нормалар сакталууда, бирок кемчиликтер бар).	64	68,8%
3. Толугу менен сакталган жок (тазалык начар, нормалдуу шарттар жок).	4	4,3%
4. Жооп берүүдөн кыйналып турам	2	2,2%
Жалпы жыйынтык	**93**	**100%**

Жазасын өтөп жаткан аялдардын 63,4% аларды гигиеналык каражаттар менен камсыз кылышпайт деп айтышты жана алар жазасын өтөп жаткан мезгил аралыгында бул көйгөйдү өздөрүнүн жеке каражаттарынын жана ресурстарынын эсебинен чечип келе жаткандыгын билдиришти.

28 -таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторунун бөлүштүрүлүшү: Сиздин абакта жазасын өтөп жатышкан аялдар үчүн гигиеналык каражаттардын жоктугу көйгөйү канчалык деңгээлде маанилүү?

Сиздин абакта жазасын өтөп жатышкан аялдар үчүн гигиеналык каражаттардын жоктугу көйгөйү канчалык деңгээлде маанилүү?	**Саны**	**%**
Гигиеналык каражаттардын жоктугу олуттуу болуп саналат жана бул көйгөй көп пайда болот, кыйынчылыктарды жаратып келет	38	40,86%
Кээде гигиеналык каражаттардын жеткиликтүү болуусунда көйгөйлөр пайда болот, бирок жалпысынан алганда кырдаал анчалык эле оор эмес	14	15,05%
Гигиеналык каражаттар боюнча көйгөйлөр сейрек кездешет же дээрлик жок, алардын жеткиликтүүлүгү тийиштүү деңгээлде камсыздалган	11	11,83%
Гигиеналык каражаттарга жетүүдө эч кандай көйгөй жок, алар ар дайым жеткиликтүү жана жетиштүү өлчөмдө камсыздалат	19	20,43%
Аз камсыз болгондор көп, гигиеналык каражаттарга муктаж болушат (дээрлик жок)	1	1,08%
Биз аларды өзүбүз алабыз	6	6,45%
Муктаж болбойм	3	3,23%
Жооп жок	1	1,08%
Жалпы жыйынтык	**93**	**100%**

Кийим-кечек жана уктоочу буюмдар. КР Жаза-аткаруу кодексинин 99-беренеси мамлекеттин соттолгон адамдарды мамлекеттин эсебинен мезгил алмашканына ылайык кийим-кечек жана бут кийим менен камсыз кылуу милдетин караштырат. Балдары бар аялдар баланы багууга керектелүүчү предметтерди алышат. Камакка алуу мезгил аралыгында айыпталуучулар убактылуу колдонуу үчүн ала алышат: 2 шейшеп жана жаздык кап, сүлгү, сезонго ылайык кийим (эгерде жеке кийими жок болсо). Тергөө изоляторлорунун көбүндө апасы менен үч жаштагы баланын болуусу үчүн шарттар түзүлгөн эмес. Бир дагы тергөө изоляторунда төрөгөн аялдар үчүн балдарга жалаяктар, балдар кийимдери жана жаңы төрөлгөн балдарга жана наристелерге кам көрүү үчүн башка алгачкы зарыл предметтер

берилген эмес. Улуттук мыйзамдарда бул муктаждык эч жерде чагылдырылбагандыгы жана аталган предметтерге каржы караштырылбагандыгы аныкталды.[92]

Аялдар түзөтүү абактарында сурамжылоо жүргүзүү балдары менен чогуу жазасын өтөп жаткан аялдардын 75%, баласы бар аялдарды гигиеналык каражаттар менен камсыз кылуу боюнча учурдагы кырдаалды канааттандырарлыксыз деп баалашат. Алар балдар үчүн берилген гигиеналык каражаттардын сапатын төмөн деп экендигин, памперстердин жана төрөгөн аялдар үчүн атайын гигиеналык каражаттардын жетишсиздигин белгилешти.

29 -таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жоопторунун бөлүштүрүлүшү: Эгерде сиз жазаны кичинекей балаңыз менен чогуу өтөп жатсаңыз, анда сапаттуу тамак-аш менен камсыз кылуу, бала үчүн балдар кийимдеринин жана гигиена каражаттарынын бар болуусу көйгөйлөрүнө кабылып жатасызбы?

Эгерде сиз жазаны кичинекей балаңыз менен чогуу өтөп жатсаңыз, анда сапаттуу тамак-аш менен камсыз кылуу, бала үчүн балдар кийимдеринин жана гигиена каражаттарынын бар болуусу көйгөйлөрүнө кабылып жатасызбы? Эгерде сиздин балаңыз жок болсо, бул суроону өткөрүп жибериңиз	**Саны**	**%**
1. Канааттандырарлык эмес, себеби балдар үчүн гигиеналык каражаттар менен камсыз кылбайт	3	75%
2. Канааттандырарлык	1	25%
Жалпы жыйынтык	**4**	**100%**

Тамак-аш менен камсыздоо. КР Жаза-аткаруу кызматынын 99-беренеси жатак абактарда жашаган соттолгондордон башкалардын баарын тамак-аш берүүнү караштырат, жатак абактарда жашагандарга болсо карантиндик бөлүмдөрдө гана тамактанышат. Кош бойлуу аялдарга, бала эмизген энелерге, балдарга, ошондой эле майыптыгы бар адамдарга жакшыртылган шарттар түзүлөт, тамак-аштын жогорулатылган ченеми белгиленет. Кошумча түрдө соттолгондор сатып алууга уруксат берилген буюмдарды жана кызматтарды сатып алуу жеке каражаттарын колдонушса болот.

КР КАУБ тергөө изоляторлоруна мониторинг жүргүзүп барышканда алар тарабынан ар бир бешинчи аял тамактануунун сапатына даттанышкандыгы аныкталган. Кош бойлуулуктун баштапкы мөөнөтүндөгүлөр (кош бойлуулуктун жетинчи айына чейинкилер), кошумча тамак-аш албай тургандыктарын айтышты. Алсак, 1-тергөө изоляторунда кош бойлуулардын жана төрөгөн аялдардын рационунда жумуртка, сүт жана творог жок. Алардын айткандарына ылайык, бул азыктар жумасына болгону бир гана жолу берилет. Белгилей кетчү зарыл нерсе, аялдардын көпчүлүгү үйлөрүнөн берип жиберүүлөрдү алышпайт, анткени туугандарынын келгенге мүмкүнчүлүктөрү жок.[93]

Түзөтүү абактарындагы аялдардын 31,2% аларга берилип жаткан тамак-аштын сапатын канааттандырарлык деп айтышты. Сурамжылоого катышкан аялдардын 57% түзөтүү

[92] КР ККУБ атайын баяндамасы: «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАМКтын тергөө изоляторлорунда кармалган аялдардын укуктарын сактоо». URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2022/08/OSCE_1.-Specdoklad_SIZO.pdf

[93] КР ККУБ атайын баяндамасы: «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАМКтын тергөө изоляторлорунда кармалган аялдардын укуктарын сактоо»URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2022/08/OSCE_1.-Specdoklad_SIZO.pdf

абактарындагы тамак-аштын сапаты төмөн деп эсептешет, ошондуктан тамакты өздөрүнүн азык-түлүктөрүн пайдаланышып, өз алдынча даярдашат.

30-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин суроолорунун бөлүштүрүлүшү: Сиз өзүңүз турган мекемедегитамак-аштын сапатын кандай деп баалайсыз?

Сиз өзүңүз турган мекемедеги тамак-аштын сапатын кандай деп баалайсыз?	Саны	%
1Жакшы	14	15,1%
2.Канааттандырарлык	15	16,1%
3.Жаман	53	57%
4.Баалай албайм	15	16,1%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Суу менен камсыз кылуу. Камерада суу ысыткыч жабдуулар же түтүктөн келген ысык суу жок болгон учурда, кир жуу жана гигиеналык муктаждыктар үчүн ысык суу, ичүү үчүн кайнатылган суу муктаждыкка жараша белгиленген убакта күн сайын берилип турат.[94]

КР КАУБ «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАМКтын тергөө абактарында кармалган аялдардын укуктарынын сакталышы жөнүндө» баяндамасында келтирилген маалыматтарга ылайык, мониторингдик баруулар учурунда тергөө изоляторлорунун камераларынын баардыгында эле ичүүчү суунун жана аялдардын жеке гигиенасын сактоо үчүн керектелүүчү суунун жеткиликтүүлүгү камсыздалган эмес экени аныкталган.[95]

Дене бойлук көнүгүүлөр жана сейилдөөлөр. КР Жаза-аткаруу кодексинин 93-беренесине ылайык, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөп жаткан жана жеке камераларда, камераларда, камералык типтеги жайларда, айыптык жана убактылуу бөлөк кармоо жайларында кармалган соттолгондор сейилдөөгө укуктуу. Сейилдөөнүн узактыгы Кодекстин тиешелүү беренелерине ылайык белгиленет. Сейилдөөлөр камералар боюнча күндүзгү убакытта түзөтүү мекемесинин аймагынын атайын жабдылган бөлүгүндө жүргүзүлөт. Соттолгондор белгиленген эрежелерди бузган учурда сейилдөө мөөнөтүнөн мурда токтотулат.

КР КАУБ жабык мекемелерге мониторингдик баруулары боюнча отчетторунда 3-тергөө изоляторунун сейилдөөчү жайларынын абалы канааттандырарлык эмес экендиги аныкталган. Дубалдары жарым-жартылай ураган, көгөргөн. Жамгырдан жана кардан коргой турган көлөкөлөтүүчү чатыры жок. Бир дагы тергөө изоляторунда сейилдөө аянттары спорттук жабдуулар менен камсыздалган эмес, спорттук инвентарлар жетишпейт.[96]

Корутундулар

1. Сурамжылоонун жүрүшүндө алынган көрсөткүчтөргө талдоо жүргүзүү, аянтчанын бекитилген минимуму жана мамлекеттин милдеттенмеси бар экендигине карабастан,

[94] Ички тартиптик эрежелер ТИ, КР ЖАТ.7-бөлүм, 6-абзац.

[95] КР КАУБ «Кыргыз РЕспубликасынын Юстиция министрлигине караштуу МЖАК тергөө изоляторунда иштеген аялдардын укуктарын сактоо» темасындагы атайын баяндамасы.
URL: https://npm.kg/wp-content/uploads/2022/08/OSCE_1.-Specdoklad_SIZO.pdf

[96] https://npm.kg/ru/

аялдардын 18,3% кармоо шарттарын муздак, тазалыктын камсыз кылынбагандыгын жана ашыкча жайгаштырууну кошкондо канааттандырарлык эмес катары баалашат деп айтууга жол берет. Мындан сырткары, баласы бар аялдар баланы багуу предметтеринин, жалаяктардын жана атайын гигиеналык каражаттардын жетишсиздигине туш болушат. Аялдар кармалып турган пенитенциардык мекемелердеги санитардык жана гигиеналык шарттар өтө олуттуу деңгээлдеги жакшыртууну талап кылат. Сурамжылоого ылайык, аялдардын көпчүлүк бөлүгү (68,8%) гигиеналык нормалар жарым-жартылай сакталарын, ал эми 63, 4% болсо жуучу каражаттардын жана жеке гигиена предметтеринин жетишсиздигин билдиришкен, алар бул көйгөйдү өз эсебинен чечүүгө мажбур болушарын айтышкан.

2. Соттолгондордун тамактануусунун сапаты жаатында көйгөйлөр бар. Мониторингдин жүрүшүндө сурамжылоого катышкан соттолгон аялдардын ичинен 57%, берилген тамак-аштардын сапаты начар экендигин белгилешкен, өзгөчө ченемге ылайык караштырылган зарыл тамак-аш азыктарын алышпагандыктан, кош бойлуу жана эмчек эмизген энелер жабыркашат.
3. КР КАУБ мониторингдик баруулары ичүүчү таза суу менен жана санитардык-гигиеналык керектөөлөр үчүн суу менен камсыз кылуунун жетишсиздигин ачыктады, бул болсо бардык пенитенциардык мекемелерде ичүүчү суунун жана ысык суунун жеткиликтүүлүгү толук кандуу өлчөмдө камсыз кылынбагандыгын көрсөттү, бул базалык санитардык жана гигиеналык стандарттарды бузуу болуп саналат.
4. КАУБ мониторингдик барууларынын жыйынтыгы боюнча пенитенциардык мекемелерде сейилдөөгө арналган аянтчалар дээрлик бардык жерлерде канааттандырарлык эмес абалда экенин аныктады: дубалдары жарым-жартылай ураган, көк баскан, дене тарбия менен машыгууга ылайыктуу жайлар же жабдуулар жок, эң жөнөкөй спорттук инвентар жана аба ырайынын начар шарттарынан коргонуучу чатырчалар да каралган эмес.

Сунуштамалар

1. Жашоо шарттарын жакшыртуу зарыл, анын ичинде инфраструктураны оңдоо жана жаңылоо үчүн каржылоону көбөйтүү, ар бир соттолгон адамды минималдуу ченемдеги жашоо аянты менен камсыз кылуу, жылытуу, тазалык жана желдетүү шарттарын жакшыртуу керек. Өзгөчө көңүлдү балдары бар аялдарга буруу зарыл – аларды жалаяк, кам көрүү каражаттары жана атайын гигиеналык каражаттар менен камсыздоо зарыл.
2. Мамлекеттин маанилүү милдети санитарияны жана гигиенаны жакшыртуу болууда. Бул жууп тазалоочу каражаттар, жеке гигиена предметтери жана дезинфекциялоочу материалдар менен үзгүлтүксүз түрдө камсыз кылууну, ошондой эле мекеменин администрациясы тарабынан санитардык ченемдердин сакталышына көзөмөлдү күчөтүүнү камтыйт.
3. Мекемелердеги тамактануунун сапаты жакшыртууну талап кылат. Берилип жаткан тамак-аштын, айрыкча кош бойлуу аялдар жана эмизген энелер үчүн тамак-аштын сапатын жана белгиленген тамак-аш рационунун нормаларынын аткарылышын көзөмөлдөө тутумун киргизүү зарыл, бул алардын рационунда сүт азыктарын, жашылчаларды жана этти үзгүлтүксүз түрдө камсыздоону көзөмөлдөө тутумун киргизүү керек.
4. Бардык пенитенциардык мекемелерде суу жылыткыч жабдууларды орнотуу жана ысык суу менен ичүүчү суунун туруктуу түрдө жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу сунушталат.

5. Дене бойлук активдүүлүк жана спорт менен машыгуу үчүн шарттарды түзүү максатында, сейилдөөгө арналган аянтчаларды оңдоо, аларды спорттук инвентар жана аба ырайынын начар шарттарынан коргонуучу чатырчалар менен жабдуу, ошондой эле дене тарбия менен машыгууга ылайыктуу бөлмөлөрдү түзүү зарыл.

6-индикатор. Эркиндигинен ажыратылган ар бир адам натыйжалуу медициналык-санитардык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ

6.1-КК. Жазаларды аткаруу тутумундагы медициналык-санитардык шарттар коомдо бар шарттарга шайкеш келет

Сыпаттамасы

Нельсон Манделанын Эрежелеринин 24-эрежесине жана Соттолгондорду жана кармалгандарды кыйноолордон жана ырайымсыз мамилелерден коргоо ишинде медициналык кызматкерлердин, тактап айтканда дарыгерлердин ролуна тиешелүү медициналык этиканын 1-принципине ылайык, мамлекет эркиндигинен ажыратылган адамдарга укуктук макамы боюнча кандайдыр бир басмырлоосуз түрдө медициналык-санитардык кызмат көрсөтүүлөрдүн акысыз жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

Ошондой эле аларды ооруган учурда дарылоо, соттолбогон же кармалбаган эркин адамдарды дарылоо сапатынан жана деңгээлинен кем эмес даражада камсыздалат.[97] Ошол эле учурда, кийинки аспекттер сакталуусу маанилүү: 1) Пенитенциардык мекемелеринин саламаттыкты сактоо жаатындагы саясаты улуттук саламаттыкты сактоо саясатынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана аны менен шайкеш келет;[98]

2) Медициналык-санитардык тейлөө коомдо колдонулуп келе жаткан стандарттарга шайкеш келүүсү зарыл;[99] 3) дарыгердин же башка медициналык адистердин жана камактагы адамдардын ортосундагы мамиле коомдо бейтаптарга карата колдонулуп келе жаткан этикалык жана кесиптик стандарттарга ылайык жөнгө салынууга тийиш;[100] 4) клиникалык чечимдер жалаң гана жооптуу медициналык адистер тарабынан кабыл алынат жана медициналык билими жок түрмө кызматкерлери тарабынан жокко чыгарылбоосу керек жана буга кайдыгер мамиле кылууга жол берилбейт.[101]

Бангкок эрежелери медициналык тейлөөнү гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен көрсөтүүгө байланыштуу бир катар талаптарды белгилейт:

- Медициналык тейлөө, жок дегенде, жашаган жериндеги көрсөтүлүүчү кызматтын деңгээлине шайкеш келүүсү керек.
- Өзгөчө ыкчам шашылыш медициналык жардам талап кылынган учурларды эске албаганда, соттолгон аялдын суранычы боюнча аны медициналык текшерүүдөн өткөрүү же дарылоо аял дарыгер же медайым тарабынан жүргүзүлөт. Эгер соттолгон

[97] Нельсон Мандела эрежелери, 24-эреже, ошондой эле Европа пенитенциардык эрежелери. Европа Кеңешине мүчө мамлекеттерге карата Министрлер Комитетинин Rec(2006)2 сунушу, 40-пункт. URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee Туткундар менен камактагыларды кыйноолордон жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркын кемсинткен мамиле же жазалоодон коргоодо медициналык кызматкерлердин, айрыкча дарыгерлердин ролуна тийиштүү медициналык этиканын принциптери. 1-принцип. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/medical_ethics_principles.shtml

[98] Европалык пенитенциардык эрежелер, 40-пункт.

[99] Нельсон Мандела эрежелери, 24-эреже.Медициналык этиканын принциптери — өзгөчө дарыгерлердин — камактагы жана эркинен ажыратылган адамдарды кыйноолордон жана ырайымсыз, адамдык ар-намысты басынткан же жаза катары колдонулган мамиледен коргоодогу ролуна тиешелүү. 1-принцип.

[100] Нельсон Манделанын эрежелери, 32-эреже.

[101] Ошол жерде, 27-эреже.

аялдын каалоосуна карабастан кароону эркек дарыгер жүргүзө турган болсо, анда кароо учурунда аял кызматкер катышууга тийиш.

- Эгерде дарыгер өзгөчө жагдайлар бар деп эсептесе же коопсуздукка байланыштуу жагдайда түрмө кызматкерин катыштырууну талап кылса, же соттолгон аялды кароону эркек дарыгер жүргүзүп жаткан учурда кызматкердин катышуусун өзү өтүнгөн учурдан башка бардык учурда, медициналык кароо учурунда медициналык кызматкерлер гана катышат.
- Эгерде медициналык кароо учурунда медициналык кызматкер болуп саналбаган түрмө кызматкерлеринин катышуусу талап кылынса, анда мындай кызматкерлер аялдар болушу керек жана мындай кароо эч кимди катыштырбастан, кадыр-баркты урматтоо жана купуялуулукту камсыз кылуу шартында жүргүзүлүүгө тийиш.
- Эркиндигинен ажыратуу жайларындагы медициналык кызматтар баңги жана уулуу заттарга көз карандылыгы бар аялдар үчүн адистештирилген дарылоо программаларын уюштурушат же аларды мурда зомбулукка кабылгандыгын эске алуу менен, кош бойлуу жана балалуу аялдардын өзгөчө муктаждыктарын, ошондой эле маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен көмөк көрсөтүүгө тийиш.[102]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясынын 43-беренеси ар бир адамга, анын ичинде камалгандарга, шектүүлөргө айыпталуучуларга ден соолугун коргоого жана медициналык камсыздандырууга укуктуу. КР «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» Мыйзамы[103] кылмыш-жаза аткаруу тутумунун милдеттеринин ичинен соттолгон адамдардын ден соолугун сактоону белгилейт. КР Кылмыш-жаза тутуму соттолгон адамдар ден соолугун коргоого жана медициналык камсыздандырууга укуктуу деп белгилейт (16-берене), соттолгон адамдар **өмүрүнө** жана ден соолугуна коркунуч келгенде мекеменин кызматкерлерине жардам сурап кайрылуула алышат (19-бер.), жарандардын ден соолугун сактоо **жөнүндө** мыйзамга ылайык, медициналык жардам саламаттыкты сактоо мекемелеринде акысыз негизде **жүргүзүлөт** (101-берене). Медициналык жардамдын мамлекеттик кепилдиктери программасы[104] бардык жарандарды алардын укуктук макамынан **көз** карандысыз **түрдө** камтыйт, бирок КР жарандарына, чет жердик жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга, ошондой эле ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин эмгектенген жарандарына жана алардын үй-бүлөлөрүнө медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн тартибинде жана көлөмүндө айырмачылык бар.

Жазасын өтөп жаткан сурамжылоого катышкан аялдардын арасынан 36,6%, жазасын өтөө мезгилинде медициналык жардам алууга байланыштуу ар кандай тоскоолдуктар бар экенин белгилешкен. Алардын ичинен 16 аял же 47% тар адистиктеги медицина кызматкерлеринин жетишсиздигинен улам, алар үчүн медициналык жардам убак-убагы менен жеткиликсиз болгонун белгилеп айтышкан. Сурамжылоого катышкан аялдардын 6% түзөтүү абагынын

---

[102] Бириккен Улуттар Уюмунун аял-соттолгондорго карата мамиле жана эркинен ажыратууга байланышпаган жаза чаралары боюнча эрежелери (Бангкок эрежелери) 2010-жылдын 21-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын 65/229-токтому менен кабыл алынган.
Бул эрежелердин 10-, 11- жана 15-беренелеринде аялдарды кармоого жана жаза чараларын колдонууга байланыштуу маселелер каралган. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/bangkok_rules.shtml

[103] Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө №197.URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1323/edition/14129/ru

[104] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы № 493 токтому менен бекитилген «Жарандарды медико-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик гарантиялар программасы» №493. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/160440/edition/1288314/ru

медициналык кызматкерине кайрылганда такыр эле медициналык жардам ала алышпаганын билдиришкен. Ал эми аялдардын 45% минималдуу талаптарга жооп берген жеткиликтүү медициналык жардам жок деп айтышкан түзөтүү мекемесиндеги медициналык жайда соттолгон аялдар үчүн керектүү сандагы дары-дармектер жок, медициналык персонал жетишпейт, диагностикалык же дарылоо жабдыктарынын жок деп көрсөтүшкөн.

31-таблица. Кийинки суроолор боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сиз жазаны өтөп жаткан учурда зарылчылык пайда болгондо медициналык жардамдын өз убагында жеткиликтүүлүгүнөн колдоно алдыңызбы?

Сиз жазаны өтөп жаткан учурда зарылчылык пайда болгондо медициналык жардамдын өз убагында жеткиликтүүлүгүнөн колдоно алдыңызбы?	Кол-во	**%**
1. Ооба, медициналык жардам өз убагында жеткиликтүү болду, жардам алдым.	57	61,3%
2. Жок медициналык жардам туруктуу эмес жана жеткиликтүү эмес болду	16	17,2%
3. Жок, медициналык жардам таптакыр көрсөтүлгөн жок	2	2,2%
4. Жок, медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгү ар түрдүү себептерден улам чектелүү болду (мисалы, медициналык кызматкерлердин жетишсиздиги, керектүү дары-дармектердин жана жабдуулардын жоктугу ж.б.).	15	16,1%
5.зарылчылык болгон жок	2	2,2%
6. Бардык учурда эле керектүү дары-дармектер бар эмес болчу (табылчу эмес)	1	1,1%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Белгилей кетсек, сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча аялдардын болгону 44,01% өзүн толук дени сак деп эсептешкен. Ал эми 56% респондент аялдар төмөнкүдөй өнөкөт оорулары бар экенин билдиришкен: ашказан-ичеги карын оорулары (8,6%), дем алуу органдары (65%), таяныч-кыймыл аппараты (6,5%), онкологиялык оорулар (5,5%), гинекологиялык сезгенүү жана онкологиялык оорулар (3,2%), ВИЧ – 1,1%, боор циррозу (1,1%), эки көздүн тең тор кабыгынын жоктугу (1,1%).

32-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Эгерде сизде өнөкөт же курч оорулар белгиленсе, анда сураныч, белгилесеңиз, кандай? Сураныч, диагнозун белгилесеңиз?

Эгерде сизде өнөкөт же курч оорулар белгиленсе, анда сураныч, белгилесеңиз, кандай? Сураныч, диагнозун белгилесеңиз?	**Саны**	**%**
Ооруларым жок: Жок	41	44,1%
Дем алуу тутуму: Астма, бронхит, ХОБЛ, бронхиалдык астма	6	6,5%
Жүрөк кан-тамыр тутуму: Гипертония, жүрөк кемтиги, миокард	5	5,4%
Ашказан-ичеги жолдору: Гастрит, ашказан жарасы, ашказан көйгөйү, гепатит	8	8,6%

Гинекология: Жатындын миомасы, гинекологиялык оорулар	3	3,2%
Таяныч-кыймылдаткыч аппараттар: Артрит, артроз, остеопороз	6	6,5%
Тери жана аллергиялык абалдар: Экзема, теринин экземасы	2	2,2%
Нерв тутуму: мээ ичинде басымдын жогорулашы, мээ шишиги	3	3,2%
Онкология: Онкология, мастопатия	2	2,2%
Башка өнөкөт оорулар: Стресс, анемия, боор жана бөйрөк оорулары	11	11,8%
Системалуу эмес же бир жолу катталуучу учурлар: көрүнүн начардыгы, зоб, бутка эттин өсүүсү	6	6,5%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Сурамжылоого катышкан аялдардын 31% ичкиликке жана баңги затына берилүүдөн бүгүнкү күнгө чейин азап чегип келе жатышканын белгилешти, алардын ичинен болгону 56% эркиндигинен ажыратуу жайларында медициналык реабилитациялоо курстарынан өтүп жатышат.

33-таблица. Кийинки суроо боюнча респонденттердин жообторунун бөлүштүрүлүшү: Сизди кылмыш-жаза кодексине тартуунун алкагында сизге медициналык реабилитациялоонун кайсы курсу дайындалды?

Сизди кылмыш-жаза кодексине тартуунун алкагында сизге медициналык реабилитациялоонун кайсы курсу дайындалды?	Саны	%
1. Көз карандылыктан реабилитациялоо боюнча программага киргизилгем	14	15,1%
2. Эч кандай курс дайындалган эмес	9	9,7%
3. Көз карандылыгым жок	69	74,2%
Жооп жок	1	1,1%
Жалпы жыйынтык	93	100%

Корутундулар

1. Кылмыш-жаза аткаруу тутумундагы медициналык-санитардык тейлөө сүроолору боюнча улуттук мыйзамдар эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет. Мониторингдин жүрүшүндө аялдардын жарымынан көбүндө (56%) өнөкөт оорулары бар экени аныкталды. Алардын катарына дем алуу органдарынын оорулары (65%), ашказан-ичеги жолдорунун оорулары (8,6%), жүрөк-кан тамыр тутумунун оорулары (5,4%), таяныч-кыймыл тутумунун оорулары (6,5%), ошондой эле онкологиялык (2,2%) жана гинекологиялык (3,2%) оорулар кирет. Ошол эле учурда жазасын өтөп жаткан аялдар үчүн медициналык жардамдын жеткиликтүү болуусу көйгөй бойдон калууда. Сурамжылоолордун көрсөткүчтөрү боюнча, аялдардын 47% дарыгер-адистердин жана дары-дармектердин жетишсиздигине туш болушууда, ал эми 16% мекемелердин медициналык бөлүмдөрүндөгү ресурстардын жетишсиздигинен улам кыйынчылыктарды баштан кечиришет. Аялдардын 36,6% сапаттуу медициналык кызматтардын жеткиликтүү болуусун жаатында төмөнкү факторлордон улам кыйынчылыктарга дуушар болушат: дарылоо мекемелеринде тар адистешкен

дарыгерлердин жоктугу (47%), дары-дармек жана жабдуулардын жетишсиздиги (45%), сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүдөн баш тартуу (6%).

Ошондой эле аялдардын 31%ы ичкиликтен же баңги заттарынан көз карандылык менен жабыркай тургандыктары аныкталган, бирок алардын болгону 56% гана медициналык реабилитациядан өтүшөт. Бул деструктивдүү көз карандылыгы бар оорулуу аялдардын абалына медициналык көзөмөлдүн сапаты төмөн экендигин далилдеп турат.

Сунуштамалар

Саламаттыкты сактоо министрлиги кийинкилерди ишке ашыруусу максаттуу:

1) соттолгон аялдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн толук кандуу жеткиликтүү болуусун камсыз кылуучу механизмдерди киргизүү, анын ичинде адистештирилген текшерүү, дарылоо жана алдын алуу иш-чараларын уюштуруучу механизмдерди, бул Кылмыш-жаза аткаруу тутумундагы медициналык кызматтардын жана жалпы калк үчүн белгиленген стандарттардын ортосундагы ажырымды жоюуга жол ачат; 2) Пенитенциардык мекемелерде медициналык жардам көрсөтүү стандарттарынын сакталуусуна көзөмөл кылуу, квалификациялуу кызматкерлердин, дары-дармектердин, жабдуулардын бар болуусун жана көз карандысыз мониторинг жүргүзүү менен камсыз кылуу;

3) аялдар үчүн мүнөздүү болгон онкологиялык ооруларды жана өнөкөт абалдарды эрте аныктоо жана дарылоо боюнча программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; Медициналык кызматкерлердин жазаларды аткаруу мекемелеринде иштөөсүнө түрткү берүүчү программаларды иштеп чыгуу зарыл; 4) эркиндигинен ажыратуу жайларында иштөө үчүн медицина кызматкерлерин шыктандыруу программаларын иштеп чыгуу;

5) көз карандуулугу бар адамдар эркиндикке чыккандан кийин дагы алар үчүн реабилитациялык программалардын үзгүлтүксүздүгүн кепилдикке алуу.

7-индикатор. Күч, атайын каражаттар жана куралдар акыркы чара катары колдонулат, кыянаттык менен пайдалануудан кепилдиктер камсыз кылынган

7.1-КК. Пенитенциардык мекемелердин кызматкерлери эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата күчтү, атайын каражаттарды жана куралдарды акыркы чара катары колдонушат

Сыпаттамасы

Эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата күч, атайын каражаттар жана курал пенитенциардык мекемелердин кызматкерлери тарабынан бир гана өзүн өзү коргоо максатында же качып кетүүгө аракет кылганда, эркиндигинен ажыратылган адам мыйзамдуу талаптарга дене бойлук каршылык көрсөткөн учурда, ал өзүнө өзү дене бойлук зыян келтирем деп түздөн түз коркутса, ал тараптан башка адамдарга же мүлккө зыян келтирүү коркунучу бар болсо гана колдонулушу мүмкүн. Мыйзам жана ички тартип эрежелери күч колдонуунун кенен процедурасын бекитүүсү керек. Мисалы, Европа Пенитенциардык эрежелеринин 65 пунктуна ылайык,[105] төмөнкүлөргө тиешелүү күч колдонуунун кенен тартиби, анын ичинде жоболор иштелип чыгуусу зарыл:

[105] Европейалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешине мүчө мамлекеттердин Министрлер Комитетинин Rec (2006) 2 сунуштамасы, 65-пункт.

a. колдонулушу мүмкүн болгон күч аракеттеринин ар кандай түрлөрүнө карата;
b. күч аракеттеринин ар бир түрү колдонула турган жагдайларга карата;
c. күч аракеттеринин ар кандай түрлөрүн колдонууга укуктуу кызматкерлердин курамына карата;
d. ар бир күчтү колдонууга уруксат берген администрациянын деңгээлине карата;
e. күч колдонулгандан кийин түзүлүүгө тийиш болгон кызматтык каттарга карата».

Кишендер жана кармоочу атайын көйнөктөр башка, жумшагыраак кармоо чаралары натыйжа бербеген учурларда гана колдонулушу мүмкүн, ал эми чынжыр жана кишендүү темирлерди колдонууга тыюу салынууга тийиш.[106]

Дене бойлук күч минималдуу зарыл өлчөмдө жана эң кыска мөөнөттө гана колдонулуусу керек. Ошол эле учурда, эркиндигинен ажыратылган адамдар менен түздөн түз байланыштагы кызматкерлер, агрессивдүү жүрүм-турумду кармоо үчүн алардын күчтү минималдуу түрдө колдонуусуна жол ачкан атайын даярдыкка, анын ичинде дене бойлук даярдыкка ээ болуулары керек. Мекемелердин кызматкерлери өзгөчө операцияларды жүргүзүү учурларын кошпогондо, өзүнүн жанында курал алып жүрбөөгө тийиш.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР ЖАК 86-беренесине ылайык, түзөтүү мекемесинин администрациясы тарабынан кара күч, атайын каражаттар жана курал колдонууга мыйзамда аныкталган учурларда гана жол берилет. Бул коопсуздук чаралары соттолгондор тарабынан түзөтүү мекемелеринин администрациясынын мыйзамдуу талаптарына каршылык, кыянаттык менен баш ийбөө көрсөтүлгөндө, массалык тартипсиздиктерге, адамдарды барымтага кармоого катышканда, жарандарга кол салганда качканда же качып бара жаткан соттолгондорду кармоодо колдонулат.

Бул чараларды колдонуунун негизги максаты мыйзамга каршы аракеттерге бөгөт коюу жана өзүнө жана айланасындагыларга зыян келтирүүнү токтотуу болуп эсептелет.

Коопсуздук чараларын колдонуунун тартиби мыйзам тарабынан аныкталат, бул болсо адам укуктарын коргоого багытталган процедураларды так сактоо зарылдыгын баса белгилейт. Өзгөчө көңүлдү кыйла аярлуу категория катары түзөтүү мекемелериндеги аялдарга карата келтирилүүчү зыяндын пропорционалдуулугу жана аларды минимизациялоо суроолоруна буруу зарыл. Демек, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, аялдарга карата коопсуздук чараларын колдонуу алардын дене бойлук психологиялык жана социалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуусу керек экендигин так көрсөтүп турат. Бул түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин аялдар менен иш алып баруу жаатындагы атайын даярдыгын, ошондой эле күч жана атайын каражаттарды колдонууну минимизациялоого багытталган нускаманы иштеп чыгууну талап кылат. Эгер булар зомбулукка кабылган аялга карата колдонула турган болсо, анда күчтү колдонуунун мыйзамсыз же ашыкча болуусунан ал жаракатка кабылтуучу кесепеттерин тийгизиши мүмкүн экендигин эске алуу маанилүү. Жазасын өтөп жаткан аялдарды сурамжылоонун жүрүшүндө пенитенциардык мекемелердин кызматкерери

[106] Бириккен Улуттар Уюмунун соттолгондорго мамиле кылуу боюнча Минималдуу стандарттык эрежелери (Нельсон Мандела эрежелери), 47-эреже URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/Nelson_Mandela_Rules-R-ebook.pdf , Ошондой эле Европа пенитенциардык эрежелеринин 68-эрежеси. Европа Кеңешине мүчө мамлекеттерге Министрлер Комитетинин Rec(2006)2 сунушу.. URL: https://rm.coe.int/16804cb7ee

тарабынан укук бузуулар жөнүндө көрсөткүчтөр болгон жок, окуялардын 100% аялдар кызматкерлер тарабынан күч колдонуу темасы боюнча маалымат бөлүшкөндөн баш тартышты. Ошол эле учурда эки аял анонимдүүк шартында, алар «көзөмөлчүлөргө» караганда мекеменин кызматкерлеринен азыраак деңгээлде жабыр тартышыбыз мүмкүн деп билдиришити.

Корутундулар

1. Жазасын өтөп жаткан аялдар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоо, алардын пенитенциардык мекемелердин кызматкерлерини тарабынан орун алышы мүмкүн болгон мыйзам бузуулар жөнүндө маалымат бөлүшүүгө даярдыгы төмөн экенин көрсөттү. Бул көрүнүш системага болгон ишенимсиздикти, эгер билдирсе мүмкүн болуучу кесепеттерден коркууну же даттанууларды билдирүү үчүн коопсуз каналдардын жоктугун далилдеп турушу мүмкүн. Соттолгон аялдар мекеме кызматкерлерине караганда бейрасмий лидерлерден («көзөмөлчүлөрдөн») көбүрөөк коркушары аныкталды. Бул түзөтүү мекемелеринин ичиндеги бейрасмий мамилелерге көңүл буруу зарылчылыгын көрсөтүп жатат, анткени алар аялдардын коопсуздугуна карата кошумча тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн.

Сунуштамалар

1. КР ЖАК сунушталат: 1) түзөтүү мекемелеринде күч колдонуу боюнча мониторинг жүргүзүүнүн көз карандысыз механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, анын ичинде анонимдүү сурамжылоолорду жүргүзүү жана көз карандысыз байкоочулардын үзгүлтүксүз түрдөгү барууларын камсыз кылуу; 2) күч колдонууну минималдаштырууга жана гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алууга өзгөчө басым жасоо менен, түзөтүү мекемелеринин кызматкерлеринин аялдар менен өз ара аракеттенүү жаатында даярдыктан өткөрүүнү күчөтүү; 3) мекемелердин ичиндеги «көзөмөлчүлөрдүн» таасирине бөгөт коюу жана аларды аныктоо үчүн укук тартиби органдары менен кызматташууну жана ички текшерүүлөрдү колдонуу аркылуу алардын ишин көзөмөлдөөнү күчөтүү; 4) Соттолгон аялдардын психологдор жана укук коргоо органдары менен ишенимдүү негизде аңгемелешүүсү үчүн шарттарды түзүү. Бул мыйзам бузуулар жөнүндө маалыматтар менен бөлүшүүгө даяр болуу деңгээлин жогорулатуусу мүмкүн; 5) аялдарга карата күч колдонууда алардын дене бойлук жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен зыянды минималдаштырууга багытталган кошумча нускамаларды иштеп чыгуу; 6) мекемелерди күч колдонулган ар бир учур боюнча толук отчетторду берүүгө, анын ичинде негиздемесин жазууга, колдонулган чараларды, алардын пропорционалдуулугун жана соттолгондорго тийгизген таасири бюонча толук отчет берүүгө милдеттендирүү.

Тартиптик жаза көрүү чаралары

8-индикатор. Тартиптик чара көрүү чарасы акыркы чара катары колдонулат, аны кыянаттык менен колдонууга каршы кепилдиктер менен камсыз кылынган

8.1-КК. Мыйзам жана ички күн тартибинин эрежелери эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата тартиптик жаза чараларын колдонуунун так аспекттерин аныктайт

Сыпаттаамасы

Мыйзам жана ички тартип Эрежелери тартиптик укук бузуунун курамын түзгөн аракеттерди же аракетсиздикти, аны кароо процедурасын, тартиптик жаза түрлөрүн жана алардын узактыгын, жаза колдонуу чечимин кабыл алуу ыйгарым укугуна ээ болгон кызмат адамын, ошондой эле жазалоонун даттануу жол-жобосун аныктайт.[107] Кандай гана жагдайлар болбосун кыйноолорго же башка адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамилелерге же жазалоолорго тең салмактуу келе турган чектөөлөр жана тартиптик жазалар дайындалуусуна жол берилбейт. Тактап айтканда, кийинкидей тажрыйбанын түрлөрү колдонулбашы керек: a) белгисиз мөөнөткө чейин жалгыз камап коюуга;[108] b) узак мөөнөткө чейин жалгыз камоо;[109] c) соттолгон адамды жарыгы жок камерага же жарыгы дайыма күйүп турган камерага камап коюу; d) соттолгон адамды дене бойлук жазалоого, же тамактануусунун же ичүүчү суунун рационун азайтууга; e) коллективдик жазалоого.[110]

Тартиптик жаза чаралары же чектөөчү чаралар үй-бүлөсү менен байланышууга тыюу салууну, ошондой эле тамак-аштан жана суудан чектөөнү камтыбашы керек.[111] Үй-бүлөсү менен байланышууга чектөөлөр болгону аныкталбаган мөөнөткө гана жана бул коопсуздукту жана тартипти колдоо үчүн талап кылынса гана киргизилиши мүмкүн.

Соттолгон аялдарга карата тартиптик жаза чаралары боюнча «Бангкок эрежелери» төмөнкүлөрдү караштырат:

- кош бойлуу аялдарды, эмчектеги баласы бар аялдарды жана эмизип жаткан энелерди жалгыз камерага кармоого же айыптоочу изоляторуна жайгаштырууга тыюу салууну;[112]
- үй-бүлө мүчөлөрү, өзгөчө балдары менен жолугушууга тыюу салуу сыяктуу тартиптик жаза чараларын колдонбоону;[113]
- төрөткө чейинки толгоо учурунда, төрөт маалында жана төрөттөн дароо кийинки мезгилде тил алдыруу каражаттарын пайдаланууга тыюу салууну.[114]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Жазаларды аткаруу тутумундагы мыйзамдар боюнда бар жана жанында баласы бар аялдарга жазык жазасын колдонуу иретинде айыптоочу изоляторго камаганга тыюу салат (мындан ары - АИ).[115] Бирок мыйзамдар аялдарды жалгыз камераларга киргизүүгө тыюу салууну караштырган эмес. Жалгыз камеранын жана айыптоочу изолятордун шарттары жана кармоо режими бирдей:

- анда болуунун мөөнөтү айыптоочу изолятордуку сыяктуу эле – 15 күн;[116]
- берип жиберүүлөр жана жөнөтпөмөр чектелген (ал жерде болуу мөөнөтү аяктагандан кийин гана берилет);

[107] Нельсон Манделдин эрежелери,37-эреже.
[108] Нельсон Манделдин эрежелери,43-эреже.
[109] Нельсон Манделдин 44-эрежеси 15 суткадан ашпаган мөөнөттү көрсөтөт
[110] Нельсон Манделдин эрежелери, 42-44-эреже.
[111] Нельсон Манделдин 43-эрежелери (1) (d).
[112] «Бангкок эрежелери». 22-эреже.
[113] «Бангкок эрежелери». 23-эреже.
[114] «Бангкок эрежелери». 24-эреже.
[115] Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренесинин 5-абзацы.
[116] Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын 36-беренесинин 1-абзацы.

- адаттагы - 1 сааттан кем эмес сейилдөөнүн ордуна 30 мүнөттүк сейилдөө (өзгөчө учур - кош бойлуу аялдардын жана жанында баласы бар аялдардын күнүмдүк сейилдөөлөрүнүн узактыгын чектөөгө жол берилбейт.);[117]
- уктоочу буюмдарды берүү белгиленген убакыттагы үйкү маалында гана жүргүзүлөт (түнкү убактагы 8 сааттык үйкү — саат 18:00дөн 08:00гө чейин).

«Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын 37-беренесинин 5-абзацы «жаза изоляторуна камаган мезгилде кат алышууга, актоочудан тышкарылар менен жолугушууга, ошондой эле биринчи кезекте керек болуучу нерселерди кошпогондо, тамак-аш алууга, жөнөтмөлөрдү жана кийирүүлөрдү алууга, үстөл үстүндө ойнолуучу оюндардан, китептерден, гезиттерден, журналдардан жана башка адабияттардан пайдаланууга, көрмөжана телеберүүлөрдү көрүүгө, телефон байланышынан пайдаланууга тыюу салынат» деп караштырат.

Бирок саналып өткөндөрдүн көпчүлүгү тергөө изоляторунун ички күн тартибинин Эрежелеринин тыюу салуулары менен жокко чыгарылат, ага ылайык, айыпталуучулар жалгыз камерага киргизилген учурда сүлгү, самын, тиш пастасы, тиш щеткасы жана даарат кагазынан (аялдар үчүн — гигиеналык каражаттардан) тышкары өздөрү менен бирге колунда бар тамак-аш жана жеке буюмдарды алып кире алышпайт. Мына ушундайча, жалгыз камерадагы кармоо шарттары менен жаза изоляторунан айырмасы – жолугушууларга уруксат берилгенинде гана.

Аялдарды үй-бүлөсү жана балдары менен байланышууга тыюу салуудан коргоого багытталган Бангкок эрежелери, Кыргызстанда аял жаза изоляторуна жайгаштырылганда колдонулбайт. Жаза-аткаруу мыйзамына ылайык, тартипти үч жолудан көп бузса же бала жөнүндө дайыма камкордук көрбөсө, камакта кармоо жайынын администрациясы баланы туугандарына же башка адамдарга же болбосо балдар мекемелерине убактылуу берүү жөнүндө өтүнүч козгойт, мына ушинтип соттолгон аялдын жанында баласы менен чогуу болуу укугу ажыратылат.[118] Жалгыз камерага жаза изоляторунда болуу режимин бузбай деле түшүп калууга болот.

Алсак, «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын 30-беренеси айыпталуучуну жалгыз камерага жайгаштырууга жол берет: айыпталуучунун жалгыз камерада кармоо тууралуу жазуу жүзүндөгү өтүнүчү болгон учурда; айыпталуучунун же башка шектүү же айыпталуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коопсуздукта кармоону камсыз кылуу кызыкчылыгында; ошондой эле мыйзамда каралган өзүнчө жайгаштыруу талаптарын башкача жол менен камсыз кылуу мүмкүн болбогон учурда.

Жазаларды аткаруу тутумундагы мыйзамдарда жашы жете элек кыздарга карата өзгөчө эрежелерди камтыбайт. Ушул себептен, чоң аялдарга карата тартиптик жаза чараларын колдонуу тартиби айрым гана өзгөчөлүктөрдү эсепке албаганда. негизинен жашы жете элек кыздарга да бирдей колдонулат. Жашы жете электер үчүн күнүмдүк сейилдөө убактысы эки сааттан кем эмес болуп белгиленген. Эгерде жашы жете элек кыз жалгыз камерага жайгаштырылса, сейилдөөнүн кадимки узактыгын сактоо мүмкүнчүлүгү чоң аялдардагыдай эле, кош бойлуу же жанында баласы бар жашы жете элекке гана берилет. Жашы жете элек

[117] Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренесинин 4-абзацы.

[118] Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын 28-беренесинин 6-абзацы

кош бойлуу же баласы бар кыздар, чоң аялдар сыяктуу эле, жаза чарасы катары жаза изоляторуна) жайгаштырылышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Улуттук кыйноолорду алдын алуу борборунун «Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу ЖАМКтын тергөө абактарында кармалган аялдардын укуктарынын сакталышы» боюнча атайын баяндамасында 33-тергөө изоляторунун жаза изоляторундагы эки камерасында кармоо шарттары кыйноого, ырайымсыз, адамдык ар-намысты басынткан мамилеге тете экени белгиленген. Ар бир камерада темир тор менен бүтүндөй жабылган жана андагы аба өтүү үчүн тешиктер жасалган кичинекей терезе орнотулган. Керебет дубалга бекитилген жана күндүз убакытта жыйналат. Төшөнчү буюмдары берилбейт. Металлдан жасалган стол менен отургуч полго бекитилген. Суук мезгилде мындай темир отургучта отуруу мүмкүн эмес. Даараткана жана кол жуугуч айыптык изоляторунун коридорунда жайгашкан. Санитардык түйүндүн абалы канааттандырарлык эмес. 3-тергөө изоляторунан айырмаланып, тергөө изоляторунун ВК-14төгү аялдар бөлүгүндөгү айыптык изоляторунда санитардык түйүн камеранын ичинде жайгашкан (полго орнотулган даараткан жана агып турган суусу бар кол жуугуч), бул изолятордогу кармоо шарттарын да адамкерчиликсиз деп баалоого болот. Атайын баяндамада жасалган корутундуга ылайык, тергөө изоляторунун айыптык изоляторундагы учурдагы шарттарында анын камераларынаа аялдарды тартиптик жаза чарасы катары жайгаштырууну ырайымсыз, адамкерчиликсиз, адамдык ар-намысты басынткан мамилеге салыштырууга болот.

Корутундулар

1. Кыргызстанда соттолгон аялдарга карата колдонулуп жаткан тартиптик чаралар, Бангкок эрежелерине толук кандуу жооп бербейт. Мыйзамдар кош бойлуу аялдарга жана балалуу аялдарга карата айыптык изоляторго жайгаштырууга тыюу салат, бирок аларды шарттары айыптык изоляторго дээрлик окшош болгон жалгыз камераларга жайгаштырууга тыюу салуу каралган эмес. Айыптык изоляторго жайгаштырган учурларда аялдар үй-бүлөсү жана балдары менен байланыша албай калышат, бул Бангкок эрежелеринин жоболоруна карама-каршы келет. Айыптык изолятордо, өзгөчө 33-тергөө изоляторундагы кармоонун шарттарын ырайымсыз жана адамкерчиликсиз катары квалификациялоого болот, муну Кыргыз Республикасынын кыйноолордун алдын алуу боюнча Улуттук борборунун корутундулары тастыктап турат. Айыптык изоляторго же жалгыз камераларга жайгаштыруу соттолгон аялдардын базалык укуктарын, анын ичинде адамдык ар намысын сактоо укугун, кармоонун орундуу шарттарынын жеткиликтүүлүгү жана сырткы дүйнө менен байланышуу укуктарын бузуу менен коштолот.

Сунуштамалар

1. Жогорку Кенеш зарыл: 1) Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу мыйзамдарына Бангкок эрежелеринин стандарттарына толук шайкеш келтирүү максатында өзгөртүүлөрдү киргизүү; 2) четтетип коюуну колдонууну жоюучу психологдон милдеттүү түрдө консультация алуу, мекеменин ичинде коомдук иштерди аткаруу түрүндөгү тартиптик жаза чараларынын альтернативдүү жолдорун же реабилитациялоого түрткү болуучу башка ыкмаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; 3) кош бойлуу аялдарды, эмчектеги баласы бар аялдарды жана бала эмизген энелерди айыптык изолятордо кармоого тыюу салынгандай эле, аларды жалгыз камераларга жайгаштырууга да тыюу салууну киргизүү;

4) соттолгон аялдардын үй-бүлөлөрү, айрыкча балдары менен болгон байланышына чектөө коюучу тартиптик чараларды колдонууга тыюу салууну мыйзам чегинде бекитүү.

2. КР ЖАК кийинкилерди ишке ашыруусу маанилүү: 1) айыптык изолятордун камераларында оңдоо иштерин жүргүзүү, табигый жарыктын, желдетүүнүн, ылайыктуу эмеректердин, керебет жабдыктарынын жана санитардык түйүндөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу; 2) айыптык изолятордо кармалып жаткан аялдар үчүн ичүүчү суунун, жеке гигиена каражаттарынын, ошондой эле билим берүү жана реабилитациялык программаларынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

Аярлуу топтор үчүн кошумча кепилдиктер

11-индикатор. Өлкөдө эркиндигинен ажыратылган ар түрдүү топтордун өзгөчө мүктаждыктарына көңүл бурулат

11.9-КК. ЛГБТ соттолгондор тобунун өзгөчө аярлуулугу таанылат жана агарга урмат-сыйга негизделген мамиле жасалат

Сыпаттамасы

ЛГБТ соттолгондор тобу абак мекемелеринде өзгөчө аярлуу болуп эсептелет жана аларга мамиле кылуунун негизги жетектөөчү принциби тең укуктуулук жана басмырлабоо болушу керек. Негизги стандарттар эркиндигинен ажыратуу жайларында басмырлоого тыюу салууну жана алардын өзгөчө аярлуулугуна урмат-сыйга негизделген мамиле кылууну талап кылат.[119]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясы адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана алар ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык деп жарыялайт. Алар абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон деп таанылат. Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин мааниси менен мазмунун аныктайт (23-бер.) Адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгы менен адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн. Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек (23-бер. 2-б.). Конституцияда каралгандан башка максаттарда жана андан ашкан деңгээлде адамдын укуктарына жана эркиндиктерине мыйзам менен чектөө коюлушу мүмкүн эмес (23-бер. 4-б.). Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес. Басмырлоого жол берген адамдар мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат. Эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кандай социалдык топтор

[119] Адам укуктарынын жалпы декларациясы. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 217 А (III) резолюциясында кабыл алынган. 10-декабрь, 1948-жыл, 2-берене. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml. ЖСУЭП, 17-берене. Сексуалдык багыт жана гендердик идентүүлүгү көйгөйүнө байланыштуу адам укуктары боюнча эл аралык укуктук ченемдерди колдонуу жөнүндө Жокьякарта принциптери, 9-принцип (Эркинен ажыратылган учурда адамкерчилик менен мамиле кылуу укугу). http://surl.li/vdpbpf. Европалык пенитенциардык эрежелер. Европа Кеңешине мүчө мамлекеттерге Министрлер Комитетинин Rec(2006)2 сунушу, 13- жана 81.3-эрежелер.. https://rm.coe.int/16804cb7ee

үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган жана мыйзамда белгиленген атайын чаралар басмырлоо болуп саналбайт (24-б. 1-бөл.). Кыргыз Республикасында эркектер жана аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ (24-бер. 3-б.). Мына ошентип өлкөнүн негизги мыйзамы мамлекет тарабынан бир гана эки жыныс тааныларын так көрсөтүп турат: эркек жана аял жана бардык мамлекеттик саясат мыйзам чегинде ушул топтордун айланасында жөнгө салынат.

Кыргызстанда ЛГБТ саны жана алардын түрлөрү боюнча расмий статистика жок. Кыргыз Республикасынын «СПИД» Республикалык борбору тарабынан трансгендер адамдардын арасында жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жакында эле жарыяланган отчетто, авторлору траабынан Кыргызстанда 3449 чукул трансгендер адамдар жашашы мүмкүн деген божомол жасалды.[120]

Кыргыз Республикасынын пенитенциардык тутуму ЛГБТ адамдардын стандарттарына багытталган эмес.

Эгерде биологиялык жынысы өзгөртүлбөсөтөн документтерде жынысын алмаштырган учурда, анда ал адам (аял/эркек) медициналык күбөлөндүрүүдөн кийин биологиялык жынысы окшош адамдар менен же каршы жыныстагы адамдар менен чогуу кармалат.

Мониторингдин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын жабык мекемелеринде жазаларын өтөп жаткан аялдардын арасында ЛГБТболуусу жана саны жөнүндө маалыматтар аныкталган жок.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ЛГБТ соттолгондорду эркиндигинен ажыратуу жайларында басмырлоодон же зомбулуктан коргоочу атайын ченемдерди камтыбайт. Кыргыз Республикасынын Конституциясы эки гана жынысты тааныйт – эркек жана аял, бул өзгөчө пенитенциардык тутумда ЛГБТ топторго карата инклюзивдүү саясатты түзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү чектейт. Жазаларды аткаруу тутумунда ЛГБТ соттолгондордун саны жөнүндө көрсөткүчтөр жок, бул болсо аларды коргоонун максаттуу чараларын иштеп чыгууну татаалдаштырат. ЛГБТ соттолгондор, анын ичинде трансгендер адамдар мекемелерде алардын биологиялык жынысына жараша жайгаштырылат, бул болсо алардын дене бойлук жана психологиялык коопсуздугуна тобокелчиликтердин пайда болуусуна алып келиши мүмкүн.

Сунуштамалар

1. КР Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына кийинкилерди ишке ашыруу сунушталат: 1) пенитенциардык тутумдун кызматкерлери үчүн ЛГБТИ-соттолгондордун укуктарын урматтоо, басмырлоого бөгөт коюу жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу суроолору боюнча үзгүлтүксүз окутууларды өткөрүп туруу; 2) кызматкерлердин ЛГБТ-соттолгондорго карата басмырлоого же зомбулукка карата кайдыгер мамиле кылгандыгы же мындай аракеттерге катышкандыгы үчүн жоопкерчиликтерин күчөтүү; 3) ЛГБТ-соттолгондорго

[120] Кыргызстанда трансгендер адамдар арасында изилдөө жүргүзүлдү — Борбор Азиядагы алгачкы мындай изилдөө. 2022-жылдын 28-июлу. URL: https://ecom.ngo/news-eeca/kirgizstan-issledovanie-sredi-trans-person#:~:text=%D0%A1%D0%BE%D0%B3%D0%BB%D0%B0%D1%81%D0%BD%D0%BE%20%D0%BE%D1%86%D0%B5%D0%BD%D0%BE%D1%87%D0%BD%D1%8B%D0%BC%20%D0%B4%D0%B0%D0%BD%D0%BD%D1%8B%D0%BC%20%D0%AE%D0%9D%D0%AD%D0%99%D0%94%D0%A1%3A%2025,%D0%BB%D1%8E%D0%B4%D0%B5%D0%B9%20%D0%B2%20%D1%81%D1%82%D1%80%D0%B0%D0%BD%D0%B5%20%D0%BF%D0%BE%D0%BA%D0%B0%20%D0%BD%D0%B5%D1%82.

карата купуялуулукту жана адам укуктарын сактоо менен, алардын саны жана абалы жөнүндө маалыматтарды тутумдуу (системалуу) түрдө чогултуп турууну уюштуруу; 4) ЛГБТ-соттолгондорду аларга карата зомбулук же басмырлоо болгон учурда, анонимдүү даттанууларды берүү мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу жана алардын ыкчам түрдө каралышына кепилдик берүү.

ЧӨЙРӨГӨ БАА БЕРҮҮ

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
Кылмыш-жаза кодексинин принциптери жана аларды колдонуу			
3. Кылмыш-жаза укугунун принциптери өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген	**3.3. Кылмыш-жаза кодексинин принциби баардыгынын мыйзам алдындагы бирдейлиги болуп эсептелет**	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аялдардын жана эркектердин ортосундагы тең укуктуулукту бекемдөө менен, эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет, бирок сексуалдык багыттуулугу жана гендердик идентүүлүгү боюнча басмырлоого тыюу салат. Укук колдонуу тажрыйбасы дагы басмырлоодон коргоо механизмдеринин чектелүүлүгүн жана аярлуу топторду эске алуунун жоктугун талап кылат, бул болсо мындан ары ченемдик базаны жакшыртууну дагы, ошондой эле аны ишке ашырууну дагы талап кылат.
	3.6-КК. Кылмыш-жаза кодексинин принциби гумандуулук болуп эсептелет	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени гумандуулук принциби Кыргыз Республикасынын мыйзадарында айыпталуучулардын жана соттолгондордун укуктарын коргоого багытталган ченемдер аркылуу ошондой эле жарым-жартылай чагылдырылган, аларга аялдар үчүн өмүр боюу эркиндигинен ажыратууга тыюу салуу, пробация чаралары жана жазаны өтөөнү кийинкиге калтыруу кирет. Муну менен бирге эле кош бойлуу жана соттолгон аялдардын үстүнөн биомедициналык эксперименттерге тыюу салуу сыяктуу өзүнчө кепилдиктер Кылмыш-жаза кодексинде бекитилген эмес, бул аларды юридикалык жактан колдонууну төмөндөтөт. Гумандуулукту колдонуу тажрыйбасы дагы ар бир адамга өзүнчө мамиле жасоого жана кайра социалдаштырууга

1-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза саясаты			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
			багытталган чараларды ырааттуу ишке ашырууну кошо алганда, бул жаатты дагы бекемдөө талап кылынат.

5-ЧӨЙРӨ. Юридикалык жардам			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү			
1. Муктаж адамдар биринчи юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ (консультациялык-укуктук жардамга)	**1.1. Өлкөдө муктаж адардам үчүн биринчи юридикалык жардамдын кеңири жеткиликтүүлүгү камсыз кылынган**	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, улуттук мыйзамдар квалификациялуу юридикалык жардамдын эрте жеткиликтүүлүгү бөлүгүндө эл аралык стандарттарга, анын ичинде CEDAW жоболоруна жарым-жартылай шайкеш келет. Бирок аялдардын катышуусу кыйыр мүнөзгө ээ, ал эми жынысы боюнча бөлүнгөн статистиканын (дезагрегацияланган) жана кайрылуулардын тематикасын талдоонун жоктугу жардам көрсөтүүдө даректүү жана гендердик сезимтал ыкманы колдонууну чектейт. Бул аялдардын чыныгы муктаждыктарын эске алуу менен укук колдонуу тажрыйбасын күчөтүүнүн зарылдыгын көрсөтүп жатат.
2. Муктаж болгон адамдарга кылмыш-жаза сот өндүрүшү чөйрөсүндө жана укук бузуулар жаатындагы иштер боюнча квалификациялуу юридикалык жардам жеткиликтүү	**2.1. Бардык кармалган адамдар квалификациялуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө ээ (юридикалык жардамдын эрте жеткиликтүүлүгү)**	0,5	$З_{1} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени Кыргыз Республикасынын мыйзамдары адвокаттын эрте жеткиликтүүлүгү, анын ичинде КР КЖК жоболору бөлүгүндө эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келет. Бирок, укук колдонуу тажрыйбасы көйгөйлүү бойдон калууда: аялдардын маанилүү бөлүгүнө (көп сандагы аялдарга) коргонуу укугу жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүбөйт, кармаган учурда жана биринчи суракка алууда адвокатка ээ болуу укугу реадуу түрдө камсыз кылынбайт. Бул өтө

5-ЧӨЙРӨ. Юридикалык жардам			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
			маанилүү учурда коргонуу укугун ишке ашырууга тоскоолдуктарды пайда кылуучу ченемдердин тутумдуу (системдүү) түрдө сакталбагандыгын көрсөтүп турат.
3-индикатор. Жабыр тарткан адамдар үчүн квалификациялуу юридикалык жардамдар жеткиликтүү	3.1. Укук бузуулардан/кылмыштардан жабыр тарткан адамдар (жабырлануучулар) аларга юридикалык колдоо көрсөтүү керек болгон учурда аны алышат	0,5	$З_{0,5} + П_0 = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0 балл берилди, анткени жабыр тарткан аялдарга юридикалык жардам көрсөтүүнүн базалык кепилдиктери бар экендигине карабастан, мыйзам бул укукту жабыр тарткан адам макамын алары менен чектейт, бул болсо коргоонун өз убагында жеткиликтүү болуусу принцибине шайкеш келбейт. Иш тажрыйбасында болсо бул категория үчүн көрсөтүлгөн жардамдын көлөмү боюнча статистика жок жана колдонуудагы ченемдерди ишке ашыруунун натыйжалууугун бекемдеген көрсөткүчтөр дагы жок.
4. Муктаж болгон адамдар жарандык сот өндүрүшү чөйрөсү боюнча квалификациялуу жардам алуунун жеткиликтүүлүгүнө ээ	**4.1. Мыйзамдар жарандык иштер боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүүнү караштырат жана муктаж болгон адамдардын категорияларын аныктайт**	0,5	$З_1 + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени мыйзам аялдардын, анын ичинде аярлуу категориялардын жарандык иштер боюнча юридикалык жардам алууга карата укуктарын так караштырат. Бирок укук колдонуу тажрыйбасы техникалык жана административдик тоскоолдуктар менен чектелүүдө: онлайн платформалардагы туура эмес маалыматтар жана маалыматтын жеткиликтүү болуусундагы татаалдыктар ал тургай критерийлерге

5-ЧӨЙРӨ. Юридикалык жардам			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
			формалдуу шайкеш келүү укугун ишке ашырууга тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн.
	4.2. Укук колдонуу тажрыйбасы аярлуу топтордун жарандык иштер боюнча МКЮЖ жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат	0	$З_0 + П_0 = 0$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0 балл берилди, анткени мыйзамда соттолгон аялдар алардын аярлуу абалына карабастан жарандык иштер боюнча акысыз юридикалык жардам алууга укуктуу адамдардын тизмесине киргизилген эмес. Иш жүзүндө болсо маалымдоо жана жардам алуу үчүн өз алдынча кайрылуу механизимдери жок, бул болсо иштердин бул категориялары боюнча сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү укугун ишке ашырылышын толук кандуу кулпулайт.

6-ЧӨЙРӨ. Сотко чейинки этап			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
Мыйзамдуулукту жана сотко чейинки өндүрүштүн катышуучуларынын укуктарын сактоо			
3. Кылмыш иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш адам укуктарынын минималдуу кепилдиктерин камсыз кылат	**3.2. Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы коргоочунун жеткиликтүү болуусу укугун камсыз кылат**	0,5	$З_1 + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0, 5 балл берилди, анткени Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдары эл аралык стандарттарга ылайык адвокатка ээ болуу укугун толук кандуу караштырат. Бирок, иш тажрыйбасында бул укук толук кандуу чектөөлөр менен ишке ашырылат: адвокаттын катышуусу көп учурда тергөө тарабынан демилгеленет, кармалган аялдар өз укуктары жөнүндө маалымдалган эмес, жардам көрсөтүүнүн ачык

6-ЧӨЙРӨ. Сотко чейинки этап			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
			айкындуулугу төмөн бойдон калууда. Бул көйгөйлөр мыйзамда караштырылган кепилдиктердин натыйжалуулугун төмөндөтөт.
	3.3. Ар бир кармалган адамдарга кармоо учурунда камакка алуунун (кармоонун) себептери маалымдалат	0,5	$З_1 + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени улуттук мыйзамдар ЖСУЭП 9-беренесинин талаптарына формалдуу түрдө шайкеш келет. Бирок иш тажрыйбасы маанилүү артка кетүүлөрдү көрсөтүүдө: аялдарды кармоо себептери түшүндүрүлбөй жүргүзүлөт, реалдуу кармоо үчүн күбө катары макамын колдонушат. Мындай мыйзам бузуулар системдүү түрдө жана кармоо тажрыйбасын реформалоонун зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрүп турат.
	3.8. Айыпталуучу өзүнө өзү каршы көрсөтмө берүүгө же өзүн күнөөлүү деп таануурга мажбурланбайт, анын ичинде кыйноолорду колдонуу менен мажбурланбайт	0,5	$З_1 + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0, 5 балл берилди, анткени Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, өзүнө каршы күбө катары көрсөтмө бербөө укугун кошкондо эл аралык кепилдиктерди маанилүү деңгээлде чагылдырып турат. Бирок тажрыйба күнөөсүн моюнга алууга мажбурлоо окуяларынын, анын ичинде кысым көрсөтүүнү жана коркутууну колдонуу менен алдыруу окуяларынын туруктуулугун көрсөтүүдө, бул өзгөчө аялдарга карата сотко чейинки акыйкат териштирүү кепилдиктерине олуттуу көлөкөсүн түшүрүүдө.
8-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
Кылмыш-жаза аткаруу тутумунун жалпы кепилдиктери жана функционалдашуу шарттары			

8-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
2. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму соттолгон адамдарды оңдоо, аларды кайра социалдаштыруу жана социалдык жактан адаптациялоо функцияларын аткарат	**2.1-КК. Соттолгон адамдарды жазасын өтөп бүткөндөн кийин реабилитациялоо жана коомго кайра кошуу эркиндигинен ажыртуунун так максаттар катары аныкталган жана өлкөдө колдонулуп келе жатат**	0,5	$З_1 + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени жазалоонун кайрадан социалдаштырууга жана коомго кайрадан кошууга багыттоо болуп эсептелген максаттары мыйзамда белгиленген жана ЖСУЭПтин 10-бер. 3-пунктуна жана Нельсон Манделдин Эрежелери шайкеш келет. Бирок, иш тажрыйбасында бошотууну пландаштырууга карата жекече ыкма жана пенитенциардан кийинки колдоо көрсөтүүнүн туруктуу механизмдери жок, бул болсо ишке ашырылып жаткан чараардын натыйжалууугун төмөндөтөт.
Эркиндигинен ажыратылган адамдардын адам укуктарын сактоонун кепилдиктери			
3. Эркинен ажыратылган бардык адамдар тубаса адамдык кадыр-баркына жана жөн гана адам катары баалуу болуусу мүмкүн экендигине жараша тең укуктуу урматтоого татыктуу болуусу зарыл	**3.1. Эркиндигинен ажыратылган адамдарга мамиле кылууда алардын адам укуктары сакталат, чектөө койгон ар бир конкреттүү учурларда алардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн тиешелүү деңгээлде камсыз кылынат**	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0 балл берилди, анткени абакта кармоонун шарттарын жөнгө салган ченемдер эл аралык стандарттарга жарым-жартылай шайкеш келет, бирок иш тажрыйбасында болсо бул ченемдерди системдүү түрдө бузуу катталууда: тазалыкты камсыз кылуунун, жылытуунун, адекваттуу медициналык жардамдын жана коопсуздуктун жоктугу. Аялдар дайыма коркутуу сезимдерин, анын ичинде зомбулук окуялары менен коркутуу баштан кечиришет, бул гумандуу мамиленин талаптарына карама-каршы келет.
4. Кыйноолордон жана катаал мамиледен коргоо кепилдиктери	**4.1. Жазаларды аткаруу тутумунун мекемелериндеги ички тартип жөнүндө мыйзам**	0,5	$З_1 + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0, 5 балл берилди, анткени мыйзам кыйноолорго жана зомбулукка абсолюттук түрдө тыюу салууну

8-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
мыйзам менен белгиленип, практикалык жактан камсыздалат	**жана эрежелер кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты кемсинткен мамиле же жаза түрлөрүнө абсолюттук тыюуну белгилейт**		караштырат. Ошол эле учурда болсо, реалдуулук мекемелердин кызматкерлери жана башка соттолгон адамдар тарабынан дене бойлук жана сексуалдашкан зомбулук коркунучтары бар экендигин көрсөтүп турат, муну менен катар эле көзөмөл жүргүзүү жана жөнгө салуу механизмдери жетишсиз бойдон калууда.
5. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму мекемелеринде кармоонун гумандуу шарттарын камсыз кылуунун кепилдиктери мыйзамда бекитилген жана иш тажрыйбасында камсыз кылынат. КР ЖАТ ТИ Ички күн тартибинин эрежелери	**5.1. Пенитенциардык мекемелердеги жашоо шарттары соттолгон адамдардын негизги талаптарын канааттандырат**	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени минималдуу стандарттар бар экендигине карабастан, иш тажрыйбасында болсо санитардык шарттарды, суунун жеткиликтүүлүгүн, гигиена каражаттарын жана сапаттуу тамактануунуу камсыз кылууда дээрлик укук бузуулар орун алып жаткандыгы көрүнүп турат. Өзгөчө тиешелүү деңгээлдеги багуу жана тамактануу шарттарына ээ болбогон баласы бар аялдар жана кош бойлуу аялдар жабыркашууда.
6. Эркиндигинен ажыратылган ар бир адам натыйжалуу медициналык-санитардык жардамдын	**6.1. Жазаларды аткаруу тутумундагы медициналык-санитардык шарттар коомдо бар шарттарга шайкеш келет**	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени эл аралык стандарттар КАТ (кылмыш-жаза аткаруу тутуму) бөлүгүндө эл аралык стандарттарды жарым-жартылай гана эске алат. Бирок медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгү чектелүү бойдон калууда: өзгөчө өнөкөт жана гинекологиялык оорусу бар аялдар үчүн, ошондой эле көз карандылыгы бар аялдар үчүн

8-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
жеткиликтүүлүгүнө ээ			дарыгерлердин, дары-дармектердин жана жабдуулардын жетишсиздиги сакталууда.
7. Күч, атайын каражаттар жана куралдар акыркы чара катары колдонулат, кыянаттык менен пайдалануудан кепилдиктер камсыз кылынган	**7.1. Пенитенциардык мекемелердин кызматкерлери эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата күчтү, атайын каражаттарды жана куралдарды акыркы чара катары колдонушат**	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени мыйзамда коопсуздук чараларын колдонууда аялдардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу жөнүндө жобо камтылган. Бирок иш тажрыйбасында болсо, аялдар укук бузуулар жөнүндө билдирүүдөн коркушат, формалдуу эмес (бейрамий) лидерлер тарабынан кысым көрсөтүлүүсүнөн коркушат, ал эми даттанууларды билдирүүнүн коопсуз каналдары натыйжалуу иштебейт.
Тартиптик жаза көрүү чаралары			
8. Тартиптик чара көрүү чарасы акыркы чара катары колдонулат, аны кыянаттык менен колдонууга каршы кепилдиктер менен камсыз кылынган	**8.1. Мыйзам жана ички күн тартибинин эрежелери эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата тартиптик жаза чараларын колдонуунун так аспекттерин аныктайт**	0,5	$З_{0,5} + П_{0,5} = 0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0 балл берилди, анткени мыйзамдар айыптык изоляторду кош бойлуу аялдарга жана балдары бар аялдарга карата колдонууга тыюу салат, бирок аларды жалгыз камерага отургузууга жол берет, а практикада болсо экөөнүн тең шарттары бирдей. Айыптык изолятордо кармоо тажрыйбасы Бангкок эрежелерине карама-каршы келет жана соттолгон аялдардын базалык укуктарын бузат.
Аярлуу топтор үчүн кошумча кепилдиктер			
11-индикатор. Өлкөдө эркиндигинен ажыратылган ар түрдүү топтордун өзгөчө	**11.9. ЛГБТ соттолгондор тобунун өзгөчө аярлуулугу таанылат жана агарга урмат-**	0	$З_{0} + П_{0} = 0$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0 балл берилди, анткени мыйзам дагы, укук колдонуу тажрыйбасы дагы ЛГБТ-соттолгондорду коргоонун

8-ЧӨЙРӨ. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баалоо**	**Баалоого комментарий**
муктаждыктарына көңүл бурулат	**сыйга негизделген мамиле жасалат**		атайын механизмдерин караштырбайт. Гендердик идентүүлүгүн эске албастан биологиялык жынысы боюнча жайгаштыруу басмырлоо жана зомбулук тобокелчиликтерин пайда кылат, ошол эле учурда көрсөткүчтөрдүн жоктугу натыйжалуу чараларды иштеп чыгууга тоскоолдуктарды жаратат.

КОРУТУНДУ

Бул отчет Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунда аялдардын укуктарынын сакталышынын абалына комплекстүү баа берүүнү чагылдырат, ал мыйзамдарга талдоо жүргүзүүгө, аларды колдонуу тажрыйбасына, ошондой эле мониторинг жана сурамжылоо жүргүзүүнүн көрсөткүчтөрүнө негизделген. Изилдөөнүн жүрүшүндө позитивдүү элементтер дагы аныкталды, ошондой эле эл аралык стандарттар жана мыкты тажрыйбалар менен макулдашуу көз карашынан андан ары өнүктүрүүнү талап кылган аспекттер дагы аныкталды.

Позитивдүү жетишкендиктердин арасында гумандуулук принцибин, басмырлоого тыюу салууну жана юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүн кепилдикке алган ченемдик жоболордун бар экендигин белгилесек болот. Кабыл алынган мыйзамдык ченемдер Кыргыз Республикасынын адамдын укугун коргоого багытталган, гендердик аспекттерди эске алган акыйкат сот адилеттиги тутумун бекемдөөгө умтулуусун көрсөтүп турат. Жазасын өтөөнү кийинкиге калтыруу, пробация колдонуу механизмдеринин, ошондой эле аялдарды кайра социалдаштырууга багытталган ыкмалардын бар экендигин өзгөчө баса белгилөө маанилүү.

Бул жоболордун ишке ашырылуусуна талдоо жүргүзүү тажрыйбасы, аялдардын укуктарын кепилдикке алууну күчөтүү зарылчылыгы бар бир катар багыттарды бөлүп көрсөтүүгө жол ачат. Алар тактап айтканда, кылмыш-жаза процессинин баштапкы этаптарында юридикалык жардамдын толук кандуу жана өз убагында жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу, эркиндигинен ажыратуу жайларындагы кармоо шарттарын жакшыртуу, жазасын өтөп жатышкан аялдарга укуктук жана социалдык колдоо көрсөтүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жайылтуу, ошондой эле аярлуу топтор үчүн, анын ичинде балдары ба аялдар жана соттолгон аялдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу.

Кийинкилерди камсыз кылуу боюнча андан аркы иштерди алып баруу өзгөчө көңүл бурууну талап кылат: аялдардын өз укуктары жөнүндө маалыматтуулуктарын жогорулатуу жана санитардык шарттарын жакшыртуу, медициналык тейлөө менен камсыз кылуу, ырайымсыз мамилеге жол бербөө жөнүндө колдонуудагы кепилдиктерди натыйжалуу ишке ашыруу. Ошондой эле, аярлуулук тобокелчилиги жогору топторго, анын ичинде ЛГБТ соттолгон адамдарга карата кыйла инклюзивдүү ыкмаларды иштеп чыгуу маанилүү багыт бойдон калууда.

Отчетто сунуш кылынган корутундулар жана сунуштамалар мамлекеттик органдар менен андан ары диалог жүргүзүү үчүн көпүрөчө-негиз катары, ошондой эле гендердик жактан сезимтал жана гумандуу сот адилеттигин камсыз кылуу боюнча аракеттерди күчөтүүнүн алкагында биргелешкен чечимдерди иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Биз мамлекеттик органдарга бул багытта көрүлүп жаткан аракеттер үчүн ыраазычылык билдиребиз жана изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасында адам укуктарынын кепилдиктерин бекемдөө боюнча конструктивдүү кызматташууну улантуу үчүн салым кошот деп ишенебиз.